Кирг
И
П-20

Катерин Патерсон

# Терабитияга кеткен көпүрө







**Катерин Патерсон**

# Терабитияга кеткен көпүрө

*Повесть*

Которгон *Асылгүл* ТОКТОРБАЕВА



«Турар»
Бишкек – 2016

инв. 3405
РБДЮ им. К. Баялинова
АМЕРИКА БОРБОРУ
ир 3286

УДК 821.111(73)-93

ББК 84.7

К 29

Китеп уулум Дэвид Лорд Патерсонго жана Лиза Хиллге арналып жазылды.
Китепти окуган соң ал Лизанын атын да кошуп коюуну сурангандыктан,
анын өтүнүчүн аткардым.

**Катерин Патерсон.**

К 29 **Терабитияга кеткен көпүрө:** Повесть. Котор./ *А. Токторбаева*. – Б.: Турар, 2016, – 108 б.

ISBN 978-9967-15-610-4

Ларк Крик деген аталыштагы Вашингтондон анча алыс эмес жайгашкан кыштактын 10 жашар тургуну Жесс Эронс үй түйшүктөрүнөн бошой калганда, кыялга батканды жакшы көрөт. Аларга коңшу болуп Лесли Берк аттуу өтө сезимтал, ой-жүгүртүүсү жана жан дүйнөсү өзгөчө кыз көчүп келет. Леслинин келиши менен Жесстин жашоосунда жана кыял дүйнөсүндө чоң өзгөрүүлөр болот. Булардын элестетүүсүнөн улам пайда болгон, эч ким билбеген «Терабития» өлкөсүндөгү окуялар, чыныгы достук мамилелер жана Жесстин өмүрүндөгү чоң жоготуусу окурманды бирде суктандырса, бирде кайгыга батырат.

К 4804040100-16

УДК 821.111(73)-93

ББК 84.7

ISBN 978-9967-15-610-4

© Катерин Патерсон, 2016

© Которгон А. Токторбаева, 2016

## Биринчи бөлүм

## Жесси Оливер Кенже Эронс

«Ба-рум, ба-рум, ба-рум, ба-ри-пи-ти, ба-ри-пи-ти, ба-ри-пи-ти». Жакшы. Атасы чакан жүк ташуучу унаасын от алдырып жөнөп кетти. Эми тура берсе болот. Жесси төшөктөн суурулуп чыкты да, түз эле комбинезонго сүңгүдү. Ал көйнөк жөнүндө ойлонгусу да келген жок, анткени чуркаганда абанын салкындыгына карабастан казанда сызгырылган майдан бетер ысып чыгары бышык да. Таманы да чор болуп катып, эскилиги жеткен бут кийиминин таманынан айырмасы деле жок болуп калды.

– Сен кайда, Жесс?.. – уйкусураган Мэй Белл сиңдиси Жойс Энн экөө уктап жаткан кенен керебеттен башын жогору көтөрдү.

– Чишш... – Жесс эскертүү иретинде ишарат жасады. Дубалдар өтө эле жука эле, эгерде апасын мынчалык эрте ойготуп алышса, идиштеги жемиштерге конгон чымындардын ызылдагындай эле чуу көтөрүлмөк.

Ал Мэй Беллдин башынан аста сылады да, түшүп бараткан жууркандын өйдө тартып, ээгин кымтылап:

– Уй жайыт тарапка... – деп шыбырады. Мэй Белл мыйыгынан жылмайып, жууркандын астына кирип кетти.

– Чуркайсыңбы?

– Мүмкүн.

Чынында эле ал чуркаганы бараткан. Ушул жай бою чуркоо үчүн эрте туруп келатат. Ал ушул калыбында чуркоосун уланта берсе, кудай буюрса, мектепте окуу башталганда бешинчи класстын эң эле күлүгү болоруна шек жок. Күлүктөрдүн бири же күлүктөрдүн жандоочусу болууга да болбойт, дал эң күлүктүн өзү болушу керек. Мыктылардын да мыктысы...

Ал бутунун учу менен дабыш чыгарбай басып үйдөн чыкты. Тракталар баскан сайын кыйчылдап турар эле. Жесс болсо бутунун учу менен басканда алардан угулар-угулмаксан гана дабыш чыгарын билгендиктен, дайыма апасы менен Эллини, Бренда менен Джойс Эллини да ойготпостон кылдаттык менен сыртка чыгар эле.

Мэй Белл тууралуу болсо кеп башка. Жашы жетиге келип калды, анын агасына абдан баш ийгендиги кээде пайдасын тийгизет.

Эгер сен төрт кыздын ортосундагы жалгыз эркек болсоң, өзүңдөн улуу экөөнө кийимиңди кийгиздирген курактан өтүп кеткен болсоң жана куурчак сүйрөгөн арабасына небак эле отурбай, аларга бактырбай калсаң, анан эле кичине карындашың сени кудайындай көрүп, баш ийип жатса, жаман көзүң менен карап койсоң жалоорup ыйлап атса, бир аз ыңгайсыз болсо да мунун эмнеси жаман?

Ал короодон алыстаган сайын таноосунан буу чыгып баратты, август айы үчүн бул салкыныраак эле. Түштө апасына жардам берер убак болгондо күн жетишерлик ысыйт. Ал таштандыдан жана дарбазадан секирип өтүп, уйлар оттоочу талааны көздөй чыгып бара жатканда Мисс Бесси Мей Беллдикине окшош уйкулуу коймолжуган көздөрү менен карап, мөөрөп койду.

– Эй, Мисс Бесси, жат, уктай бер – деди ал сооротумуш этип.

Жайыттын көпчүлүк жери такыр болсо да, Мисс Бессинин оозуна жегидей жашыл чөп илинип жатты.

– Ушундай, чоң кыз. Мага көңүл бөлбө, таңкы тамагың таттуу болсун!

Ал адаттагыдай эле жайыттын түндүк-батыш бурчуна барды да, куду Кенен Спорт дүйнөсү берүүсүнөн көрүп жүргөн жөө күлүктөрчө чөгөлөй отурду. «Баң!» – деп кыйкырып өзүнө өзү белги берип, жайыттын жээги менен учкан бойдон чуркап жөнөдү.

Шашпай кепшеген Мисс Бесси сүзүлгөн көздөрү менен ээрчий карап, жайыттын ортосун көздөй каалгый басты. Өтө зирек уй болбосо да, Жессиге жол бошотууга акылы жетти өңдөнөт.

Анын саман өңдүү маңдай чачы шамалга сапырылып, колдору жайылып, буттары тартаңдап зуулдап баратты. Ага туура чуркоону эч ким деле үйрөткөн эмес, болгону өзү теңдүү он жашар балдардын арасынан анын колу-буттары узун жана абдан чымыр эле.

Ларк Криктеги кенже класстарга эмнегедир көп нерсе жетишчү эмес, айрыкча спорт жабдыктары, түшкү тамактан кийинки узак танапис учурунда да топтордун бардыгы жогорку класстарда болор эле. Эгерде бешинчи класстын окуучусу топ менен оюн аянчасында пайда болсо, ал топ жарым же бир саат өтүп-өтпөй алтынчы же жетинчи класстын окуучусунун карамагында болуп калары чындык. Улуу балдар дайыма топ ойноо үчүн кургак спорт аянтынын жогорку бөлүгүнүн чок ортосун ээлеп алышат, а кыздар болсо наркы четинде жиптен секирип же дагы башка оюндарды ойношот, же болбосо топтолуп алып аркы-беркилерди сүйлөшүшөт. Ошентип, кенже класстардын балдарына аянтчанын ылдыйкы баткак жана тегиз эмес четине тизилип алышып чур-

коодон башка арга калбай калат. Чуркап кыйратпаган жалаяк ооз Эрл Уотсон: «Баң!» – деп кыйкырары менен аянттын наркы жээгиндеги сызыкты көздөй атырылып жөнөйт.

Былтыр бир жолу Жесси жеңишке жетишкен.Биринчи гана айлампаны эмес, мелдешти толук бойдон уткан. Болгону бир гана жолу. Ушул утуштан ал жеңиштин даамын таткандай болду. Биринчи класстан бери аны: «Түшүнүксүз сүрөттөрдү эле тарта берген акылсыз кичине бала» – деп шылдыңдашар эле. Ошентип, бир чыкыроон дүйшөмбү күнү, апрелдин жыйырма экисинде, эскилиги жеткен кедасынын таманынан баткак чачыраткан боюнча ал бардыгын артка таштады. Ал күнү кечке жана эртеси түшкө чейин төртүнчү гана класста экендигине карабастаӊ, «үчүнчү, төртүнчү жана бешинчи класстар арасындагы эң күлүк бала» болду. Ал эми бейшембиде кайрадан эле Уэйн Петтис биринчиликти тартып кетти. Бул жылы Уэйн Петтис алтынчы класс болот. Ал чоң балдар менен Рождествого чейин футбол, июнга чейин бейсбол ойнойт. Демек, күлүк болууга мүмкүнчүлүк бар. Мисс Бессинин оюу боюнча да быйыл Жесси Оливер Кенже Эронс эң күлүк болмокчу.

Жесс муштумдарын андан да катуураак түйүп, алдыдагы дарбазаны көздөй умтулду. Анын кулагына үчүнчү класстын балдарынын сүрөөндөрү угулуп жатты. Алар аны куду таанымал рок жылдызды коштогонсуп коштоп келе жатышты. Мей Беллдин кубанычы койнуна батпайт. Анын агасы баарынан күлүк, баарынан мыкты. Бул окуя калган биринчи класстардын окуучуларынын арасында талкуу жаратары турган иш.

Ал тургай атасы да сыймыктанат. Кайрылышка жеткенде ылдамдыгы басаңдап калса да чуркаганын токтотподу, бул машыгуу эмеспи. Кокус Мей Белл атасына айтып койсо, ал калп эле мактангандай болуп калбасын. Мүмкүн, атасы сыймыктанганынан Вашингтонго чейинки узак жолдо кандай гана чарчап барып келгендигин, кечке тытынып жер казганын унутуп калар. Ошол замат тактага жата калып, мурдагыдай уулу менен кол күрөштүрө баштайт эле да. Акыркы эки жыл ичинде уулунун кандай гана күчтүү болуп калгандыгына абышка ушундай бир сүйүнөт эле го, чиркин!

Денеси талыкшып кулагысы келип атса да, Жесс тырышып токтолбой чуркап келатты. Өзүнүн алсыз өпкөсүнө, денесине ким кожоюн экендигин далилдегиси келди.

– Жесс! – үйүлгөн таштандынын аркы жагынан Мей Беллдин кыйкырганы угулду.

– Апам сени тамак ичсин, уйларды анан саайбыз деп чакырып жатат.

О, тозоктуку десе. Кечке чуркап жүрүп алган тура. Эми баары анын эрте туруп кеткендигин билишет да, суракка ала башташат.

– Баратам – деди ал таштандыны көздөй чуркап баратып. Күүлөнгөн боюнча кашаадан ашып түшүп, Мей Беллди чекеге чертимиш болду да, «Уу-у» деген бойдон үйдү көздөй жөнөдү.

– Биздин Олимпиада жылдызын карабайсыңарбы! – деди Элли эки чыны коюу кара кофени столго күч менен коюп жатып. Кофелер катуу чайпалгандыктан төгүлүп кете жаздады. – Буту-бутуна тийбеген качырдай эле тердептир го.

Жесс маңдайына жабышкан ным чачтарын артка кайрыды да, үңкүйгөн бойдон жыгач орундукка отура кетти. Эки кашык шекерди чынысына салып, ысык кофеге оозун күйгүзүп албаш үчүн аста ууртай баштады.

– Ой, апа, мунуңуз сасып кетиптир, – Бренда мурдун чыпалагы менен аяр чымчыды. – Жуунбаса болбойт.

– Дароо сууну көздөй жөнө да, жуунуп келгин, – деп буюрду апасы казандан башын көтөрбөстөн. – Тез бол. Казандагы арпанын дандары күйүп баратат.

– Апа-а, дагыбы? – Бренда мурчуюп калды.

Ал ушунчалык чарчаган эле. Денесинде ооруксунбаган бир да жери жок.

– Апамдын айтканын уктуңбу? – деп кыйкырды Элли арт жагынан.– Чыдабай калдым апа! Жыт-пыты менен кошо бул жактан чыгып кетсинчи.

Жесс жылаңач столдун үстүнө бети менен жата кетти.

– Жес-си-ии! – апасы жанына келип карап туруп алды. – Жуунган соң көйнөгүңдү кийгиниң!

– Макул, апа.

Ал сууну көздөй сүйрөлүп жөнөдү. Бети-колуна мупмуздак суу тийгенде, ысып турган денеси ичиркенип жыйрыла түштү.

Мей Белл ашкананын босогосунда аны карап туруптур.

– Көйнөгүмдү алып келип берчи, Мей Белл.

Ал: «Жок» – деп айтканга оозун эптеп барып:

– Сен мени башка сокпошуң керек эле – деди да тил алчаактыгына салып, анын футболкасын алып келгени жөнөдү. Мей Белл ушундай жакшы кыз. Анын ордунда Жойс Энн болсо, ошол кичинекей нерсе үчүн ызы-чуу салмак. Төрт жашарлар ушинтип жанды кейитишет.

– Бүгүн жасалчу иш чачтан көп, – деди апасы арпа боткону кызыл соус менен жеп бүтүшкөн соң. Алардын апасынын жердиги Джорджиядан болгондуктан, тамакты ошол жактын салты менен бышырар эле.

– Ой, апа! – Элли менен Бренда жарыша кыйкырып жиберишти. Иш деген-де бул кыздар чегиртке карматпай кандай тез секирип кетсе, дал ошондой ойт беришчү.

– Апа, сиз Бренда экөөбүзгө Милзбургга мектепке керектүү буюмдарды сатып алуу үчүн жиберем деп убада бергенсиз.

– Барбайсыңар.Буюм алууга акча жок.

– Апа, биз жөн эле карап келеличи. Сиз бизге Рождествонун көңүлдүү болушун каалабайсызбы?

О, Кудай, ай, ушул Бренданын тултуйганы кандай гана жагымсыз.

– Эч кандай көңүлдүү нерсе болбойт окшойт. – Элли сүйлөнүп жиберди.

– Бас жаагыңды!..

– Мисс Тиммонс келип бизди алып кетмек болчу. Мен Лоллиге сизди макул болду деп койгом да. Эми ага чалып сизди кайра чечимин өзгөртүп койду деп айтуу ыңгайсыз болуп жатат.

– Болуптур, бирок менде силерге бергидей акча жок да.

«Акча жок» – деп жаңырды Жессинин кулагына.

– Билем, апа. Атам убада кылган беш долларды эле алабыз. Ашыкча деле кереги жок.

– Кайсы беш доллар?

– Унутуп калдыңызбы, апа, – Эллинин үнү эрип калган «Марс» шоколадындай эле жумшак чыкты. – Өткөн жумада атам кыздарга окууга керектүү нерселерди алабыз дебеди беле.

– Алгылачы деги! – апасы ачуулуу «бурк» этип колун мештин жогору жагындагы текчеде турган эскилиги жеткен капчыгына сунду. Бырышкан беш кагаз долларларды санап берди.

– Апа, – деп кайра баштады Бренда – дагы бирди кошуп койбойсузбу, экөөбүзгө үч-үчтөн тиет.

– Болбойт!

– Апа, эки жарым долларга эмне келет? Болгону бир кичине таңгак дептердин кагазы...

– Бере албайм!

Элли жулкунуп ордунан туруп, столдун үстүн жыйнай баштады.

– Бренда, тур сен идиш жуу – деп айтты катуу добуш менен. – Ах-х, Элли..!

Элли ага кашык шилтеп жиберди. Жессинин көзү анын көздөрүнө уруна түштү. Бренда сүйлөнгөнүн дароо токтотуп, боёлгон эриндерин кымтый калды. Апасын мынчалыкка жеткирбеши керек экендигиң билип туруп да, Элличе сабырдуулук кыла алган жок.

Адаттагыдай эле жумуштар Жессиге калды. Апасы эч качан бөбөктөрүн жардам берүүгө жиберчү эмес, бирок кээде ал бир нерсе кылып ыгын тапса, Мей Белл жардам берери анык. Ал столго кайрадан жата кетти. Эртең менен-ки чуркаганы анын шайын кетирип коюптур.

Анын кулагына Тиммонстордун эски «Бьюик» маркасындагы унаасынын атасы айткандай «май сурагандай болгон» тыркыраган дабышы жана эшиктин ары жагынан Элли менен Бренданын Тиммонстор менен сүйлөшүп жаткан кубанычтуу үндөрү угулуп жатты.

– Болду эми Жесси. Жалкоолонбой тур. Мисс Бессинин желини жер чийип калды го эмдигиче. Буурчак да теришиң керек.

Ал чынында эле жалкоо болчу. Салмактанган башын көтөрө албай столдун үстүндө дагы бир мүнөтчө жатты.

– Мына, апа, баратам.

Ал буурчак талаасында жүргөндө Мей Белл ага коңшу фермадагы кары Перкинстин үйүнө бирөөлөр көчүп келип жатышканын айтып келди. Жесс көзүнө түшкөн чачтарын артка кайрып, үтүрөйө түштү. Түшүнүктүү. Эшиктин алдында эки чиркегичтен турган чоң жүк ташуучу унаа турган. Булардын жүгү көп көрүнөт. Бирок булар ал жакта көпкө жашай алышпайт. Перкинстин үйү келемиш уялап кеткен эски үй, бул жакка башка барар жери жоктугунан эле убактылуу келип, анан бат эле кайра көчүп кетчү жер. Кийинчерээк ал бул окуянын анын жашоосунда өзгөчө орду болгондугун, ушул күнү курулай эле ийин куушурганын түшүндү.

Анын тердеген бети менен ийиндерине чымындар конуп жүдөтүштү. Чогулткан буурчактарын чакага салып, эки колдоп чапкылана баштады.

– Көйнөгүмдү берчи, Мей Белл.

Жүк ташыган машинеден да ушу чымындардыкы өтүп кетти.

Мей Белл буурчак кыркасынын аркы учуна чуркап барып, чечип таштаган жеринен анын футболкасын чымчып кармап келди.

– Оой, сасыгын, – деди ал Бренданы туурап.

– Унчукпай кал, – деди да колунан кийимди жулуп алды.

## Экинчи бөлүм

## Лесли Берк

Саат жети болсо да Бренда менен Эллиден алигиче кабар жок. Жесси буурчактын баарын терип бүтүп, атүгүл апасына аларды туздап банкаларга салганга жардам берди. Апасы дайыма ушинтип күн кайнап турганда буурчактарды туздап, банкаларга салар эле, ал учурда ашкана кайнак суунун буусунан улам ысык тозоктун отундай эле болуп калчу. Анын ачууланганы тарабай, Жессиге кечке кыйкырына бергендиктен, иш бүткөндө чарчаганынан улам кечки тамакты даярдоого да шайы келбей калды. Жесс кичине кыздарга жана өзүнө жер жаңгактын майы менен сендвич жасады да, ашкананын ысыгынан качып, сырттан жегени кыздарды эшикке алып чыкты.

Баягы жүк ташуучу унаа Перкинстердин эшигинин алдында дагы эле турган экен. Сыртта жүргөн эч ким көрүнбөйт, демек, жүктөрүн ташып бүтүшкөн окшойт.

– Алардын мени менен ойногудай алты же жети жашар кызы болсо жакшы болот эле, – деди Мей Белл.

– Сени менен ойногонго Жойс Энн бар го.

– И-ий, аны менен кантип ойнойсуң? Өтө эле кичинекей да.

Жойс Энндин эриндери чормоё түшүп, титиреп кеткендигин экөө тең байкашты. Анын быртыйган кичинекей денеси калчылдап барып, араң тургансып бакырып ыйлап жиберди.

– Баланы кимиси ыйлатып жатат? – Эшиктин ары жагынан апасынын кыйкырганы угулду.

Жесси үшкүрүп жеп жаткан сендвичинин калганын аңгырап аткан Жойс Энндин оозуна такады. Кыздын көздөрү жайнап, күтүлбөгөн белекти коё бербеш үчүн оозун дагы чоңураак ачып тиштеп алды. Эми кулак-мээ эс алат болуш керек.

Жесс акырын сырткы эшикти жаап, ашканада термелип телевизор көрүп аткан апасына байкалбай эки кичинекей кыз менен өзү уктоочу бөлмөгө кирди да, матрацынын алдынан карандаш менен кагазын алып чыкты. Көмкөрөсүнөн түшүп сүрөт тартууга киришти.

Ал виски ичип жаткан кишилерди тартты. Мээси кадимкидей сергип, ырахаттанып, чарчаган денеси жибий баштады. Ага сүрөт тарткан ушундай жагар эле. Айрыкча, жаныбарларды. Мисс Бессиге же жөжөлөргө окшогон кадимки жаныбарлар эмес, кандайдыр бир кемчиликтери же ашыкча дене мүчөлөрү

бар коркунучтуу жаныбарларды ойго келбегендей кызыктуу кылып тарткысы келчү. А бул болсо жардан ылдый деңизди көздөй күү менен тоголонуп кулап бараткан гиппопотам, а ылдыйда болсо суудан баштарын чыгарып көздөрүн тостойтуп таң кала караган балыктар. Гиппопотамдын башы ылдый, ал эми куйругу өйдө караган, куйругунун артында: «Ой, мен көз айнегимди унутуп калган турбаймынбы» деген жазуусу бар шар тоголонуп келатат.

Жесси жылмайып койду. Эгер ал бул сүрөттү Мей Беллге көрсөтүп, андагы тамашанын маанисин түшүндүрүп берсе, ал теледеги кол чапкан көрүүчүлөрдөн бетер жыргап каткырат. Сүрөттөрүн атасына деле көрсөткүсү келет, бирок даабайт. Анткени биринчи класс кезинде атасына чоңойгондо сүрөтчү болгусу келерин айткан болчу. Ал атасы буга сүйүнөт деп күткөн, тилекке каршы, атасы кубангандын ордуна: «Шайтан алгыр, ушул мектепте эмнелерди үйрөтүп жатышкан?» – деп нааразы болгон. «Карыган катындар топтолуп алып, менин жалгыз уулумду …» – ушул жерден ал токтоп калды, бирок Жесс атасынын айтайын деген оюн түшүндү. Арадан төрт жыл өтсө да бул окуя унутулбай келет. Баарынан да жаманы, анын мугалимдеринин бирөө да бул сүрөттөрдү жактырышпайт. Ал тургай, алар анын сүрөт тартып жатканын көрүп калышса: «Сага корогон кайран гана убакыт, кайран гана кагаздар жана аракет» – деп сүйлөнүшө турган. Жалгыз гана музыка мугалими Мисс Эдмундс антчү эмес. Мисс Эдмундс Жесстин эч нерсесин жашырбай бөлүшө турган мугалими эле, бирок ал мектепке келгенине бир гана жыл болду, анан калса сабакка жума күндөрү гана келет.

Мисс Эдмундс Жесстин башкаларга айта албаган жашыруун сыры эле. Ал аны сүйө турган. Элли менен Бренда телефондо шыңкылдап сүйлөшкөндөй сүйүү эмес, бул айтканга жана ойлонгонго өтө терең, чыныгы сүйүү болчу. Анын чачтары упузун жана капкара эле. Ал гитарада чыныгы сахна жылдызындай эле ойноп, жагымдуу жумшак үнү менен ырдаганда Жесс эрип кете жаздачу. Эх, ал ушунчалык жакшынакай эле. Анан ал дагы Жессти жакшы көрчү.

Былтыр кышында Жесс ага өзү тарткан бир сүрөтүн берген эле. Ал сабактан кийин сүрөттү колуна кармаган бойдон жүгүрүп кеткен. Кийинки жумада ал Жессти сабактан кийин бир аз убакытка калуусун суранып, ага «өзгөчө таланттуу» экендигин жана «эч нерсеге алаксыбай, ушул маанайда уланта берүүсүн» өтүнгөн эле. Ошондон улам Жесс ал мугалим аны эң мыкты деп ишенерин билет. Мектепте же үйдө балдарга карата колдонулуучу «мыкты» эмес, талантка, генийликке карата «мыкты» деген түшүнүк. Ал бул билимин өзүнүн ичинде пираттардын кенчинен бетер сыр кылып катып жүрөр эле. Мунусу менен ал өзүн абдан бай сезчү, бирок бул байлыкты анын досу Жулиа Эдмундстан башка бирөө билүүгө тийиш эмес деп эсептечү.

«Өтө эле ачык кийинет окшойт, хиппи го» – деген апасы өткөн жылы жетинчи класста окуп жаткан Бренда ал эжейин сүрөттөп айтып келгенде. Мум-

күн, чын эле ошондойдур. Жесс ага деле каршы эмес эле, ал үчүн ал баары бир мектептин кир, эски кампасына бир аз убакытка капысынан камалып калган кооз, жапайы бир куштай сезилет. Ал аны бир күнү учуп кетпесе экен деп тиленип, үмүт кылат. Ал жуманын тажатма күндөрүнө чыдап, жума күндүн экинчи жарымын, Мисс Эдмундс менен мугалимдер бөлмөсүнүн эскирген килеминин үстүндө (Мисс Эдмундстун буюмдарын коёрго башка жер жок эле) «Менин кооз жел тобум», «Бул жер – сенин жериң», «Сен жана мен эркинбиз», «Шамалга желбиреп» деген ырларды жана мектеп мүдүрү Мистер Тёрнердин суроосу боюнча «Кудайым Американы колдосун!» деген ырды ырдап отурган күндү чыдамсыздык менен күтөр эле.

Мисс Эдмундс гитарада ойноп, балдарды кезек менен үч бурчтуу аспапта, цимбалада, жез табакта жана бонго барабанында ойното турган. Ушундай чуру-чуу! Бардык мугалимдер жума күндү жек көрүшчү. Кээ бир окуучулар да аларды туурап жактырбамыш болуп калышчу.

Жесс болсо алардын жасалмалуулугун билчү. Бир туруп «хиппи», Вьетнам согушу небак эле бүткөнүнө карабай бир туруп: «Тынчтыктын жактоочусу» – деп, алар Мисс Эдмундстун боёксуз эриндерине жана джинсысынын тиликтерине тийишип шылдыңдашчу. Ал Ларк Крик башталгыч мектебиндеги мугалимдердин арасында шым кийген жалгыз аял мугалим болчу да. Мындай көрүнүш Вашингтондо жана анын айланасындагы айылдарда, же болбосо Мильсбургда эч кандай талкуу жаратмак эмес, ал эми Ларк Крик болсо, заманбап нерселерден артта калган жер болчу. Бул жерликтер теледен көрсөткөн кызык нерселер башка жерлерде кадимкидей эле көрүнүш экендигин кабыл алуусу үчүн убакыт керек.

Ошентип, Ларк Крик башталгыч мектебиндеги окуучулар жума күндөрү мугалимдер бөлмөсүнөн бери көздөй чубаган окуучулардын көңүлдүү музыкасын жүрөктөрү толкуп угушчу, андан соң өздөрүнүн кезеги келгенде жарым саат бою ошол Мисс Эдмундстун сулуулугуна суктанып, таасирине термелип сабак өткөн соң, эч нерсе болбогонсуп, бул тар джинсычан жана бетин боёп, бирок эриндерин боёбогон хиппи бизди кызыктырбайт дегендей жасалма түр көрсөтүшүп, үйлөрүнө жөнөшчү.

Бардыгын билип турса да Жесси кимге эмне деп айта алат эле. Бир нерсе деген күндө да ал Мисс Эдмундсту мындай калыстыгы жок, ашыкча сындоолордон коргой алмак эмес. Анын үстүнө, Мисс Эдмундс мындай мамилелерден жогору турары чын да. Мындай пастыктарга ал көңүл да буруп койчу эмес. Ал мүмкүн болушунча жума күнкү сабак учурунда Мисс Эдмундска бир нече мүнөт болсо да жанаша туруп, анын «тыпырайган бала» экендигин кайталап айткан коңгуроодой шыңгыр үнүн угууга аракет кылчу.

«Биз Мисс Эдмундс экөөбүз окшошпуз» – деп айтаар эле Жесс өзүнө. Сулуу Жулия. Анын башында ойлор муун-муун болуп тизилип, гитаранын кылдарына окшоп чертиле баштады. Жулия жана мен… Биз Ларк Крикке таандык эмеспиз.

– Сен макалда айтылгандай, иштетилбеген алмазга окшошсуң, – деген эле ал бир жолу Жесстин мурдуна электр тогу ургандай денесин титиретип сөөмөйүнүн учун тийгизип. Бирок Жесстин ою боюнча ушундай баткак, такырайган жана кир кирпичтүү бул чөйрөнүн алмазы Жулия өзү болчу.

– Жес-сии!

Жесс блокноту менен карандашын матрацтын алдына бастыра салып, уктамыш болуп жуурканын чүмкөнүп жатып калды.

– Эмдигиче уйду саай элексиңби? – апасы эшиктин алдында туруптур.

Атып турду да:

– Азыр сааганы жаткам, – деген бойдон апасын буйтап өтүп, суу түтүктүн жанынан чаканы, эшиктин аркасынан отургучту алып, апасы буга чейин эмне кылып жатканын сурап үлгүргүчө чыгып кетти.

Карыган Перкинстердин үйүнүн үч кабатында тең жарыктар күйүп туруптур. Караңгы кирип калган эле.

Мисс Бессинин желини небак эле толуп, кыйналып калган экен. Ал байкуш эки саат мурун эле саалыш керек болчу да. Отургучка отуруп саай баштады, жыпжылуу сүт чаканын түбүн кылдыратып агып түшүп жатты. Төмөнкү жол жакта кадимки чоң машина жарыгын күйгүзүп алып өтүп баратты.

- Атасынын келчү маалы деле болуп калды. Апасы экөөнө иштин баарын таштап «жылт» койгон жанагы эки митаам кыз да жыргап эс алып эми келип калышат. Кызык, алар жанагы акчаларга эмнелерди сатып алышты болду экен? Чындыгында, ал сүрөт тарта турган альбом менен боёктору өзү эле кагазга куюлган фломастерлер үчүн баарын кылууга даяр эле. Сынып калганча күчтөнүп басып алып тартмайынча жукпаган крайондордой болбой эле койсун.

Баягы автоунаа булар тарапка бурулду. Бул Тиммонстордуку эле. Кыздар атасынан эрте жетип келишти го. Көңүлдүү сүйлөшкөн жана каткырган үндөргө кошулуп, эшиктердин жабылган дабыштары угулуп жатты. Апасы эчак тамак даярдап койгон болуш керек, эми Жесс чакасын көтөрүп үйгө киргенде бардыгы жыргап, шаракташып жаткан болушат. Апасы бая эле жинденип жатканын жана катуу чарчаганын да унутуп калгандай. Анын кыйкырыгына күнү бою Жесс өзү жалгыз туруштук берди го. Кээде ал өзүн ушунча ургаачынын арасында өтө эле жалгыз сезип кетет. Жада калса, жалгыз короз да өлүп кал-

ган, анын ордуна башканы алыша элек. Атасы ишке таң сүргөндө кетип, түн киргенде араң келет. Анын күнү бою акыбалы кандай болуп жаткандыгы туу-ралуу кимиси ойлонот дейсиз? Эч болбосо, дем алыш күндөрү жыргашсачы. Бир жума бою буларды багам деп тытынып иштеген атасы чарчап, үйдө жу-муш жок болсо телевизордун маңдайында уктап калат.

– Э-эй, Жесси, – баягы эле тажаткан Мей Белл, жада калса өз алдынча ой-лонгонго да мүмкүнчүлүк бербейт.

– Дагы эмне болуп кетти?

– Сага бирдеме айтайын дегем, – ал бужүрөп мукактанып калды.

– Эмгиче жатпай жүрөсүңбү? – жинденген үн менен айтып алып, кайра ичинен анысына өкүнүп турду.

– Элли менен Бренда келишти.

– Келишти. Келишти, анан? – эмнеге бул кызга кыжырданып атканын өзү деле түшүнгөн жок, бирок айта турган жаңылыгы кызык болуп жаткандыктан, андан аркысын уккусу келип жатты.

– Элли ичинен баары көрүнгөн кофта сатып алыптыр, апам жемелеп жатат.

«Ырас болуптур» – деди ичинен.

– Мунун мага эмнеси кызык? – деди ал.

Барипити-барипити-барипити.

– Атаке-ее! – Мей Белл кубанычтуу кыйкырып, жолду көздөй чуркап жө-нөдү. Жесс атасы унаасын токтотуп, эңкейип Мей Беллге эшикти ачып берип жатканын көрүп, карап туралбай бурулуп кетти. Кыз кандай бактылуу. Ал ата-сынын аркасынан чуркап алса да болот, кучактап өпсө да болот. Атасы кичи-некей бөбөктөрүн мойнуна мингизип, кучактап эркелетип жаткандарын көр-гөндө ичи ачышып кетер эле. Ага ал өзү төрөлгөн күндөн тартып эле эч ким эркелетпей чоң баладай мамиле кылып калышкандай сезиле берчү.

Ал чакасын толтура саады да, «бара берсең болот» дегенсип Мисс Бессини жонго таптап койду. Отургучун сол колтугуна кысып, мелт-калт болгон чаканы кокус сүттү төгүп албаш үчүн абайлап көтөрүп келатты.

– Уйду кечигип саагансың го ээ, уулум? – бул кечте атасы ага болгону ушул сөздү айтты.

Эртеси эртең менен унаанын от алган үнү аны ордунан козгой албады. То-лук ойгоно албай жатып да ал денеси дагы эле чарчап турганын сезди. Бет маңдайындагы керебеттен Мей Белл жаагын таянып жатып алып тийишип жатты:

– Бүгүн чуркабайсыңбы?

– Жок, бүгүн учсамбы деп жатам, – деп жооп берди ал жуурканын чүмкөнүп жатып.

Күндөгүдөн ашыкча чарчаган ал өзүн күчкө салууга туура келди. Уэйн Петтис алдыда баратканын, аны кууп жетиш керек экендигин элестетип жатты. Буттары тегиз эмес жерде күчтөнүп шилтенип, колдору тарбаңдап абаны жиреп кетип баратты. «Шашпагын, Уэйн Петтис», – деди ал тиштенип, – азыр эле жетем сага, мени утуп кетем деп ойлобо!»

– Уйдан ушунча корксоң, кашааны минип албайсыңбы? – деген үн чыкты.

Ал теледеги токтотулган кадрдай болуп, абада кыймылсыз катый түшкөнсүдү да тең салмактуулугун жоготуп барып, артка бурулуп, жыңайлак күнгө күйгөн буттарын салаңдатып карыган Перкинстин кашаасында отурган суроо берген немени карады. Анын чачтары күрөң жана кыска экен, үстүндө болсо көк түстөгү майка, тизеден өйдө кесилген джинсы. Анын кыз же эркек экендигин айырмалай албады.

– Салам, биз тигил жакка жаңы эле көчүп келдик – деди ал башы менен Перкинстин үйү жагын жаңдап.

Жесс турган жеринде жалдырап катып калды.

Тигил неме кашаадан шыпырылып түшүп, аны көздөй басып келатты.

– Биз достошуп алсак болчудай, тегеректе башка эч ким жашабайт турбайбы, – деди ал.

«Кыз, даана эле кыз» – деп ойлоду Жесс, бирок эмне үчүн ишенимдүү түрдө кыз деп жатканын өзү деле билген жок.

«Бойлорубуз тең экен» – деп ичинен ойлонду Жесс ал жакындап келгенде.

– Менин атым – Лесли Берк.

Карасаң, жада калса аты кызга да, эркекке да ылайык экен.Эмнеси болсо да, кыз деген божомолу туура чыкты.

– Сага эмне болду?

– А?

– Бир нерсе болдубу?

– Жо-жок. Эч нерсе деле болгон жок, – ал бармагы менен өзүнүн үйү тарапты көрсөтүп, чекесине түшкөн чачын капталга кайрыды.



– Жесс Эронс.

Мей Белл тиленип жаткан кыз андан улуу болуп чыга келгени өкүнүчтүү болуп калды.

– Жакшы, жакшы – ал башын ийкеп, дагы көрүшөбүз,– деп үйү жакка бурулду. Бүгүн чуркаганга деле болбой калды окшойт. Мисс Бессини да саап, коё бериш керек.

– Эй!– Лесли эңкейип, эки колу менен сандарын таянып, жайыттын ортосунда турган болчу. – Сен кеттиңби?

– Аткара турган ишим бар – деди аркасына кылчайбай туруп. Ал чакасы менен отургучун алып чыкканча тиги кыз кетип калыптыр.

## Үчүнчү бөлүм

## Бешинчи класстын эң күлүк окуучусу

Жесс Леслини алыстан гана көргөнү болбосо, окуу башталгыча кезиккен жок. Кийинки шейшембиде Мистер Тёрнер Леслини Ларк Крик башталгыч мектебинин Миссис Миерс жетектеген бешинчи классына алып келди. Ал баягы эле тизесинен кесилген джинсысын, көк майкасын жана байпак кийбестен коңултак эле кеда кийип алыптыр. Класстагылар мындай көрүнүшкө таң калганынан ысып кеткен радиаторду ачканда андан күч менен атылып чыккан буудай эле дуулдап кетишти. Алардын бардыгы бүгүн жакшынакай кийинип келишкен эле. Жесс да баркыт шымы менен көйнөгүн кычырата үтүктөп кийип келген болчу.

Класстын мамилеси Леслини эч кандай ыңгайсыз абалда калтыра алган жок. Ал камырабай оозун ачкан балдардын маңдайында ойноктогон көздөрү менен «Мына мен, көрүп алгыла» дегенсип, Миссис Миерс ага орундук уюштурууну ойлонгуча туруп турду.

Бул класстык бөлмө төмөнкү кабатта жайгашып кичинекей болгондуктан, беш катар коюлган алты парта кеңири жайгашкан болчу.

– Отуз бир – деп кобуранды Миссис Миерс кабатташкан ээгин былкылдатып, – отуз бир, башка класстарда жыйырма тогуздан ашпайт.

Акыры ал партаны алдыңкы катардын дубал тарабына коюуну чечти.

– Азырынча ушундай турсун ээ, Лесли, колубуздан келгени ушул. Бул бөлмөдө бала көп болуп жатпайбы.

Ал башын ийкеп, «туура» дегенсиген Мистер Тёрнерди карап койду.

Лесли жетинчи класстын окуучусу жогорку этаждан оюла жазылган чиймелери бар партаны алып түшүп, биринчи терезе туштагы жылыткычка такап коюп бергенчекти унчукпай күтүп турду. Ал жылыткычка жабыштыра коюлган партаны акырын бери тартты да, ыңгайлашып отура кетти. Андан кийин гана артка бурулуп, бир сыйра класстагыларды көзү менен сыдырып карап алды.

Класстагы отуз баланын баарынын көздөрү парталардагы оюлуп жазылган сөздөргө кадалды. Жесс өзүнүн партасындагы тартылган жүрөктү сөөмөйү менен сыдырды, ортосундагы БР+СК деген жазууну: «Кимдер болуп кетти?» – деп чечмелөөгө аракеттенип жатты. Мураска калган парта кимдики болду экен? Салли Кохтуку окшойт. Бешинчи класста балдарга караганда кыздар көбүнчө жүрөк тартышат эмеспи. Анан калса, БР дегени Билли Рад болушу мүмкүн. Бирок ал былтыркы жазда Мирна Хаусердин аркасынан жүгүрүп жүргөн болсо керек эле. Албетте, бул жазуулар андан да эски болуп калышы мүмкүн. Эмнеси болсо да…..

– Жесси Эронс, Бобби Грегс экөөңөр арифметика китептерин таратып чыкылачы, – деди Миссис Миерс өзүнүн лакап болуп калган жылмаюусун көрсөтүп.

Жогорку класстын окуучулары Миссис Миерс окуу башталган алгачкы күнү жана окуу аяктаган күнү гана жылмаят деп айтышар эле.

Жесс ордунан араң козголуп, туруп жөнөдү. Леслинин партасынын жанына жеткенде кыз жылмайып, колун билинер-билинбес булгалап койду. Жесси башын ийкеди. Чынында, кызга боору ооруп жаткан. Окуунун биринчи күнү, бул мектепке жаңы эле келип жатсаң, ушундай күлкүмүштүү кийинип алганың аз келгенсип, алдыңкы партага отуруп калганың уят эле болуш керек. Же эч кимисин таанybacaң.

Ал китептерди шакылдатып парталарга таратып коюп жатты. Гарри Фулчер ал жанынан өтө бергенде чыканактан тартты.

– Бүгүн жарышасыңбы?

Жесс башын ийкеди. «Мадыра баш десе. Мени жеңем деп ойлоп алган го». Ушинтип ойлогондо ичи уйгу-туйгу болуп кетти. Ал азыр өзүнүн өткөн жазга караганда мыкты даярдыкта экендигине ишенимдүү эле. Уэйн Петтис алтынчы класска көчкөн соң, Фулчер өзүн күлүк сезип алган окшойт, муну бир аз таң калтырып койбосо болбойт. Чегиртке жутуп алгансып, чыдамы кетип баратты.

Миссис Миерс китеп таратуу процессин Кошмо Штаттардын президентинен бетер маанисиз бир узак шаан-шөкөткө айландырып жибергенсиди. Анын бул кылыгы каникулдун бат бүтүп калганына кейип, сабакка араң эле келгендей сезилди Жесске. Китептерди таратып бүткөн соң ал партасына отуруп, деп-

инв 3405
РБДЮ им. К. Баялинова
АМЕРИКА БОРБОРУ

тердин бир барагына сүрөт тартып кирди. Ал жалаң өзү тарткан сүрөттөрдөн турган аңгеме китепче түзүүнү ойлонуп жүргөн эле. Бир нече жаныбарлардын сүрөттөрүн чиймеледи да, аларга кандай ат коюуну ойлоно баштады. Сүрөткө жакшы тема коюп алса, калганы жеңил кетет эле. «Сыйкырчы Гиппо». Жалпысынан окшошконсуйт. «Херби – сыйкырчы гиппо». Андан да жакшыраак. «Бүкүр крокодилдин окуясы». Жаман эмес.

– Эмнени эле тартып жатасың? – Гарри Фулчер анын партасына келип үңүлдү.

– Эч нерсе, – деди Жесс баракты колу менен жаба калып.

– Ушинтпей эле көрсөтсөң эми.

Жесс башын чайкады.

Гарри эңкейип, анын колунун алдынан барагын сууруп чыгууга аракеттенди.

– Бүкүр кроко… ушинтпечи… – деп чыйкылдап шыбырады. – Эч нерсе деле кылбайм анынды – деп жатып Жесстин колунун бармагынан катуу тартты.

Жесс эки колу менен тең кагазды бекем басып, бут кийиминин такасы менен Гарри Фулчердин бутунун учун кычырата басып алды.

– О-ой!

– Ай, балдар! – Миссис Миерстин жүзүндөгү лимон тортунда тартылгандай болгон жылмаюусу жоголуп кетти.

– Бутумду тебелеп салды.

– Ордуңа жөнө, Гарри.

– Мобу неме бутумду…

– Отур дебедимби!

– Жесси Эронс, эми бир үнүң чыкса, танаписте сыртка чыкпай, сөздүк көчүргөн бойдон ошол ордуңдан жылбай каласың, уктуңбу?

Жесс уятынан кызарып чыкты. Барагын партанын астына салып жиберди да, башын шылкыйткан бойдон отурду. Муну эми бир жыл унутушпайт. Мүмкүн, дагы сегиз жыл айтышсачы? Кантип кана чыдаар экен?

Балдар түшкү тамактарын ордуларында жеп жатышты.

Жергиликтүү бийлик Ларк Крикке: «Ашкана куруп беребиз» – деп жыйырма жылдан бери айтып келатат, бирок акча маселесин чече албай жатышкандай.

Жесс дем алуу убактысын пайдалана албай калуудан коркуп, сыр кошулган сендвичин эриндерин кымтыган бойдон акырын жеп жатып да, партасында тартылган жүрөк менен баш тамгалардан көзүн албайт. Тегеректегилер ызылдап сүйлөшүп жатышты. Негизи тамактануу учурунда сүйлөшүүгө болбойт, бирок бүгүн мектептин биринчи күнү болгондуктан, жада калса, жалаяк ооз мугалими Миерс дагы бир нерселерди божурап жатты.

– Тиги ботко жеп жатат окшойт, – деди Жесстен эки орундук артта отурган бешинчи класстын тажаалдык боюнча экинчи орундагы кызы Мери Лоу Пиплз жөн отура албай.

– Жинди, аны йогурт деп коёт. Сен телевизор көрөсүңбү деги? – деп кыйынсынды Жесстин так маңдайында отурган класстын эң тажаалы Уанда Кей Мур.

– Көрбөгөндөчү.

О, кудай, булар эмне бирөөгө тийишмейинче тура алышпайбы? Эмне үчүн Лесли Берк өзүнө жаккан тамагын жебеш керек?

Ал абайлап дабышсыз жеп жатканын унутуп калды окшойт, сүттү шуркуратып жутуп алды.

Уанда Мур бетин тырыштырып артка бурулду:

– Жесси Эронс. Бул эмне деген жагымсыз дабыш?

Жесси аны теше тиктеди да, дагы катуураак шуркуратты.

– Жүрөктү айлантасың го.

«Чрр-рр-рр!»

Эс алууга коңгуроо кагылды. Балдар шаша-буша эшикти көздөй жөнөштү.

– Эркек балдар отура тургула, кыздар тизилип аянтчага чыга беришсин, кыздарды биринчи коё беребиз.

Балдар отургучтардын четинде, куурчакчасынан чыгалбай жаткан көпөлөктүн личинкаларындай тырпыраган бойдон кала беришти. Деги коё берсе экен!

– Жакшы, эми... – деп сөзүнүн аягына чыга электе эле, балдардын бир тобу жарым жолго жетип калышкан болчу. Кызы, эжекеси кайра ойлонуп кетпесин деп чочулашты окшойт.

Биринчи жеткен экөө финиш чийинин буттарынын учтары менен белгилей башташты. Жаандан эзилип калган баткак жер жайкы кургакчылыктан улам катып калгандыктан, буттары менен сызык чийүү ишке ашпасына көздөрү жеткен соң чийинди таяк менен чийүүгө туура келди.

Өздөрүн чоң сезген бешинчи класстагылар аларга билинбей аралашып кетүүгө далалаттанып жаткан төртүнчү класстагыларды ары тур-бери турга алып жатышты.

– Кана, силерден канчооңор чуркайсыңар? – Гарри Фулчер талап койду.

– Мен, мен, мен..... – баары чурулдап жатышты.

– Өтө эле көп экенсиңер. Бир тууган Батчерлер жана Тимми Воундан башка биринчи, экинчи, үчүнчү класстан эч ким чуркабайт. Караандай албай жолдо каласыңар!..

Балдардын ындыны өчүп калды, бирок тигилерден кичүү болгондон кийин баш ийүүдөн башка арга жок эле.

– Жакшы анда.Калгандарыңар тизилдиңерби? Жыйырма алты, жыйырма жети, жыйырма сегиз.Сеники да ушундай чыктыбы, Грег? – өзүнүн көлөкөсүндөй болуп артынан калбаган Грег Уилиямстан сурады Фулчер.

– Туптуура. Жыйырма сегиз.

– Анда азыр адаттагыдай эле тандоо турун өткөрөбүз. Бирден төрткө чейин санайбыз. Адегенде бирлер чуркайт, андан кийин экилер...

– Билебиз, билебиз! – деп Уэйн Петтисти туурап жаткан Гарринин сөзүн бөлүп чыдамы кеткен немелер чурулдап жиберишти.

Жесс өзү каалагандай төртүнчү болду. Ал абдан чуркагысы келип турса да, башкалар былтыркы жаздан бери кандай чуркап калышкандарын көргүсү келди. Албетте, санакты баштаган Фулчер болгондуктан ал биринчи топ менен чуркамай болду. Жесс Фулчердин артынан мыскылдуу жылмайып, эки колун шымынын чөнтөгүнө салып, тешигинен сөөмөйүн чыгарды.

Гарри биринчи айлампаны оңой эле жеңип чыкты да, эч кыйналбастан экинчи айлампаны уюштурууга жетишти.

Кичирээк балдардын бир тобу аянттын жогорку четиндеги дөңчөгө «Тоонун падышасы» оюнун ойноого кетишкен болчу. Көзүнүн кыйыгы менен ошол жогору жактан Жесс кимдир бирөө булар тарапты көздөй келатканын көрдү. Ал бери бурулуп, Фулчердин буйрук берген чарылдаган үнүн күтүп жаткандай тура берди.

– Салам, – деп учурашып, Лесли Берк анын катарына келип туруп калды.

Ал кызга орун бошотуп, бир аз капталга жылды.

– Сен чуркабайсыңбы?

– Кечирээк.

Мүмкүн, ал кызга көңүл бурбай койгондо, ал кайра жогорку дөңчөгө кайтып кетмек.

Гарри Эрл Уотсонго баштоого белги берүүнү буюрду. Жесс карап турду. Бул топтон кыйратып деле жүгүргөндөр болбоду. Ал көйнөктөрдүн делбиреген этектеринен көзүн албай аркасынан карап тура берди. Финишке жеткенде Жимми Митчел менен Клайд Делдин ортосунда уруш чыгып кетти. Бардыгы алар тарапка жөнөштү. Жесс Лесли Беркtин ага чыканакташ өтө жакын турганын сезип жатса да, аны карап албоого аракеттенди.

– Клайд! – Гарри жарыя кылып жатты.– Клайд жеңип чыкты.

– Фулчер, экөө тең болуп чыкты. Мен так ошол туушта туруп көрдүм– деп каршы болду төртүнчү класстын окуучусу.

– Клайд Дел.

– Мен биринчи келдим, Фулчер. Сен алыстан көргөн жоксуң да, – деп Жимми Митчел жаагын жанып жатты.

– Дел чыкты, – деп Гарри баарын жокко чыгарды. – Убакыт өтүп жатат. Кана, эмесе, үчтөр тизиле калгыла. Тез!

– Калыс эмес болуп калды, Фулчер...

Жимми муштумун көтөрдү.

Гарри тетири бурулуп, старттык чийинге келатты.

– Акыркы айлампада экөө тең чуркай бербейби. Эмне болмок эле – деп, Жесс үнүн катуу чыгарды. Гарри токтоп калды да, бурулуп аны карады. Адегенде Жессти, андан кийин Лесли Беркти теше тиктеп шылдыңдуу үн менен мындай деди:

– Дагы эмне? Мүмкүн, кыздар да чуркасын деп жүрбө, ия?

Жесс жинденгенден кызарып чыкты.

– Албетте, ошентем. Эмне үчүн болбосун? – деп жооп берди ал токтолбостон. Ошол замат Леслиге кайрылып:

– Чуркайсыңбы? – деди.

– Албетте. Эмнеге болбосун? – кыз жылмайды.

– Кызды жарышка коё бергенден коркуп жаткан жоксуңбу, Фулчер?

Ушул учурда ал Гарриден муштум жеп калбайын деп жыйрыла түштү. Бирок корккону билдирбеши керек. Гарри ага көңүл бургандын ордуна, үчүнчү топтун жарышын баштоо үчүн жүгүрүп кетти.



– Лесли, сен төрттөр менен жүгүрөсүң – атайын Фулчер тигилердин жарышы башталып кете электе угуп калсын деп катуу үн менен айтты. «Көрдүңбү? – деди ал өзүнө өзү, – сен деле Фулчерге тең ата болууга жарайт турбайсыңбы...»

Үчтөрдүн ичинен Бобби Миллер утуп чыкты. Ал төртүнчү класстардын мыктысы эле. Тездиги Фулчердей эле бар. Бирок баары бир мага жетпейт деп ойлоду Жесс. Эми ал чындап толкундана баштады.

Төрттөрдүн арасында буга атаандаша турганы деле жок. Бул ага Фулчерди бир аз чочутуп коюуга шарт түзмөкчү.

Лесли ага катар тизилди. Анын бир аз солго жылгандыгын кыз деле сезбегендей.

Белги берилери менен Жесс атырылып жөнөдү. Тегиз эмес жердин үстүндө эски кедасы ушундай жеңил серпилип, абдан жакшы баратты. Мындай өсүшкө таң калган Гарри Фулчердин абалын да сезип жатты. Башкаларга караганда булардын тобуна кыйкырык-сүрөөндөр катуу болуп жаткандай. Алар деле даярдыктын деңгээлин байкап турушат да. Ал артына кылчайып, башкалардын кайда келаткандыгын карагысы келди, бирок өзүн карманды. Кыйынсынгандай көрүнүшү мүмкүн да. Уламдан-улам жакындап келаткан алдыдагы чийинден көзүн албай келатты. «О, Мисс Бесси, ушуга өзүң күбө болсоң кандай сонун болор эле».

Аркасында бирөө жакындап келаткандай сезилди. Дагы күчүркөндү. Тигил неме жанаша түштү да, капыстан эле алдыга озуп кетти. Колунан келишинче күчтөндү, деми кысылып, көзүнүн ичинен бери тердеп чыкты. Алдыдагы караан ким экендигин дааналап көргөнчө, кесик джинсычан буттар дээрлик үч кадам мурда финишке жетип, ары аттап кетти.

Күнгө тотуккан жүзүндөгү жылмаюу менен Лесли аны тике карады. Ал жалдыраган боюнча, кеп-сөзгө жарабастан же басканы, же чуркаганы билинбей баштапкы чийинди карай кетип баратты. Бүгүнкү күн анын төртүнчү, бешинчи класстардын арасында чемпион боло турган күнү эмес беле! Эми минтип, жада калса, өз айлампасын да ута албай калды. Талаанын эки тарабында тең эч кандай сүрөгөн үндөр угулбайт. Башка балдардын бардыгы андан беш бетер эстерин жыя албай калышкан окшойт. Эми сөзсүз шылдыңдоолор башталат, азырынча унчуга албай турушат, бир аздан соң башташарын сезип жатты.

– Болду эми, – Фулчер акыбалды кайрадан колго алды. – Кана эми, балдар, жыйынтыктоочу айлампага тизилебиз. – Ал эми сен, – деп Леслиге кайрылды:

– Көңүл ачууң бүтсө, барып секирмегиңди ойной бер.

– Мен айлампаны жеңип чыктым го.

Гарри аны сүзүп ийчү букача карады:

– Бул жакта кыздар ойногонго болбойт. Мугалимдердин бирөө жарымы сени көрүп калгыча кетип калгының деп жатам.

– А менин чуркагым келип жатпайбы – деди кыз акырын гана.

– Чуркап бүтпөдүңбү?

– Эмне эле болуп жатасың, Фулчер? – Жесстин жини кайнап чыкты. Токтоно алчудай эмес.

– Эмне, кыз менен жарышкандан коркуп турасыңбы?

Фулчер муштумун шилтеп жиберди эле, Жесс тийгизбей буйтап кетти. Фулчер кызды чуркатпаса болбостугун түшүндү да, аргасыздан макул болду.

Кыз андан да ашып кетти. Марага биринчи жетип келген анын бакырайган көздөрүнө өзүн жабыла карап турган тер баскан беттер урунду.

Коңгуроо шыңгырады. Жесс эки колун чөнтөгүнө терең матырган бойдон талаанын төмөн жагын көздөй баратты. Кыз аркасынан жете келди. Ал чөнтөгүнөн колун чыгарып, дөңдү көздөй чуркап жөнөдү. Ушул кыздын айынан жетишерлик эле азап тартты го. Кыз аркасынан калбай ээрчип алды.

– Рахмат, – деди кыз.

– А, эмнеге? – ал ойлонуп келаткан болчу.

– Ушундай кудай урган мектепте ээрчишип басканга сенден башка ылайык адам табылбайт ко?

Үнү титиреп чыккансыды, бирок ал бул кызды эми аягысы деле келбей калган.

– Ээрчип жүрө бер анда... – деди кайдыгер гана.

Ошол күнү түштөн кийин ал дегеле ошентем деп оюна келбеген нерсени кылды. Аркасынан көлөкөдөй ээрчиген Леслиден качып, ал Мей Беллдин жанына отурду. Деги эч нерсени түшүнбөгөн кыз экен. Ал терезеден сыртты карамыш болуп, каршы тарабында отурган Леслини байкамаксанга салып отурду.

Ал кыздын «Жесс» деген үнүн укса да айланадагы үндөрдөн улам укпай калганга окшоп отура берди. Аялдамага жеткенде ал карындашын колдон алды да, Леслинин аркасынан түшүп келатканын билип турса да, көңүл бурбай автобустан түшүп кетти. Кыз да үндөбөгөн боюнча, аларды ээрчибестен, Перкинстердин үйүн көздөй чуркап жөнөдү.

Бурулуп карабай коюуга болбойт эле. Кыз ушундай бир жеңилдик менен чуркап бараткан. Кыздын чуркаганы күзүндөгү учуп бараткан жапайы өрдөктөрдүн учканын элестетип жатты. Анын оюна «керемет» деген сөз келе түштү, бирок ал бул оюн өзүнөн алыс кубалады да, үйүн көздөй шашыла басты.



## Төртүнчү бөлүм

## «Терабитиянын башкаруучулары»

Окуу Эмгекчилер күнүнөн кийинки шейшембиде башталгандыктан, бул жума тез эле өтүп кетти. Тажатма күндөрдүн ушинтип тез өткөнү да жакшы болду. Дем алуу учурунда Лесли балдарга кошулуп жарышканын токтоткон жок. Ал дайыма баарын жеңип чыгып жатты. Жума күнгө жеткенде төртүнчү, бешинчи класстардын балдарынын бир тобу дөңчөдө «Тоонун падышасы» оюнун ойногондорго кошулуп кетишти. Болгону бир ууч эле бала калгандыктан, алар эми талаш-тартыш жарата тургандай тандоо айлампаларын деле уюштурбай калышты. Жарышуунун кызыгы деле калбай калгансыды. Ушунун баары Леслинин айынан болду. Жесс төртүнчү, бешинчи класстардын балдарынын арасындагы эң күлүгү боло албасына көзү жетти, ошол эле учурда ал Гарри Фулчердин да «мыкты» болбой калгандыгына санаасы тынып турду. Жума күнү деле уюштурулган мелдеште кайрадан эле Леслиге эч ким караандабай калды. Сырттарына чыгарбаганы менен баары ичтеринен бул мелдеш акыркы экендигин туюп турушту.

Жума күн болгондуктан Мисс Эдмундс сабакка келген эле. Танапистен кийин эле бешинчи класста музыка сабагы болчу. Жесс Мисс Эдмундсту залдан мындан мурдараак кезиктирген эле. Ал баланы токтотуп, экөө бир аз сүйлөшүшкөн.

– Бул жайда дагы сүрөт тарттыңбы? Көрсөм болобу?

– Макул, көрсөтөм – Жесс чекесиндеги чачын кайрыды.

Ал шурудай тизилген тиштерин кашкайта жылмайып, ийниндеги капкара чачын артты көздөй серпти да:

– Болуптур анда.Көрүшөбүз.

Жесс башын ийкеп жылмайган боюнча кала берди. Денесин бир жылуулук аралап кеткендей болду.

Азыр ал мугалимдер бөлмөсүндөгү килемчеде отуруп, эжекесинин үнүн уккан сайын баягы жылуулук сезим денесин ээлеп турду. Анын жөн гана сүйлөгөн үнү да шыңгырап өзгөчө бир укмуш үндөй сезилчү.

Мисс Эдмундс бир нерселерди айтып жана гитарасын тыңкылдатып күлөп жатканда анын билериги да шыңгырап, кылдар менен кошулуп музыка чыгарып жатты. Ал адаттагыдай эле балдардын маңдайында джинсычан малдаш токунуп отурду. Анын жайкы каникулду кандай өткөргөндүктөрү тууралуу сураган суроосуна балдар божурап жооп беришти. Ал Жесске атайын суроо менен кайрылбады, ошентсе да анын бир гана өзгөчө көз карашы Жессти тиги

гитаранын кылдарынан бетер дирилдетип жиберип жатты. Леслини тизмеге кошкон соң, өзүн тааныштыруусун өтүндү. Ал Леслиге жылмаюу менен карады эле, Лесли да жылмаюу менен жооп берди. Жесс Леслинин шейшемби күнкү жарышты жеңгендеги жылмаюусунан башка мындай жылмайганын көрө элек болчу.

– Кайсы ырды ырдагың келет, Лесли?

– Кайсыны болсо да ырдай берем.

Мисс Эдмундс бир нече баскычты терип чертти да, адаттагыдан да акырын үн менен ырдай баштады:

«Жаркыраган ачык жерди көрүп турам,
Убакыт жакындады, сезип турам.
Жашайбыз ушул жерде сен экөөбүз,
Ынтымакта кол кармашып...»

Акырындап бардыгы кошула баштashты, адегенде үндөрү акырын чыгып жатты эле, аяктарга жакындаганда үндөр күчөп, «сен жана мен эркинбиз» деген саптары бүт мектепке жаңырып жатты. Ыргакка берилип алган Жесстин көзүнө Леслинин көзү чагылыша түштү. Ал кызга жылмайып жатты. О, кудай, бул эмнеси? Жылмайса жылмайды да, кимден коркушу керек? Кээде ушинтип сүт эмген чыт курсак баладан беш бетер болуп кетет да. Ал башын ийкеп дагы жылмайды. Кыз да жылмайып жооп берди. Ушул мугалимдер бөлмөсүндө отуруп ал жашоосунда бир жаңы башталыш болорун сезип жатты, ичинен ошону каалап турду.

Ал Леслиге карата мамилесин өзгөртүүнү чечкендигин кызга жарыя кылуунун деле кажети жок эле, кыз аны өзү эле сезди.

Автобуста Лесли анын жанына келди да, Мей Белл да батсын дегенсип, жылып келип ага жабыша отурду. Ал өзү мурда окуган чоң шаардын четиндеги Арлингтон мектеби, андагы укмуштуудай кенен музыка бөлмөсү бар экендигине карабастан, Мисс Эдмундстай сулуу жана жакшынакай мугалим жок экендиги тууралуу айтып жатты.

– Ал жакта спорт зал бар беле?

– Албетте. Бардык эле мектептерде бар болуш керек. Баарында болбосо да, көпчүлүгүндө болсо керек. Мен гимнастиканы абдан жакшы ойноймун. Аябай сагындым, – кыз үлүтүнүп койду.

– Бул жер сага жакпай жатат окшойт, ээ?

– Ооба, - кыз түнжүрай түштү. Жесс анын мурдагы мектебинде жаркыраган жаңы спорт залы бул жактагы колледждин спорт залынан да чоң окшобойбу деп боолголоду.

– Ал жакта досторуң көп болсо керек.

– Албетте.

– А бул жакка эмнеге келдиңер?

– Ата-энем өздөрүнүн баалуулуктарын салмактап жатышат.

– Кандай, кандай?

– Алар акча менен ийгиликтин артынан түшүп кеттик окшойт, мүмкүн, бир аз эс алганча фермерчилик менен алектенип көрсөкпү деп чечишкен соң, ушул эски ферманы сатып алышты.

Жесс аны оозун ачып карап калды.Таңыркаганын жашыра алган жок, анткени ал өмүрүндө мындай акылсыз чечимди уккан эмес.

– Алардын чечими сага кедергисин тийгизип жатат дечи.

– Ошондой десе да болот.

– Алар сен жөнүндө ойлонушкан жокпу?

– Биз ал жөнүндө талкуулаганбыз, – деп жай түшүндүрдү кыз. Менин деле келгим келди. Кыз терезеден анын өзүнө тигилген көздөрүн карады. – Алдын-ала эмне болорун эч убакта биле албайт турбайбызбы...

Автобус токтоду. Лесли Мей Беллди жетелеп сыртты көздөй жөнөдү, эмне үчүн ушундай акылдуу кызы бар чоң эле кишилер бардык ыңгайлуу шарты бар шаардын жашоосун чанып, ушундай жерге келип алгандыктарын түшүнө албаган Жесс алардын артынан түштү. Алар автобус жүрүп кеткенче аркасынан карап турушту.

– Бул жакта фермерчилик деле жыргатып жибербейт – деди ал акыры, – билсең, менин атам Вашингтонго барып иштеп келип турбаганда, бизди бага алмак эмес.

– Кеп акчада эмес.

– Албетте, акчада.

– Биз үчүн андай эмес, – деди кыз ишенимдүү.

Ал кыздын айткандарын түшүнө албай делдее түштү. Акча маселеси тынчсыздандырбаган кишилер да болорун ал чынында эле билген эмес.

– Ошондой дечи, – андан кийин ал бул кыз менен акча жөнүндө сүйлөшпөөнү чечти.

Бирок Ларк Крикте Леслини акчага караганда көбүрөөк түйшөлдүргөн бир маселе бар эле. Ал телевизор маселеси болчу.

Бардыгы Миссис Миерс Леслинин өзүнүн хоббиси тууралуу жазган дил баянын класстын алдында окуп бергенден кийин башталды. Ар бир окуучу өзүнүн сүйүктүү хоббиси тууралуу жазып келиш керек болчу. Жесс өзүнө жакпаса да футбол жөнүндө жазган эле. Эгер ал сүрөт тартуу жөнүндө жазса, бардыгы аны шылдыңдап каткырышмак. Көпчүлүк эркек балдар теледен Вашингтон Уоткинсти көрүү тууралуу жазышыптыр. Ал эми кыздардын кээ бири теледеги кызыктуу шоу-көрсөтүүлөрдү жазышса, анча-мынча Уанда Кей Мурга окшогондору жогорку баа алууну көздөшүп, китеп окуу тууралуу жазышкан. Бирок Миссис Миерс Леслиникинен башка эч кимдин дил баянын үн чыгарып окуп берген жок.

– Мен ушул дил баянды үн чыгарып окууну чечтим. Анын эки себеби бар. Биринчиси, абдан жакшы жазылган. Экинчи себеби– бул сейрек учуроочу хобби, айрыкча кыз бала үчүн, – деп Миссис Миерс куду биринчи күндөгүдөй жылмайып, Леслини карады. Лесли партадан көзүн албай отурган. Миссис Миерстин сүймөнчүгү болуу Ларк Криктегилер үчүн уу ичип алганга барабар эле.

– Лесли Берк «Суу түбүнө саякат».

Миссис Миерс катуу үн менен Леслинин сүйлөмдөрүн күлкүлүү кыска фразалардай кылып окуп жатса да, андагы жазылган сүрөттөөлөр Жессти караңгы суунун алдына сүңгүтүп кетти. Ага дем жетпей баратты. Элестет, суунун алдына киргенде бет кабыңа суу толуп, жогору көтөрүлө албай кыйналып жатканыңды. Муунгандан тердеп да чыкты. Ал өзүн колго алууга аракеттенип жатты. Анткени бул Лесли Берктин дил баяны да. Суу алды ушунчалык коркунучтуу болсо, аны эмнеге хобби кылышат эле. Бул деген Лесли мындайды нечен жолу башынан өткөргөн дегенди билдирет эмеспи. Демек, ал эч кандай абасы жана жарыгы жок терең суунун алдына киргенден коркпойт экен да. А бул эмнеге мынча коркот? Миссис Миерс окуп бергенде эле мынча титиреп коркуп жатса, анда анын кичинекей Жойс Эннден айырмасы канча? Аны атасы чыныгы жигит болот деп жүрсө, келип алып онго чыга элек бир секелек кыздын суунун астын сүрөттөп жазып койгонунан жүрөгү оозуна тыгылып отурат. Уят эле. Уят. Уят.

– Силер да мен сыяктуу эле Леслинин кызыктуу дил баянын таасирленип уктуңар деп ойлойм – деп жатыптыр Миссис Миерс.

Таасирленмек тургай чөгүп кете жаздады го.

Класста ары-бери баскан Миссис Миерстин дабышы жана барактардын шуудураганы угулуп жатты.

– Эми үйгө тапшырма: – Үшкүрүнгөн үндөр чыгып жатты, аткарып жатып сөзсүз ырахат аласыңар деген ишеничтемин. – Ишенбеген дооштор: – Бүгүн кечки саат 8де жетинчи каналда атактуу суу астындагы дүйнөнүн изилдөөчүсү Жак Косто тууралуу атайын берүү болот. Бардыгыңар көрүп, эмнени үйрөнгөнүңөр тууралуу бир беттен турган дил баян жазып келесиңер.

– Бир бет?

– Ооба, бир бет.

– Туура жазылышы эсепке киреби?

– Качан туура жазылышты эсепке албай жүрдүк эле, Гари?

– Бaрактын эки бетин тең толтурабызбы?

– Бир бети эле жетет, Уанда Кей. Эгер андан көп жазам десең, албетте, кошумча баа коём.

Уанда Кей он барак деле жазса болот деген ой менен жылмайып койду.

– Мисс Миерс...

– Угуп жатам, Лесли– эгер бул мугалим күндө ушинтип жылмая берсе, бетине бырыш түшүп кетери анык эле.

– Эгерде телеберүүнү көрө албай калса эмне болот?

– Ата-энеңе бул үй тапшырма экендигин түшүндүрүп айт. Менимче, алар каршы болбосо керек.

– А эгерде... – Леслинин үнү каргылданып кетти, ал башын ийкеп, тамагын кырып алды. – Эгерде телевизор жок болсочу?

«Лесли, бай болгур, антип айтпачы. Меникинен деле көрсөң болот...»

Аны токтотууга кеч болуп калган. Ишенбеген, ышкырган, шылдыңдуу үндөр чыгып жатты. Миссис Миерс көзүн ымдап жиберди:

– Андай болсо...– ал Леслини кантип бул акыбалдан алып чыгып кетүүнү ойлонгонсуп, көзүн дагы эле ачып-жумуп жатты. – Андай болсо башка каалаган темада дил баян жазсаң болот, колуңдан келет да туурабы, Лесли, – класстагылардын мамилесине көңүл бурдуртпоо аракетинде ал жылмайып койду, бирок анысы пайдасыз аракет эле.

– Тынчтангыла! – анын баягы жылмаюусу заматта эле толкунду токтотчудай музга айланды.

Миссис Миерс арифметикалык эсептер жазылган барактарды таратып чыкты. Жесс уурданып Леслини карап алды. Баракка үңүлгөн анын бети кызарып, мисирейип калыптыр.

Танапис учурунда Жесс балдар менен «Тоолордун падышасы» оюнун ойноп жатып, Леслини Уанда Кей баштаган бир топ кыздар тегеректеп турушканын көрдү. Эмне деп жатышкандарын уга алган жок, бирок Леслинин башын жогору көтөрүп турганына караганда кыздар аны шылдың кылып жатышкандай. Андан кийин анын Грег Уиллиямс менен кол күрөштүрүү кезеги башталып кетип, Леслини таппай калды.

Эч нерседен капары жок Грегди дөңдөн ылдый катуу түртүп жиберди да, кимге айтканы белгисиз эле «кеттим!» – деп кыйкырды.

Ал кыздардын ажатканасынын жанына келип акмалап туруп калды. Бир нече мүнөттөн кийин Лесли чыкты. Ыйлаганы көрүнүп турат.

– Эй, Лесли, сага эмне болду?

– Барчы ары! – Кыз терс бурулуп, артты көздөй тез-тез басты. Көзүнүн кыйыгы менен мудурдүн бөлмөсүнүн эшигин караган ал кыздын артынан чуркады. Танапис учурунда имаратта эч ким деле жок болчу.

– Лесли, айтчы, сага эмне болду?

– Эмне болгонун өзүң жакшы билесиң го, Жесс Эронс.

– Ошо...– ал башын тырмады. – Сен бир аз унчукпай коё турганыңда болмок. Меникинен деле көрмөксүң да....

Кыз кайра артка бурулуп, ылдый жүгүрдү. Сөзүн бүтүрүп, аны кууп жеткичекти кыз эчак кыздардын ажатканасына кирип кетип, анын так мурдунун алдында эшик жабылып калды. Жесс имараттан чыгып кеткиче шашты. Мистер Тёрнер көрүп калчу болсо, кыздарды аңдып жүргөн уяты жок неме деп ойлоп калбайбы.

Сабактан кийин Лесли андан мурда эле автобуска келип, жетинчи класстар отура турган акыркы катарга отуруп алыптыр. Жесс «бери кел» дегендей ишарат кылып эскертти эле, көрмөксөнгө салып карабай койду. Жесс жетинчи класстын толук, далдайган кыздары жана арык тыртайган бүтүк көз балдары келатканын көрүп тынчы кете баштады. Булар ордун ээлеп алган немени өлтүрүп коюудан да кайра тартпайт. Ал секирип ордунан туруп, артты көздөй чуркап барып, кызды колдон алды да:

– Лесли, сен өз ордуңа барышың керек, – деп жатып, аркасында чоң балдар түртүшүп келатканын сезип жатты. Чынында эле, анын аркасында жалаң гана өзүнөн кичүүлөрдү коркутуудан ырахат алып жашагансыган жетинчи класстагы Женис Эйвери турган болчу.

– Кач, балакай! – деди ал.

Жүрөгү оозунан атып кетейин деп турса дагы ал ошол орунга катып калгансып козголбоду.

– Кеттик, Лесли, – деп артка бурулуп, тигинин тармалдашкан сары чачтарын, өтө эле тар кофтасын жана багалеги балпактаган шымын, олчойгон кедасын баштан аяк сыдыра карады. Шилекейин жутуп, анын сүрдүү кебетесине тигиле карап:

– Женис Эйвери экөөң бул жерге батпайсыңар! – деди.

– Эй, Женис, сен семирип эле каякка баратасың? – кимдир бирөө чыйылдады.

Женис аны жутуп ийчүдөй карады да, аларды өз орундарына өткөрүп жибериш үчүн бир аз капталдап турду.

Ордуна келип отурган соң Лесли кылчайып артын бир карап алды да, Жесске эңкейди:

– Эми бул неме сенин өпкөңдү үзүп койбосун, Жесс. Ишенич жок буга.

Жесс Леслинин үнүнөн өзүнө болгон бир жумшак мамилени сезди, бирок артты кароого дааган жок.

– Эч нерсе кыла албайт. Ушуга окшогон мээси жок уйдан мени коркуп калат деп турасыңбы?

Автобустан түшөрү менен ал кенен дем алып, шилекейин жутуп алды. Ал тургай, автобус жылып баратканда арткы отургучтагыларга кол булгалап:

– Көрүшкөнчө! – деп кубанычтуу жылмайып койду.

Лесли аны Мей Беллдин аркасында туруп карап жаткан.

– Эй, бүгүн түштөн кийин убактың болсо бир нерсе кылбайлыбы?

– Мен дагы бир нерсе кылгым келип жатат, – Мей Белл чебелектеп жиберди.

Жесс Леслини карады эле анын көздөрү «болбойт» дегенсиди.

– Бүгүнчө сен коё тур, Мей Белл. Лесли экөөбүздүн кыла турган өзүнчө иштерибиз бар. Андан көрө, менин китептеримди үйгө көтөрүп кете бер да, апама мени Берктер жакка кетти деп айтып кой, макулбу?

– Мен билем, силер эч нерсе деле кылбайсыңар. Эч нерсе пландаган да эмессиңер.

Лесли Мей Беллдин кичинекей ийнине колун коюп:

– Мей Белл, сага кагаздан жасалган жаңы куурчактарды берейинби? – деди эле Мей Беллдин көздөрү жайнап кетти.

– Кандай куурчактар?

– Колониялык Американын жашоочулары.

– Мен «Колуктуну» же «Мисс Американы» алсам болобу? – деп башын ийкеди Мей Белл.

– Кагаздан жасалган «колуктуларды» үйлөнүү үлпөтүнө кийиндирсең болот. Алардын толтура кооз көйнөктөрү бар.

– А аларга эмне болду эле?

– Эч нерсе болгон эмес. Жапжаңы боюнча.

– Эгер алар эң сонун болсо, сен эмнеге өзүң ойнобойсуң?

– Сен да мендей болуп чоңойгондо өзүңөн өзүң эле куурчак ойнобой каласың...– деп улутунду Лесли. Аларды мага таэнем салып жибериптир. Карыгандар ошентип сенин чоңоюп кеткениңди унутуп калышат.

Мей Беллдин таэнеси Джорджияда жашачу жана ал ага эч нерсе деле салып жиберчү эмес.

– А сен алардын кийимдерин кескилеп салдың беле?

– Чынын айтсам анткен эмесмин. Кийимдеринин баары өздөрү даяр тигилип келген болчу. Сага кайчынын деле кереги жок.

Мей Белл жибип баратты.

– Кел мындай кылалы, сен биз менен барып куурчактарды көр, эгер жакса алып үйгө кете бересиң да, апама менин кайда экендигимди айтып коёсуң – дей салды Жесс.

Жаңы гана ээ болгон буюмдарын кучактаган Мей Беллдин карааны узаганча карап турушту да, экөө дароо эле Перкинстин үйүнүн артындагы талаа менен токойду бөлүп турган соолуган дарыянын нугун көздөй жөнөштү. Ошол нуктун жээгинде куду эле крабдай болуп бутактары тарбайган карт алма бак бар эле. Анда кимдир бирөө унутуп калган аркан байланган бойдон салаңдап турчу.

Алар кезектешип арканды минип күүлөнүп, селкинчек кылып тээп жатышты. Күздүн күнкү ачык асман күүлөнүп баратып жогору карасаң кудум эле учуп бараткандай сезим калтырып жатты. Жесс башын чалкалатып, таптаза тунук асмандын түсүнө тойбой жатты. Көк асманда ал өзүн ары-бери шашпай жылып жүргөн жалкоо булуттай сезди.

– Билесиңби бизге эмне керек? – деп жиберди Лесли. Көк асмандын кереметине мас болуп турган Жесс эмне керектигин ойлонууга да чамасы жеткен жок.

– Бизге экөөбүзгө гана белгилүү бир жай керек. Ал экөөбүз гана билген сыр болот, биз аны бу дүйнөдө эч кимге айтпайбыз.

Жесс күүлөнгөн арканды буту менен жер таянып токтотту. Лесли ага акырын шыбырап жатты:





– Ал биздин бүтүндөй бир жашыруун падышачылыгыбыз, ал эми биз – сен жана мен анын башкаруучулары болобуз.

Кыздын айткандары анын ички каалоосун козгоп койду. Кимдин эле башкаруучу болгусу келбесин? Ойдон чыгарылган өлкө болсо да, анын башкаруучусу болгусу келип кетти.

– Макул, – деди ал дароо эле.– Падышачылыгыбызды кайсыл жерге орнотолук?

– Тетиги токойдун эч ким таап бара алгыс жагына.

Токойдо суунун түбүнө окшогон Жесске жакпай турган коркунучтуу жерлер бар болчу. Бирок ал Леслиге ал жерлер жөнүндө эч нерсе деп унчуккан жок.

– Мен таптым, – деп сүйүнүп кетти кыз. – Ал Нарния сыяктуу сыйкырдуу өлкө болот, ал жакка жалгыз гана тигил салаңдап турган аркандын жардамы менен келүүгө болот. Анын көздөрү жайнап кетти. Арканга жармашып:

– Кеттик эмесе, өзүбүздүн кулабас сепилибизди тургузууга ылайыктуу жер издейли,– деп каалгып учуп, аркы өйүзгө өтүп алды.

Өзөндүн нугунан токойду көздөй бир аз баскандан кийин эле, Лесли токтоп калды.

– Ушул жерге болобу? – деп сурады кыз.

– Албетте болот. – Жесс дароо макул болду, ал ичинен токойдун коркунучтуу жактарын аралабай калгандарына сүйүнүп жатты. Ал эгерде мынчалык коркок болбогондо жана бир аз кыдырып көрүүнү каалаганда, кызды токойдун бийик кызыл карагайлуу бөлүгүнө чейин деле алып барса болмок. Бирок ушул эмен жыгачтары менен карагайлардын арасында жашынмак ойногонсуп ит мурундар менен кызыл жыгачтар сейрек өскөн күндүн алтын нурлары таман алдына чейин тегиз жеткен жерди сепил куруу үчүн ылайык көрдү.

«Болот» – деп кайталады ал өзүнө өзү башын ийкегилеп. Бадалдардын түптөрү ырас кургак экен, тазалаганга оңой болот. Жер да тегиз. «Мына ушул жерге курсак жакшы болчудай».

Лесли болсо бул жашыруун жерди «Терабития» деп атады да, Жесске өзүнүн Нарния жөнүндөгү китептерин берди, анткени ал сыйкырдуу падышачылыкта жаныбарлар менен өсүмдүктөргө кандай мамиле кылуу керектигин жана башкаруучулар өздөрүн кандай алып жүрүшү керектигин үйрөнүшү керек эле.

Лесли сүйлөгөндө кудум эле ханышанын өзүндөй болуп сөздөрү уккулуктуу куюлушуп чыгат. Анын турушунан эле чыныгы ханыша экендигин сезесиң.

Ал эми Жесстин сүйлөгөнү падышаныкына окшошпой, олдоксон чыгып жатты. Ал үчүн эң оору ушул болду окшойт.

Андан башка нерселерди ал эң мыкты аткарып жатты. Мисс Бессинин жайытынын четиндеги эски тактайлардан алып келип, тандаган жайга урабай тургандай бекем сепил салды. Лесли үч фунттук кофенин калайын крекер менен кактарга, ал эми бир фунттук калайды жип-шуулар менен мыктарга толтуруп келди. Пепсинин бош дагы беш идишин табышты да, аларды жууп тазалашып, суу толтуруп, Лесли айткандай: «Кол салып калышкан учурга» – деп сактап коюшту.

Библиядагы кудай сымал, өздөрүнүн жараткан нерселерин сыймык менен карашып, маашырланып жатышты.

– Сен Терабитиянын сүрөтүн тарт, сарайыбызга илип алабыз, – деди Лесли.

– Тарталбай жатам...– ал аракет кылса эле анысы текке кетип, ою чачырап бир жерге топтолбой жаткандыгын Леслиге кантип түшүндүрөрүн билбей турду.

– Мага бактардын ырдагандарын кагазга түшүрүү кыйын болуп жатат, – деди ал.

– Эч кейибе, – деп соороттуу аны кыз. – Бир күнү тартасың.

Ал кыздын сөзүнө ишенди, анткени ушул көлөкөлүү жайда бардыгы мүмкүн эле. Экөө гана ээлик кылган сыйкырдуу дүйнөдө Гарри Фулчер, Уанда Кей Мур, Женис Эйвери кыйынсынып, Жесстин өзүнүн коркунучтары менен кемчиликтери, Лесли «Терабитияга» кол салат деп элестетип алган душмандар да буларды эч качан жеңе алышпайт эле.

Булар сепилин салып бүткөндөн бир нече күндөн кийин автобустун ичинен Женис Эйвери жыгылып кетип: «Жесс чалып жиберди» – деп жалган жерден жалаа жапты. Айдоочу Миссис Прентис Жессти автобустан түшүрүп салып, ал үч миль аралыкты жөө басып үйгө жетти.

Жесс «Терабитияга» сүйрөлүп араң келсе, Лесли чатырдын алдындагы тактайдын жанында жарыкка ыктап китеп окуп жаткан экен. Китептин сыртында кит дельфинге кол салып жатканы тартылыптыр.

– Эмне кылып жатасың? – ал кыздын жанына отура кетти.

– Окуп атам. Тиги кыздан өч алгым келип жатат! – ачуусу мурдунун учунда турду.

– Эч нерсе эмес. Болгону бир аз жөө бастым. Андан да жаман бир нерсени ойлоп таппаганыңа тобо.

– Баары бир ал жазасын алышы керек Жесс. Сен түшүнсөң боло, биз андай адамдардын жаман иш-аракеттерин токтотушубуз керек. Антпесе алар тирандар менен диктаторлорго айланып кетиши ыктымал.

Ал Леслинин колунан кит жөнүндөгү китепти ала калып, канжалаган сүрөттөрдү жанталашып карай баштады.

– Ойлор келип жатабы?

– Кандай дедиң?

– Мен сени Женис Эйверини кантип эсине келтирүүнүн жолдорун издеп жатат ко десе...

– Ой, жинди десе, биз киттерди сактаган атпайбызбы, антпесе алар жок болуп кетишет.

Ал китепти кайра кызга берди.

– Көрсө, сен киттерди сактап, а адамдарды атат турбайсыңбы, ээ?

– Ошол сыяктуу, – деп кыз ийнин куушурду. – А сен Моби Дик жөнүндөгү окуяны уктуң беле?

– Ал ким?

– Качандыр бир кезде Моби Дик аттуу зор ак кит болуптур... Ошентип Лесли өзү оюнан чыгарган кит жана аны өлтүргүсү келген акылынан айныган капитан жөнүндөгү укмуштуудай окуяны айта баштады.

Жесс угуп жаткан окуяны тарткысы келип колу кычышып чыкты. Эгерде анын ылайыктуу боёктору болгондо ал бул окуяны укмуш кылып тартмак. Аппак китти деңиздин каралжын түсүндө чеберчилик менен чагылдырмак.

Адегенде, алар жакын мамилелерин мектептегилерден жашырууга аракет кылып жүрүштү, бирок октябрда ачыкка чыгып калышты. Гари Фулчер, Бренда дегендер Жесстин «сүйлөшкөн кызы» деп шакаба кыла баштаашты. Жесс аларга көңүл деле бурган жок. Анын оюу боюнча, «сүйлөшкөн кыз» сенин артыңдан калбай ээрчип, жада калса, оюн талаасына чейин барып, сага жабышып, өпкүлөгөн кыз болот. Ал Леслинин антип жүргөнүн, кош ээгин бүлкүлдөткөн Миссис Миерсти жеңил секирип, топ ойногонун элестете албагандай эле, эч бир элестете алмак эмес. Гарри Фулчер эмне десе ошо дей берсинчи, ага башын оорутуп эмне кылат?!

Мектепте танапистен башка бош убакыт деле болбойт. Баягыдай жарыштар да токтоп калгандыктан, Жесс менен Лесли оюн талаасынын тынчыраак жерине барып, сүйлөшүп отура беришчү болду. Эми жума күндөрдөгү музыкалык жарым сааттан тышкары Жесстин чыдамсыздык менен күткөн учуру

ушул танапис убагы болуп калды. Лесли узун күндү кыскартыш үчүн сөзсүз бир кызыктуу нерселерди ойлоп табат. Ал көбүнчө Миссис Миерсти туурачу. Лесли сабакта тынч отурган, шыбырашпаган, сагыз чайнабаган тартиптүү жана жакшы окуган кыз болсо да, ичинде катылган ойнооктук менен шоктук бар эле. Эгерде мугалими аны шылдыңдап жүргөнүн байкап кала турган болсо, дароо эле эшикке кууп чыкмак.

Периштедей болуп созолонгон Лесли сабак учурунда ичинен эмнелерди гана ойлонуп отурганын билген Жесс да күлкүсүн ичине катып араң чыдап отурчу болду. Бир күнү эртең менен Лесли Миссис Миерстин Аризонадагы семиздер фермасына түшүп калганын элестетип отурганын танаписте айтып берип жатпайбы. Анын элестеткени боюнча, Миссис Миерс шоколаддарды ар кайсы жерлерге катып, жашырып жеген тойбос болот. Анын каткандарын ысык суу куйган челектин үстүнөн таап алышып, аны ошол жактагы башка семиз аялдар катуу шылдыңдашат. Ошол күнү түштөн кийин Жесстин көз алдынан Миссис Миерстин өзүн арык көрсөтүш үчүн кысылып кийип алган мала кызыл корсетчен элеси жана узун бойлуу арык мүдүр аялдын аны: «Дагы эмне деп алдайын дедиң эле ия, Гусси?» – деп кекетип жатканы, байкуш Миссис Миерстин көзүнүн жашын он талаа кылып ыйлап жатканы кетпей жүрдү.

– Жесси Эронс! – мугалимдин ачуу үнү анын оюн бөлүп кетти. Ал мугалиминин чытыраган толук бетин тике карай алган жок, караса эле чыдабай каткырып жибермек. Анын ордуна ал эжейинин көйнөгүнүн кыйшык-мыйшык этегин тиктеп туруп калды.

– Угуп жатам, мадам.

Ал Леслиден сабак албаса болбой калды. Дайыма эле ушинтип башка нерселерди ойлонуп кеткенин билдирип алып кармалып калат. А Лесли болсо сабакка көңүл бурбай отурганын шекшитпейт. Көзүнүн кыйыгы менен кызды караса ал сыр билгизбей, география китебин берилип окуп жаткансып башын көтөрбөй отурат. Билбегендер аны чын эле китеп окуп жатат деп ойлошмок.

Ноябрда «Терабитияда» суук болду. Алар кээде гана сырт жакка от жагып жылынып койгондору болбосо, сепилдин ичине от жагышкан жок. Ал учурда Лесли эки уктоочу капты акырын билдирбей алып келип койгон болчу, бирок декабрдын баш жактарында атасы каптардын жок болуп кеткендигин байкап калгандыктан, кайра алып барып коюуга туура келди. Чындыгында, Жесс аларды кайра алып барып коюусун талап кылды. Ал Берктерден корккондуктан эмес, ошондой туура болот деп эсептегендиктен ошентти.

Леслинин ата-энеси жаш, экөөнүн тең тиштери аппак, чачтары коюу адамдар эле. Лесли аларды Жуди жана Билл деп аттарынан айтчу, мунусу Жесске анча жага берчү эмес. Лесли өз ата-энесин кандай атаса ошондой атай берсин дечи, бирок Жесс андайга көнгөн эмес да.

Берктер экөө тең жазуучу болчу. Миссис Берк роман жазчу, Леслинин айткандары боюнча ал саясат жөнүндө жазган күйөөсү Мистер Беркке караганда эл арасында таанымал болчу. Алардын үйүндөгү китептер тизилген текчени караганда эле мукабасында Жудит Ханкок деп аты жазылган, арткы бетинде жаш кезиндеги сүрдүү сүрөтү бар Миссис Берктин китеби көзгө урунар эле. Мистер Берк болсо бирөө менен бирдикте жазып жаткан китебин бүтүрүү үчүн тез-тезден Вашингтонго каттап турчу. Анын Рождестводон кийин үйдү оңдоп, бакчага гүлдөрдү өстүрүп, музыка угуп, китеп окуп, бош болгон убакытта гана китеп жазам деген убадасы бар.

Алар Жессинин түшүнүгүндөгүдөй байларга такыр окшошушчу эмес, бирок алардын кийген джинсылары арзандатылган дүкөндүкү эмес экендиги көрүнүп турчу. Булардын үйүндө телевизор жок болгону менен, «Жылдыздар согушундагыга» окшогон заңкайган музыкалык стерео аппараттары, толтура кассеталары менен бир топ эле орунду ээлейт. Чаң басып кичинекей болгону менен айдаганы Италиялык кымбат автоунаа болчу.

Жесске алар жакшы мамиле кылыша турган, бирок кээде алар ич ара Франциянын саясаты же кылдуу квартеттер (биринчи укканда Жесс алар бир кылдан токулган ящиктер окшойт деп ойлогон) жөнүндө сүйлөшүп же кантип токой карышкырларын, кызыл жыгачтарды, ырдаган киттерди сактап калуу тууралуу талкуулап баштаганда, Жесси көп нерсени билбегендигинен уялып, өзүн ыңгайсыз сезип кетчү.

Леслини өзүнүкүнө чакыргандан да тартынчу. Уят кылып Жойс Энн колун оозуна тыгып алып киши көрбөгөнсүп кечке тиктейт. Бренда менен Элли болсо ал экөөнү жабыштырып шылдыңдашат. Апасы да күлкү келтирерлик бир нерселерди кыла берет. Анан ага Леслинин кийими жакпай калат. Анткени ал дайыма, ал тургай, мектепке да шымданып барчу да. «Эркек баланыкынан да чачы кыска» – деп сүйлөнөт. Ата-энеси да чыйтайган немелер деп жактырбайт. Мей Белл да сөйкөнө берип экөөнү тажатып жиберет. Атасы болсо Леслини бир нече жолу көрүп баш ийкеп учурашкандай болгон, бирок: «Жалгыз уулу жалаң кыздар менен ойнойт, мунун аягы эмне болот?» – деп сүйлөнгөн апасынын сөзүнө кирип кеткен.

Жессти болсо «мунун аягы эмне болот?» деген нерсе ойлондурбайт. Жашоосуна өзгөрүү кирип, ал эртең менен турганда кандайдыр бир жакшы оймаксаттар менен туруп калды. Лесли ага достон да жакын, кымбат. Кыздын жан дүйнөсүнөн ал өзүнүн жан дүйнөсүнүн чагылышын көргөндөй болор эле. Алар «Терабитиянын» жана бүткүл ааламдын бири-бирин толуктап турган эки бөлүгүндөй болушчу. Аларды ортодогу жашыруун сыр – «Терабития» бириктирип турарын Жесс башкаларга кантип түшүндүрө алсын? Дөбөдөн ылдый токойду көздөй келатканда анын денесин кандайдыр бир жылуулук каптайт. Өзөндүн кургаган нугуна жана тартайган алма багындагы арканга жакындаган

сайын жүрөгүнүн согушу катуулайт. Ал арканды эки колдоп кармап, жапайы жандыктан бетер аркы өйүзгө күүлөнүп өтүп, жерге бутун коёру менен ушул сырдуу дүйнөдө ал бойлуу, күчтүү, акылдуу жигитке айланат.

Кулабас сепилден башка Леслинин дагы бир сүйүктүү жери бар. Ал токойдун калың кызыл карагайлуу бөлүгү. Бутактар ушунча жыш болгондуктан, күндүн нуру жетпей бадал да, чөп да өспөй калган жерде карагайдан түшкөн кураган ийне жалбырактар килем сымал төшөлүп жатчу.

– Мен бул жердин ээси бар го деп ойлочумун, – деп сырын айтты Жесс Леслиге өзүнүн коркоктугун жеңип, бул жакка ээрчитип келген биринчи эле күнү.

– Албетте, ээси бар, – деген Лесли, – Бирок сен коркпой эле кой, бул жердин ээси коркунучтуу эмес, ал ак көңүл.

– Сен аны кайдан билесиң?

– Сезилип жатпайбы. Тыңшасаң...

Адегенде, ал жымжырттыктан башка эч нерсе сезген жок. Ал мурда деле жымжырттыктаң коркчу. А бул жымжырттык Мисс Эдмундс ырдап бүткөндө, гитаранын кылдары дирилдеп токтогондон кийинки жымжырттыкка окшоп жагымдуу сезилди. Лесли туура айтыптыр. Ал ордунан жылбай, кыймылсыз бойдон, жада калса, бут алдындагы ийне жалбыракты да кыймылдатканга даабай турду. Тээ алысыраак жактан түштүктү көздөй учуп бараткан каздын үнү угулду.

Лесли терең дем алды.

– Бул жөнөкөй жер эмес, – деп шыбырады ал. – Жада калса «Терабитиянын» башкаруучулары да катуу кайгырганда же катуу кубанганда гана келе турган жай. Бул жерди биз ыйык сакташыбыз керек. Бул жердин ээлеринин тынчын алууга болбойт...

Жесс ага макул болуп башын ийкеди. Алар унчукпастан кайрадан суунун жээгине келишти да, крекерлер менен кактарын бөлүп жешти.

## Бешинчи бөлүм

## Дөөлөр кол салганда

Лесли «Терабитиянын» тынчтыгын бузганга аракет кылган дөөлөр жөнүндөгү окуяларды ойлоп чыгарганды жактырчу, бирок алардын жашоосундагы чыныгы дөө Женис Эйвери экендигин экөө тең биле турган. Андан корккон жалгыз гана бул экөө эмес эле. Ал чоңдугу өзүнөн кем калышпаган Велма Ден жана Бобби Сью Хеншоу аттуу эки дос кызы менен оюн аянтчасын башына кийишчү, бир туруп оромпой тээп жаткандардын таштарын тартып алышса, бир туруп секирмектерин жулуп өтүшөт, экинчи класстагыларды ыйлатып коюшуп каткырып күлүшөт. Ал тургай, кыздар ажатканасынын оозуна туруп алышып, кичине кыздардан акча талап кылып, киргизбей кууратышчу.

Тилекке каршы, Мей Беллдин сабакты кабыл алуусу начар эле. Бир күнү ага атасы бир баштык момпосуй алып келип берди. Сүйүнгөнүнөн ал автобуска түшөрү менен баарын унутуп, класcташына мактана кетпеспи:

– Айтчы, Билли Жин, менде эмне бар?

– Билбейм, өзүң айтчы?

– Момпосуй!– деп үнүнүн баарынча дүлөйлөрдүн кулагынын тарсылдагын жарчудай эле кыйкырды.

Көзүнүн кыйыгы менен Жесс Женис Эйверинин чочуп кеткенин көрдү.

Орун алгандан кийин да, унчукпай калбай мотордун үнүнөн да катуураак кыйкырып жатты:

– Атам буларды мага Вашингтондон алып келип берди!

Арт жакка көз чаптырган Жесс ага акырын шыбырады:

– Болду эми басыл, кечке эле мактана бербей!

– Сенин ичиң күйүп жатат, анткени атам сага эч нерсе алып келген жок да.

«Мен эскерттим да, туурабы» дегенсип ал ийнин куушуруп Леслини карады эле, кыз да «туура» дегендей башын ийкеди.

Танаписте Мей Белл аларды көздөй бакырып ыйлап келатканын көргөндө алар таң калышкан деле жок.

Жесс үшкүрүп койду:

– Мен сага эскертпедим беле, Мей Белл.

– Эмне карап турасың, Женис Эйверини өлтүрбөйсүңбү. Өлтүр деп жатам!

– Чшшш, – деп Лесли аны башынан сылап сооротконуна болбой, ал озондоп өч алууну талап кылып ыйлай берди.

– Саба! Майдалап жанчып сал!

Аны менен кармашканча ургаачы Годзилла менен күрөшүү жеңил эмеспи.

– Эми мушташкандан пайда жок, Мей Белл. Сенин момпосуйларыңды анын курсагынан кантип алып чыкмак элек.

Лесли чыдабай күлүп жиберди, Мей Белл дагы деле басылбай жатты.

– Сен кыйкырганды эле билесиң, Жесс Эронс! Ушинтип кыйкырынып турганча кичинекей карындашыңдын момпосуюн тартып алган неменин сазайын бербейсиңби! – деп ого бетер күчөп озондоду.

Жесси ордунда катып калды. Леслиден көздөрүн ала качты. Башка айла жок. Тигил ургаачы горилла менен мушташуу керек.

– Укчу мени Мей Белл, – деп жатты Лесли, – Женис Эйвери менен согушкан адам эмне болот, билесиңби?

Мей Белл колунун сырты менен мурдун аарчып:

– Таяк жеп тиги кыздын астында калат, – деди.

– Жо-ок. Агаңды кыз менен мушташкандыгы үчүн мектептен чыгарып жиберишет. Сен мистер Тёрнердин кыздарга кол көтөргөн балдарды эмне кыларын билбейсиңби?

– Ал менин момпосуюмду уурдап алганы чын да.

– Ооба, ал уурдады. Биз Жесс экөөбүз андан кантип өч алууну ойлонуп жатабыз, Мей Белл. Туура айтамбы, Жесс?

Ал башын ийкегилеп жиберди. Мушташканга караганда мунусу акыл болбодубу.

– А кантип?

– Азырынча айта албайм. Биз абдан жакшылап ойлонуп туруп, пландаштырышыбыз керек. Убада берем, Мей Белл. Ал сөзсүз жазасын алат.

– Ант бересиңби?

Лесли чокунду. Эми Мей Белл Жессти карады, аянттын ортосунда кичинекей кыздын маңдайында акылынан айныган немедей болуп чокунуп жатат дешпесин деп, сактанган менен баары бир ага да чокунууга туура келди.

– Баары бир, – деди Мей Белл мурдун шуу тартып, – мурду канжалап жатканын көрсөм сонун болмок.

– Анткен болбойт. Мистер Тёрнер бул мектепти башкарып турганда, мындан башка арга жок, чынбы, Жесс?

– Туптуура.

Ошол күнү түштөн кийин «Терабитиядагы» сепилде Женис Эйверини ким уюштурганын байкатпай эсине келтирүү керектиги жөнүндө кеңешме болуп өттү.

– Ал бир жаман иш кылып жаткан кезде кармалып калгыдай болсо... Автобуста отурган ордуна бал шыбап коюуну, кол жуучу суюктугуна клей кошуп салууну экөө тең туура көрүшпөгөн соң, Лесли дагы бир идеяны айтты:

– Ал кыздардын ажатканасына кирип алып, тамеки тартат ко, Мистер Тёрнер өтүп баратып түтүндү байкап калсачы.

Жесс айласыз башын чайкады:

– Ким айтып барганын ал заматта эле билип койбойбу.

Эгер Женис Эйвери директорго ким айтып барганын билип калчу болсо, ага эмне болорун ойлогондо экөө түнжурап отуруп калышты.

– Биз баарын ага билгизбей уюштурушубуз керек.

– Албетте, – деп Лесли оозундагы какты жутту, – билесиңби андай кыздар баарынан эмнени жек көрөрүн?

– Эмнени?

– Шылдың болгонду...

Жесс баягүнкү автобустагы ага карап баары күлүп жаткандагы Женистин байкуштай болгон кебетесин элестетти.

Лесли туура айтат. Анын алсыз жерин табышты окшойт. Ал жылмайып, башын ийкеп жатты:

– Эң сонун. Кана, эми семиздер тууралуу тамаша табалыбы?

– А мындай кылсакчы....– Лесли ойлонуп жай сүйлөдү. – Ал балдардан кимди жактырат болду экен?

– Уиллиард Хугес, өлүп кетейин, жетинчи класстагы кыздардын баары анын баскан изине жалынышат.

– Чын эле. – Леслинин көздөрү жайнап кетти. Мына план өзүнөн өзү эле пайда болду.

– Биз ага Уиллиарддын атынан кат жазабыз.

Жесс шаша-буша калай карандашты, таштын астына бастырып койгон баракты алып чыгып, Леслиге кармата салды.

– Жок, сен жазасың. Уиллиард Хугестин кол жазмасы кыздыкындай эмес болсо керек.

Жесс ыңгайланып отуруп, күтүп калды.

– Жаз. Ммм... «Кымбаттуу Женис. Жок. Алтыным, Женис!

Жесс ишенбегенсип токтоп калды.

– Ишенсең, Жесс. Ал бул катты жутуп жиберет. Улантабыз. «Алтыным, Женис». Каталар же тыныш белгилер жөнүндө кабатырланба. Уиллиард Хугес өзү жазса деле ошондой жазмак. Та-ак, «Алтыным, Женис. Сен мага ишенбешиң мүмкүн, бирок мен сени сүйөм».

– Сен ... ал... – жазып жатып сурады.

– Айттым го, жутуп жиберет деп. Женис Эйвериге окшогон кыздар ушинтип өздөрүнүн кыялдары ордунан чыкканда, укмуштуудай сүйүнүшөт. Андан ары. «Эгер сен мени сүйбөйм десең, жүрөгүм жарылып кетет. Суранам, жок дебе. Эгерде сен мени мен сүйгөндөй сүйсөң, жаным...»

– Шашпачы, жетишпей калып жатам.

Кыз аны жазып бүткөнчө күтүп турду да, кайрадан айта баштады:

«Мени бүгүн сабактан кийин мектептин артында күт. Автобус кетип калат деп кейибе. Сени менен чогуу үйгө чейин басып, жолду катар ЭКӨӨБҮЗ жөнүндө сүйлөшкүм келет. ЭКӨӨБҮЗ дегенди чоң тамгалар менен жаз. Ардагым менин. Бетиңден өөп, сени сүйгөн Уиллиард Хугес».

– Өөп дейсиңби?

– Албетте, «өөп» деш керек да. Бир катар жылдызчаларды тизип жазып кой.– Анын ийнинен ылдый карап, жазып бүткүчө бир аз токтоп калды.– Ии. P.S. – деп кой эми.

Жесс ал айткандай кылып жатты.

– Ммм. «Бул жөнүндө эч кимге айтпа. Биздин сүйүүбүз бүгүнтөн баштап экөөбүздүн гана ортодогу сыр болушу керек».

– Эмнеге муну коштуң?

– Ийй, макоо десе, ушинтип койсо ал келесоо сөзсүз бирөөлөргө айтат да.– Лесли башын ийкегилеп катты дагы бир сыйра окуп чыкты.

– Жакшы. Сен «ишенбешиң» жана «эки» деген сөздөрдөн ката кетирипсиң.

Дагы бир топко чейин окуган соң, ал:

– Карасаң, мен катты бир топ эле кыйын жазат экенмин, – деди.

– Албетте. Арлингтондо сенин бир жашыруун чоң сүйүүң болсо керек да...

– Жесс Эронс, сени өлтүрүп салыш керек.

– Эй, чоң кыз. «Терабитиянын» падышасын өлтүрөм деп балээге калып жүрбө.

– Ооба, муну реджицид – падышаны өлтүрүү деп коёт.

– Редж... – кандай дейсиң?

– А мен сага Гамлеттин окуясын айттым беле?

Ал чалкалап жата кетти.

– Айткан эмессиң, – деди кубанычтуу. Леслинин аңгемелерин угуу кандай гана ырахат! Бой жеткенде ал Леслиден бул окуялардын баарын китеп кылып жазып чыгышын суранып, сүрөттөрүн өзү тартпаса элеби!..

– Кайсы бир заманда, – деп баштады кыз, – Денмарк деген жерде Гамлет аттуу ханзаада жашаган экен...

Ал күн тийбеген сарайда жашаган кайгылуу ханзааданы элестеттип жатты. Тумандан чыга калган ач арбакты кантип тартар экен? Түстүү карандаштар жарабайт, ал эми боёк менен жука бир түс түшүрүп, бозоргон элести баракта жылып бараткандай кылып тартса болчудай. Чыйрыга түштү. Эгерде Лесли ага боёкторун берип турса, ойлогонундай кылып тартууга болот.

Баарынан кыйыны, Женис Эйвериге катты жеткирүү болду. Эртеси коңгуроого чейин эле экөө мектепке киришти. Лесли бир нече аралык алдыда баратты, кокус кармалып калышса да экөөнүн чогуу экендигин эч ким билбеши керек эле. Мистер Тёрнер балдар менен кыздардын ээрчишип чогуу жүргөнүн кармаса оңдурчу эмес. Ал жетинчи класстын окуучулары окуган класска акырын жылып кирди да, Жесске белги берип чакырды. Корконунан анын чачтары тик туруп калды. Деги, кудай эле сактаса экен!..

– Анын партасын кантип табам?

– Ээ, мен сени билет экен десе.

Ал башын чайкады.

– Эми сен аныкын тапканча ар бир партаны карап чык. Тез. Мен эшикти кайтарып турам.

Кыз эшикти акырын жаап чыгып кетти, анын колдору калтырап, парталардын үстүндөгүлөрдү аралаштырып албас үчүн абайлап аттары жазылган нерселерди издеп жатты.

Аңгыча Леслинин үнү угулду:

– О, Миссис Пиерс, мен сизди күтүп турдум эле.

О, кудай! Жетинчи класстын мугалими бул класска келаткан тура. Ал ордунда катып калды. Эшик жабык болгондуктан, Миссис Пиерс Леслиге эмне деп айтканын уккан жок.

– Мадам, – деп жатты Лесли үнүн андан да катуулатып, – имараттын түштүк тарабынан мен бир кызыктуу уя көрдүм. Сиз жаратылышты жакшы билгендигиңизден улам кайрылып жатам. Мүмкүн, бир аз убактыңызды бөлүп, барып көрүп эмненин уясы экендигин айтып бересиз деп ойлодум эле.

Берки бир нерсе деди.

– Рахмат, Миссис Пиерс... –Лесли дээрлик кыйкырып сүйлөп жатты. – Буга бир мүнөттөн ашык убактыңыз деле кетпейт, бул мен үчүн абдан маанилүү.

Алардын ары көздөй басып кеткен дабышын уккан соң, ишин кайрадан улантты. Ох, мына бул дептерде Женис Эйверинин аты жазылып турат. Ал партанын ичиндегилердин үстүнө катты коё салып, бөлмөдөн учуп чыкты да, балдардын ажатканасын карай чуркады. Ал жакта кирүүгө коңгуроо кагылганча жашынып турду.

Танапис маалында Женис Эйвери Вилма жана Бобби Сьюларга бир нерселерди эле божурап бүтпөй жатты. Андан кийин адатынча, кичине кыздарга тийишкендин ордуна, үчөө жетелешкен боюнча чоң балдардын футбол ойногонун көргөнү кетишти.

Үчөө булардын жанынан өтүп бараткында Жесс Женис Эйверинин бети албырып, кубанычтуу экендигин байкады. Ал дароо Леслини карады эле, кыз да аны карап көзүн кысып койду.

Автобус ордунан козголордо, жетинчи класстагы Билли Моррис Женис Эйвери автобуска али отура электигин Миссис Прентиске кыйкырып айтып калды.

– Баары жайында, Миссис Прентис, – деди Вилма Ден, – ал бүгүн автобуска түшпөйм деген болчу. Анан ал шыбырамыш этип угуза айтты:

– Бүгүн Женис ким менен жолугушууга бара тургандыгын билесиңерби?

– Ким менен?– Билли кызыгып сурады.

– Уиллиард Хугес менен. Ал Женисти эс-учунан тана сүйүп калыптыр. Ал бүгүн аны үйүнө чейин узатып барат.

– Чын элеби? Мен азыр эле 304-автобус жүрүп кеткенин жана Уиллиард Хугес анын арткы орундугунда отуруп бараткранын өз көзүм менен көрбөдүмбү! Ал өзүнүн бүгүнкү жолугушуусу тууралуу унутуп калган окшобойбу.

– Калп айтпачы, Билли Моррис!

Билли сөгүнүп жиберди, арткы отургучтагылардын бардыгы күбүрөшүп-шыбырашып, Женис Эйвери менен Уиллиард Хугестин сүйүшкөн-сүйүшпөгөнүн жана кезиккен-кезикпегенин талкуулоого өтүштү.

Билли автобустан түшүп жатып, Вилмага:

– Жениске айтып кой, эгер Уиллиард өзү жөнүндө Женистин мындай куру ушактарды таратып жүргөндүгүн укса, өзүнө жооп бере албай калышы мүмкүн! – деп кыйкырды.

Вильма бетин тырыштырып, терезеден кыйкырды:

– Ооба сага! Уиллиарддан өзүң сурап көр. Кат жөнүндө сурасаң, анан көрөсүң өзүң!

– Байкуш Женис Эйвери, – деди Жесс сепилде отуруп.

– Байкуш дейсиңби? Ал өзүнө өзү кылбадыбы? Дагы аздык кылат.

– Туура дечи, – ал үшкүрүп койду, бирок...

– Эмне, сен ага бооруң ачып жатабы?

– Андай деле эмес. Ал өзү баштабадыбы, бирок баары бир...

– Баары бир эмне болду?

– Сен тиги жырткыч киттерди ойлогондой, мен да Женис Эйверини ойлоп жатам...

Кыз аны ийинге таптады:

– Ээ, болдучу, андан көрө сыртка чыгып урушканга дөөлөрдү издейлик. Женис Эйверинин атын укканда кускум келип кетип атат.

Эртеси Женис Эйвери олдоксон басып автобуска түштү да, баарын жеп ийчүдөй карап жатты. Лесли Мей Беллди чыканагы менен түрткүлөп койду.

Мей Беллдин көздөрү жайнап кетти:

– Силердин кылганыңар беле, ээ?

– Чш-ш. Ооба.

Мей Белл бурулуп артты карап бир аз турган соң, кайра бери карап отурду да:

– Муну ушунча жинди кылдыңар го?– деп таң калып жатты.

Жесс байкатпастан акырын башын ийкеди.

– Тиги катты биз жазган болчубуз да,– деп Лесли шыбырады. – Бирок сен эч кимге айта көрбө, ал бизди өлтүрүп коёт.

– Ооба, билем, – деди Мей Белл көздөрүн жайнаткан бойдон.

## Алтынчы бөлүм
## Ханзаада Терриендин келиши

Рождествого дагы бир ай калса дагы, Жесстин үйүндөгү кыздар андан башка нерсени сүйлөбөй калышты.

Элли менен Бренданын колледжде сүйлөшкөн жигиттери бар, алардын бүтпөгөн талаш-тартышы эле «эмне белек бериш керек же кандай белек алышат» деген эле маселе.

Талаш-тартыш дегенибиз кадимки эле көрүнүш. Апасы кичине балдарга Санта Клаустан майда-чүйдө белекке акча жеткире албай жатса, кайдагы өмүрүндө көрбөгөн бир эмес, эки жигитке: «Ыр жазылган альбом же көйнөк дейсиңер» – деп урушуп баштайт.

– Сен сүйлөшкөн кызыңа эмне белек бересиң, Жесс?– Бренда бетин тырыштырып, кебетесин бузуп сурады. Ал укпамыш болуп отура берди. Ал Лесли берген китептердин бирөөнү окуп жаткан болчу, чочкочунун жардамчысынын окуялары Бренданын какшыгына караганда бир топ кызыктуу эле.

– Бренда, сен билбейсиңби, – деп кепке аралашты Элли, – ушу биздин Жессте кайдагы сүйлөшкөн кыз болмок эле.

– Ооба, туура айтасың, чын эле тиги таш куурчактай болгон немени ким кыз деп айтсын.

«Кыз» деген сөздү Бренда Жесстин так бет мандайына келип, боёлгон оозун чоюп, шылдыңдап айтты.

Жесстин жини кайнап, ачуусу бетине тээп чыкты, эгер ордунан атып туруп эшикке чыгып кетпегенде, кармана албай тигини муштап жибермек.

Кийинчерээк ал эмне анча жинденгени тууралуу ойлонду. Брендадай акылсыз кыз Леслини шылдыңдап жатса, жинденбегенде кантет? Бренда анын бипбиртууган эжеси, ал эми Лесли болсо ага эч ким эмес экендигин ойлоп алып ичи ачышып жатты. Мүмкүн, китептерде жазылгандай, мени таап багып алышкан эмеспи деген да ойлор кетти. Суу кирбеш үчүн чайыр менен чапталган чабырада уктаган боюнча суу менен агып келген болуп жүрбөсүн? Эркек балалуу болууну эңсеп жүргөн жалаң гана кыздары бар атасы аны таап алып, үйгө алып келгендир... Ал эми чыныгы ата-энеси, бир туугандары алыс жакта, мүмкүн, Батыш Вирджиниядан же Огайодон да алыс жакта жашашса керек. Жалаң гана кызыктуу китептерге толгон үйдө анын үй-бүлөсү кимдир бирөөлөр кичине чагында уурдап кеткен баласын эстеп, кайгырып жүрүшсө керек...

Ал кыялданганын токтотуп, чыныгы жашоосун жана эмнеге ачууланганын эстеди. Чын эле жакында Рождество болгону жатса, а анда болсо Леслиге берер эч нерсеси жоктугуна жинденди. Лесли андан бир кымбат нерсени деле үмтөтпөйт дечи, бирок ошондой болсо да, ал өзү аябай ачка болгондо тамак кандай керек болсо, Леслиге белекти да сөзсүз түрдө бериши керек деген чечимге келди.

Ал сүрөттөр тартылган китепче жасап берүүнү ойлоду. Атүгүл мектептен барак жана карандаштарды да уурдап алган болчу. Бирок тарткандарынын эч бири ага жакпай жатты, жарым-жартылай тартылган барактарды чиймелеп, отко салып өрттөй берди.

Майрамга бир жума калганда анын чыдамы кете баштады. Жардам же кеңеш сураганга эч ким жок. Атасы ага: «Үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнө бир доллардан белекке жеткидей акча берем» – деп убада кылган. Белектерден акча үнөмдөп калган күндө да, ал акча Леслиге ылайык белек алууга жетмек беле. Анын үстүнө Мей Белл барби куурчак деп жүрөгү элеп-желеп болуп жүрөт, ага Бренда, Элли үчөө биригип куурчак алып беребиз деп убадалашып коюшкан. Ал аз келгенсип, баалар да көтөрүлүп кетип, эми бардык акчасын кошкондо араң Мей Беллдин куурчагына жетип калды. Эмнегедир быйыл ушул Мей Белл да кычап туруп алганын карачы. Дайыма эле ушинтип бутка чалынып жүрөт. Же бир Лесли экөөнүн иштерине аралашпай тим тур дегенди түшүнүп калсачы. Жойс Энн менен эле ойной берсе болбойбу?.. Дайыма эле анын азабын тартып жүргөнү жүргөн. Эми минтип Барби керек болуп отурат.

Акчанын жоктугу кендирди кесип, Леслиге белек даярдоо аракети текке кетип жатты. Лесли Бренда менен Эллидей эмес. Кандай белек берсе деле ал шылдыңдап күлбөйт. Эмнеси болсо да, ал өзү уялбай тургандай бир жакшы белек бериши керек. Эгер жетишерлик акчасы болгондо телевизор сатып бермек. Өз бөлмөсүнө коюп алып, Жуди менен Биллге тоскоол болбой көргүдөй кичинекей япондук телевизор алып бермек. Алар ушунча акчалуу болуп турушуп, Леслиге бир телевизорду ыраа көрбөгөндөрү калыстык эмес. Лесли

Брендача оозу ачылып, көзү балыктыкындай болуп тостоюп чыккыча ордунан жылбай күнү-түнү көрбөйт эле го. Ар бир эле адам анда-санда болсо да телевизор көргүсү келет эмеспи. Эгерде анын телевизору болгондо мектептегилер да шылдыңдап күлгөнгө себеп болмок эмес да.

Канча аракет кылган менен бул кыялы ишке ашпай калды окшойт. Ал жөнүндө кечке ойлоно берүү эми кажетсиз.

Ал өзүнө жини келип автобустун терезесинен сырт жакты карап кетип баратты. Леслидей кыз аны менен эмне себептен ээрчишип жүрөт дейсиң. Анткени анын ээрчишчү башка эч кимиси жок. Эгер ушул жиндидей болгон мектепте аны менен ээрчишчү башка бирөө болгондо, муну карайт беле..?

Чын эле мээси жоктугунун айынан ...мына дагы жолдогу жазууну байкабай өтүп кете жаздады. Ошол замат оюна бир нерсе «кылт» этти да, ордунан атып туруп, Мей Белл менен Леслиге «кечирээк кезигебиз» деген бойдон, жолдогу сунулган буттардан аттап-буттап эшикти көздөй жөнөдү.

– Ушул жерден түшүп калайынчы, Мисс Прентис.

– Бул сенин аялдамаң эмес да.

– Апам бир иш тапшырды эле... – ал калп айтты.

– Бир балээге кабылсаң мен жооп бербеймин, – деди ал токтотуп жатып.

– Кам санабаңыз. Рахмат.

Ал автобус токтой электе эле секирип түшүп, артта калган жарыя тактасын көздөй чуркады.

«Күчүктөр. Акысыз» – деп жазылган эле анда.

Жесс Леслиге Рождествонун мурунку күнү түштөн кийин сарайдан жолугалы деген эле. Үйдөгүлөрдүн бардыгы Милсбург Плаза дүр-дүйнө дүкөнүнө кетишкен, ал баргысы келген жок.

Бул күчүктүн өңү кара-күрөң, ал эми коймолжуган көздөрү жагымдуу эле. Жесс Бренданын суурмасынан анын жибин уурдап чыкты да, күчүктү бооруна көтөргөн боюнча дөңдөн ылдый талааны кесе чуркап баратты. Ал соолуган өзөндүн жээгине жеткенче күчүк бети-башын жалап-жуктап, ал тургай төшүнө заара кылып жиберсе да ага ачууланган жок. Аны колтугуна бекем кыскан бойдон наркы жээкке аркан менен каалгып секирип өттү. Ал өзөндү бойлоп келсе колундагы күчүк кыйналмак эмес, бирок күчүк болсо да «Терабитияга» келаткан соң анын мыйзамдарына баш ийиши керек деп эсептеди.

Антпесе болмок эмес. Сепилге жеткенде ал күчүктүн мойнуна жипти байлап койду эле, тигиниси бошонууга аракеттенип, жиптин учтарын тиштегиле-

ген сайын кыткылыктап күлүп жатты. Мындай кичинекей, акылдуу белекти уялбай эле сыймыктуу түрдө тапшырса болот.

Леслинин көздөрүндөгү кубаныч ал алдын-ала элестеткендегидей эле болду. Кыз муздак жерге тизелеп отура калып, күчүктү бетине такады.

– Абайла. Шаркыратып жибербесин.

Лесли аны бир аз алыстата кармап:

– А бул ургаачыбы же эркекпи? – деп сурады.

Лесли билбеген нерсе да болот окшобойбу. Ушунча убакыттан бери биринчи жолу кызга бир нерсе үйрөткөнгө мүмкүнчүлүк алды окшойт.

– Эркек!– деди кубанганын жашыра албай.

– Анда мунун атын ханзаада Терриен деп коёбуз, бул «Терабитиянын» сакчысы болот.

Ал күчүктү жерге коюп, ордунан турду.

– Каякка?

– Кызыл карагайлар жакка. Ал жакта кандай гана сонун!

Кечке маал Лесли Жесске белегин берди. Жыйырма төрт түстөн турган бир куту акварель боёгу, үч кыл калеми менен көп барактуу сүрөт тартуучу альбом.

– О, кудай!– деп жиберди ал. – Рахмат! – мындан да жакшы сөздөрдү айтkысы келди, бирок оозуна келгени ушул болду.

– Рахмат!– деп кайталады анан.

– Бул сеникиндей өзгөчө белек эмес, – деп Лесли мойнуна алды. – Бирок сага жагат деп ишенем.

Ал кызга белек ага абдан жаккандыгын, кандай сыймык тартуулагандыгын, бүгүнкү күн ушунчалык жагымдуу болгон үчүн эми ага Рождествонун калган бөлүгү кандай өтсө да баары бир экендигин сөз менен айта албай турду.

– Ооба, албетте, абдан жакты, – деди да, тизелей калып, ханзаада Терриенге үрүп кирди. Күчүк да аны айланып чуркап, кубанычтуу борсулдап жатты.

Леслинин күлкүсү Жессти ого бетер күчөттү. Ал күчүк эмне кылса ошону туурап, секирип, үрүп, жада калса тилин да салаңдатып чыгарып алды. Лесли боору эзилгенче каткырып, сүйлөгөнгө да алы келбей калды.

– Се-сен акылыңдан айнып калдың окшойт. Биз муну салабаттуу сакчы кылмак эмес белек? Сен аны маскарапоз кылып койдуң го.

– Р-рафф, – ханзаада Терриен асманды карап үрө баштаганда, күлүп атып экөөнүн алы кетип калган.

– Мүмкүн, – деди күлкүсүн араң тыйган Лесли. – Биз муну сарайдагы көңүл көтөрүүчү маскарапоз эле кылып койбойлубу?

– Аты жарашпай калат ко...

– Эчтеке болбойт. Аты ошондой эле кала берсин. Ханзаада деле күлкүчү боло алат да, – деди «терабитиялык» таасирдүү үн менен.

Бул күндүн жагымдуу таасири кечинде да Жесстин жүрөгүнөн кетпей турду. Кыздардын белектерди ачууга ашыгып чуруldaшкандары да аны анча кызыктыра албады. Ал Мей Беллге майда белектерин орошконго жардам берди. Мей Белл, Жойс Энн үчөө «Санта Клаус шаарга келатат» ырын ырдашты. Бир маалда Жойс Энн: «Үйдө очок жок, мор болбосо Санта кантип жол таап келет» – деп ыйлап баштады. Ал: «Ушу кичине кызды дүр-дүйнө дүкөнүнө алпарып, аркы-беркилердин баарын көрсөтүп бүйүрүн кызытыштын кереги бар беле?» – деп ойлонуп жатты. Эми ал кызыл чапанчан киши келип, каалаганынын баарын орундатат деп күтөт эмеспи. Мей Белл алтыда, ага акыл-эс кирип калган. Анын эси-дарты эле тиги – саксайган Барби. Бул кыз үчүн акчасын аянбаганына ал сүйүнүп турду. Жойс Эннге го чачка таккыч деле боло берет. Ал баары бир арзан нерсени алып келген тура деп Жесске эмес, Сантага жинденет.

Ал Жойс Эннди олдоксон кучактады:

– Болду эми, ыйлаба. Сантага мордун деле кереги жок. Ал өзү эле жол табат, туурабы Мей Белл?– ал өзүн бакырая карап турган Мей Беллге көзүн кысты. Кыз жибип кетти окшойт.

– Чын эле, Жойс Энн. Ал жолду билет. Ал баарын билет, – деп көзүн кысымыш этип бетин тырыштырып койду. Ушундай эстүүлүгү үчүн ал Мей Беллди аябай жакшы көрө турган.

Эртеси эртең менен ал Мей Беллге Барбисин отуз жолу кийинтип-чечинткенге жардам берди. Тар көйнөктү куурчактын башы менен колдорунан өткөрүп кийинтүүгө, майда топчуларын чечип кайра топчулоого алты жашар кыздын колунун эби келбей кыйналып жаткан.

Ага жарышка түшчү оюнчук машиналардын тобун белек кылышты. Алар менен атасын ыраазы кылыш үчүн гана бир аз ойноду. Теледеги жарнамалардагыдай чоң эмес, бирок ток менен жүрөт, атасы муну алыш үчүн өз баасынан да ашык акча короткондугун билип турду. Бул эч нерсе түшүнбөгөн машинелер кичине эле бир нерсеге тийип кетсе, кулап кетип жаткандыктан, атасынын жини келип тилденип жатты. Жесс бүгүн өзүнүн белекке берген күчүгү үчүн кандай маашырланса, атасы да бул белегине ошондой маашырлануусун каалады.

– Абдан сонун, ата! Чын эле айтам. Мен өзүм буга көнө албай жатпаймынбы, – деп атасын жооткотту. Кызарган бетине түшкөн чачын кайрып коюп, ал желим машиналарына үңүлүп убаралана берди.

– Арзандын шорпосу татыбайт деген ушул да!– күтүүсүздөн атасы машинелер турган тактаны тээп жиберди.– Азыраак акчаң болсо, ошого да жарыган нерсе сатып ала албаган заман болду го.

Жойс Энн жаңы эле белекке алган сүйлөгөн куурчагынын боосун тартам деп жулуп салып, куурчагынын сүйлөбөй калганына ичи ачышып керебетинде бакырып ыйлап жатат. Бренда болсо бултуюп отурат, анткени Элли белекке колготки алыптыр, ал араң эле кончу узун байпак алган. Элли эч нерсе менен иши жоктой, колготкисин кийип алып, апасына тамак даярдоого жардам беримиш болуп, ары-бери басып мактанып жүрөт. Эх, ушу Элли, кээде Уанда Кей Мурдан айырмасы жок болуп кетет.

– Жесси Оливер Эронс, эгерде сиз алдагы болбогон оюнчуктар менен ойногонуңузду токтотуп, уй саап келсеңиз, сизге ушунчалык ыраазы болор элем. Сизге майрам болгону менен, Мисс Бесси майрам дегенди билбейт да.

Жесси секирип туруп, атасын ыраазы кылам деп канча аракет кылса да, оң иштебей жаткан машинелерден кутулганына сүйүнүп, сыртка жөнөдү.

Апасы Жесстин мынча шамдагайлык менен туруп баратканын байкабай калды окшойт, дагы эле сүйлөнүп жатты:

– Ушу Элли болбосо эмне кылмакмын билбейм. Мен өлүп атамбы же тирүүмүнбү, балдарымдын арасынан жалгыз гана ушул кызым ойлонот.

Элли желимден жасалган периштедей ырсайып бир Жессти, бир Бренданы карады эле, Бренда тетири бурулуп кетти.

Лесли аны эле күтүп тургансып, ал короодон чыгары менен Перкинстер жактан тегеренип чуркаган күчүгү экөө атып чыгышты. Алар Мисс Бессинин сарайынан кезигишти.

– Сени такыр чыкпай коёбу деп жаттым эле.

– Рождествону майрамдап жатканбыз да.

Ханзаада Терриен Мисс Бессинин туяктарын жыттагылады эле, ал жинденип бутун серпип жиберди. Жесс тынчыраак уюн саай берсин деп, Лесли күчүктү көтөрүп алды.

Күчүк аны сүйлөтпөй бети-башын жалап жатты. Кыз кыткылыктап: «Мээси жок күчүк» – деп сыймыктанып айтып жатты.

– Чын эле, – деди ал. Ага майрамдык маанай кайра кайтып келгендей болду.

## Жетинчи бөлүм

## Алтын түстүү бөлмө

Мистер Берк Перкинстердин эски үйүн оңдоп баштады. Рождестводон кийин Миссис Берк китеп жазып ортолоп калгандактан, жардам бергенге убактысы болбой Леслиге түйшүк түштү. Саясат жана музыка боюнча билими тереӊ болгону менен мистер Берк абдан унутчаак эле. Ал «Кантип жасоо керек?» деген китептен бир нерсе карoo үчүн колундагы балкасын бир жерге коёт да, анысын таппай кечке убаралана берет. Мындай учурда зирек Лесли анын жанында болуп, таап берип турбаса болбойт, анын үстүнө атасы да кызынын зериктирбей жанында болуусун каалайт. Айрыкча, мектептен келгенден кийин жана дем алыш күндөрү кызын карыш жылдыргысы жок. Лесли мунун баарын Жесске түшүндүрдү.

Ошентип, Жесс «Терабитияга» жалгыз бара турган болду, бирок мунун эмне кызыгы болмок эле. Сырдуу дүйнө Леслисиз кызыксыз. Өз алдынча сыйкырдуу күчтөрдү чакырып ойногусу келет, бирок Лесли жокто туура эмес иштерди кылып, сырдуу дүйнөнү чочутуп же кыйратып алуудан коркот.

Үйгө келсе же апасы бир иш тапшыра калат, же Мей Белл куурчак ойнойбуз деп жанын койбойт. Кудай ай, эмнеге ушул куурчакты сатып берем деп жан талашты экен? Куурчактын колун ары-бери кайрып же көйнөгүн кийгизип отургуча боортоктоп жатып алып сүрөт тартса сонун болбойт беле. Жойс Энн андан бетер тажатат. Жатып мына эми сүрөт тартып баштаса эле тиги кыз келип алып аны чапкылап ойнойт. Урушуп кубаласа кайра бурулуп алып, сөөмөйүн оозуна салып, бышактап ыйлайт. Анан, албетте, апасы кыйкырат:

– Жесси Оливер, балага эмнеге тийишесиң ыя! Кыларга иш жоктон бетер эмне сулкуюп жатасың алдагы жерде? Тамак жасаганга отун жарып кел, – деп айтпадым беле!

Кээде ал Перкинстердин короосуна уурданып барып, Мистер Берк сыртка кубалап салган ханзаада Терриендин кире бериште кыңшылап турганын көрөт. Аныкы деле туура да. Иштеп жатсаң жолтоо болуп, колдоруңду тиштегилеп же секире калып бети-башыңды жалап жиберип жатса, кантмек элең? Ал күчүктү талаанын жогорку жагына эркинирээк ойноткону алып барат. Эгерде күн жылуу болсо, Мисс Бесси кашаанын артында кыжырдуу мөөрөп турган болот. Ал күчүктүн үргөнүнө же башка тырсылдаган дабыштарга көнбөй жатат окшойт. Же кыштын жай өтүп жаткан күндөрү ушундай кызыксыз болуп жатабы? Айтор, адамдар да, жаныбарлар да көңүлсүз. Албетте, Леслиден башкалары. Ал жан дили менен эски үйдү оңдоп-түздөгөнгө жардам берип жатты. Атасына керек болуп жатканы ага аябай жагып жаткандай. Алардын иштегенден да сүйлөш-

көндөрү көп. Кыз көп нерселерди жана атасын «түшүнгөндү» үйрөнүп жатканын танаписте божурап берет. Ата-энелер да балдарынын аларды «түшүнүшүн» каалайт дегенди Жесс биринчи жолу угушу, бул Милсбург банкындагы сейф аны бирөөлөр ачышын чыдамсыздык менен күтөт дегендей эле кеп го?

Ата-эне деген ата-эне да, аларды табышмактатып баш оорутуштун кереги эмне? Чоң эле кишинин өз баласы менен дос болгусу келгенин кандай түшүнсө болот? Өзү теңдүү достордон тапсын да, баласынын да өзүнө тең досторду табуусуна тоскоол болбой эле койбойбу.

Жессинин Леслинин атасына болгон кыжырдануусу күтпөгөн жерден пайда болгон жарадай эле болду. Тырмаган сайын чоңоюп, күчөп эле баратат. Тырмабоого жакшы эле аракет кылып унута түшөт, анан эле бир маалда байкабай кайра тийишип алат. Бул киши жаман тоскоол болду го. Ал тургай, Лесли экөө жалгыз болсо да, ортого аралаша калат. Танаписте мурдагыдай эле божурашып отуруп эле Лесли «Билл мындай ойлойт же андай ойлойт» дегенде эле баягы эски жараны тырмап алгандай болот.

Акыры, кыз муну байкап калды. Леслиге окшогон тетик кыз үчүн мындай нерсени тээ февралга чейин байкабай жүрүү деген эмне? Өтө эле кеч байкабадыбы...

– Сен эмнеге Биллди жаман көрөсүң?

– Аны жаман көрөт деп ким айтты сага?

– Жесс Эронс. Мени эмне, таптакыр эле дөдөй – деп ойлойсуңбу?

Кээде ушинтип дөдөй боло калат. Жесс: «Мени аны жаман көрөт деп ойлоого эмне түрткү болду?» деген мааниде айтпадыбы.

– Сен мурдагыдай биздикине келбей калдың. Адегенде мен: «Туура эмес бир нерсе кылып алдымбы?» – деп ойлодум. Бирок андай деле эмес экен. Биз мектепте жакшынакай эле сүйлөшүп жатпайбызбы. Сени дайыма эле талаада күчүк менен ойноп жүргөнүңдү көрөм, бирок үйгө жакындап да койбойсуң го.

– Сен дегеле бошобой жатпайсыңбы, – ал өзүнүн Брендадан бетер олдоксон айтып алгандыгын сезген жок.

– Ошол элеби! Бошобой жатканды көргөндөн кийин келип жардам берсең болбойбу?

Катуу шамалдан өчүп калган жарык кайра «жарк» этип күйгөндөй эле болду. Ошол оюна келбептир го. Чын эле, ким дөдөй десең?

Ошентип, Леслинин атасына көнүшкөнчө бир топ күн керек болду. Ал кишиге кантип кайрыларды билбей убараланды. Эгер: «Эй» – деп чакырса, Лесли экөө тең бурулуп карап калышат. «Мистер Берк» – деп кайрылды эле:

– Мени Билл деп эле айта бер, Жесс, – деди.

«Макул» деген менен, бир-эки күн айта албай кыйналды да, акыры көнүп кетти. Көп окуган, акылдуу Биллдин деле билбеген нерселери бар экендигин түшүндү. Ханзаада Терриенге окшоп эшиктин алдында калбагыдай өзүнүн да бул кишиге пайдалуу жактары бар экендигине көзү жетти.

– Сен азаматсың, – деп калаар эле ал, – булардын баарын кайдан үйрөнүп алгансың, Жесс?

Ал өзү кайдан, качан үйрөнгөнү деле эсинде жок болгондуктан, тек гана ийнин куушуруп, Билл менен Леслинин мактоолоруна магдырап туруп берер эле.

Адегенде алар эчен жыл мурда эле курулган очоктун дат баскан кирпичтерине чыккыс болуп жабышып калган тактайларды сыйрып чыгышты. Андан соң конок бөлмөсүнүн дубалдарындагы беш катар болуп үстү-үстүнө чапталган, эскилиги жеткен чаптама кагаздарды сыйрышты. Оңдоп-түздөп же сырдап жаткан учурларда алар Биллдин кассеталарын угушуп же өздөрү ырдашат. Кээде Жесс менен Лесли Мисс Эдмундстан үйрөнгөн ырларын Биллге, ал эми Билл өзү билген ырлардан берки экөөнө үйрөтүшүп көңүлдүү иштешет. Кээде жөн эле сүйлөшүшөт. Биллдин дүйнөдө болуп жаткан окуяларга түшүндүрмө бергендерин Жесс кызыгып угат. Эгер апасы ушуларды уккан болсо, «чыйтайган» дегендин ордуна ал, сөзсүз, буга экинчи Уолтер Кронкит (Америкадагы белгилүү жаңылыктарды алып баруучу журналист – А.Т.) деп ат коймок.

Берктер ушунчалык акылдуу адамдар эле. Бир нерсени жасоо же өстүрүү жагынан эмес, Жесс билбеген чыныгы жашоонун жолдорун билген акылдуулар болчу. Мисалы, алар бир күнү иштеп жатышса, Жуди үстүнкү кабаттан түшүп келип, аларга үнүн катуу чыгарып ыр окуп берип жатты, кээ бир сөздөрү италиянча болгондуктан, Жесс түшүнө берген жок, бирок ал сөздөрдүн коңур добушуна магдырап, айланасындагы Берктердин билим деңгээлине суктанып турду.

Алар конок бөлмөсүн алтын түскө боёшту. Лесли менен Жесс көгүлтүр түстү тандашты эле, Билл алтын түс деп туруп алды. Чындыгында эле түштөн кийин терезеден күн тийген учурда, алтын түс күнгө чагылышып өзгөчө бир көрк бергендигин көргөн экөө алтын түскө макул болгондугуна кубанып жатышты.

Аягында, Билл Милсбург «Плаза» дүкөнүнөн жылмалоочу куралды ижарага алып келип, тактанын үстүндөгү эски боёкту кырып жаңыртышты.

– Эч кандай килемдин кереги жок, – деди Билл.

– Туура,– деп коштоду Жуди, – эгер килем салсак, Мона Лизанын сулуулугун көргөзбөй бетин бүркүнчөк менен тосуп койгонсуп калат.

Билл балдар менен терезенин ичке кашектерин сырдап, жууп-тазалап бүтүшүп, Жудини келип карап коюусун суранып ылдый көздөй чакырышты. Төртөө тактага отурган бойдон, бөлмөнү айланта карап жатышты. Керемет!

– Мага абдан жагып турат, – деди Лесли ыраазы боло, – тим эле алтындан жасалгандай. Алтын сарайдай!

«Алтын сарайдай!» – Жесс чочугансып өйдө карап алды да, кайра жеңилдей түштү. Мындай жагымдуу маанайда,байкабай антты бузуп алуу да мүмкүн. Бирок кыз антпейт, Билл менен Жудини канчалык жакшы көрсө да, жашыруун сырын айтпастыгына Жесс ишенет. Кыз да Жесстин тынчсызданганын байкагандай, Билл менен Жудиге байкатпай көзүн кысып койду. «Терабития» экөөнө гана тиешелүү эмеспи.

Эртеси түштөн кийин ханзаада Терриенди алып алышып, «Терабитияга» жөнөштү. Алар бул жакка акыркы жолу чогуу келгенинен бери бир айдай убакыт өтүп кеткен. Алар суунун нугуна жеткенде токтоп калышты. Жесс өзүн падышадай алып жүрүүнү унута түшүптүр.

– Биз бул жакка келбегенибизге көп жыл болуп кетти...– деп шыбырады Лесли. – Биз жокто падышачылык кантип жатты болду экен деп ойлойсуң?

– А биз кайда жүрдүк эле?

– Түндүк чек ара тараптагы кара ниет жапайыларды баш ийдирип жүрбөдүкпү. Бардык байланыш жолдорубуз жарабай калып, өз жерибизге бир нече айдан бери каттай албай калдык.

Чыныгы ханышанын сөздөрүн кара! Жесс да ошондой мүнөздө сүйлөгүсү келди.

– Бир жамандык болсо керек деп ойлойсузбу, ханышам?

– Жүрөктүү бололу, ханым. Ошондой болушу да мүмкүн.

Экөө наркы өйүзгө өтүштү. Лесли жерден эки таякты алып келди.

– Сиздин кылычыңыз, мырзам! – деп шыбырады.

Жесс башын ийкеп кылычын колуна алды. Алар теледеги детективдерге окшоп, эңкейип алышып сепилди көздөй өңүп жөнөштү.

– Ханышам! Сак болуңуз! Арт жагыңызда!

Лесли артка бурулуп, кыялындагы элестетип алган душман менен кармашып кирди. Алардын аркасынан дагы көп душмандар келишти, экөө алар менен кармашып, «Терабития» ызы-чууга толуп кетти. Падышачылыктын сак-

чысы болсо кубанычтуу жүгүрүп, тегеректи ойноп жүрдү, кичинекей неме коркунучту кайдан сезсин.



дашты.



чысы болсо кубанычтуу жүгүрүп, тегеренип ойноп жүрдү, кичинекей неме коркунучту кайдан сезсин.

– Алар жан-соогалап кача башташты го! – деп кыйкырды эр жүрөк ханыша.

– Экинчи бул жакты буту баскыс кылып кубалап салуу керек, мындан ары биздин элге сыйынып жүрүшсүн!

– Чыккыла, чыгып кеткиле биздин жерден! – деп кыйкырышып, душмандарды жээктен ары сүрүп салышты. Кышкы кийимчен болгондуктан тердеп алышкан.

– Мына эми, «Терабитияны» дагы бир жолу бошоттук.

Падыша терин аарчып дөңгөчкө отура кетти эле, ханыша аны көпкө эс алдыргысы келген жок.

– Мырзам, биз кызыл карагайлар токоюна барып, жеңишибиз үчүн аларга ыраазычылык билдиришибиз керек.

Экөө ээрчишип кызыл карагайлар токоюна келишти да, тунарган жарыктын алдында унчукпай көпкө турушту.

– Биз кимге ыраазычылык билдирип жатабыз? – деп шыбырап сурады Жесс.

– О, кудай!– деди ал суроого наараазы боло, – токойдун ээсине да, кимге болмок эле...

Кыз динге эмес, өзүнүн кыялындагы сыйкыр дүйнөгө көбүрөөк маани берер эле.

– Сиздердин колдооңуздар бизге жеңиш алып келди! – деди Жесс кайдан укканы эсинде жок, бирок ушул сөз туура келгендей туюлду. Лесли да аны карап башын ийкеди.

– «Терабитияны», анын элин жана башкаруучуларын ар дайым колдоп жүрүңүздөр, – деп Лесли улантып кетти.

– Ар-ррр.

– Күчүктү дагы, – деп кошумчалады Жесс күлүп жибербегенге аракет кылып.

– «Терабитиянын» сакчысы жана маскарапозу ханзаада Терриенди дагы. Аминь!

– Аминь!

Ыйык жерден узап кеткенчекти экөө тең күлбөгөнгө аракет кылып араң чыдашты.

«Терабитиядагы» душмандар менен болгон кармаштан бир нече күндөн кийин алар мектепте дагы бир окуяны баштарынан кечиришти.

Танаписте Лесли Жесске ал кыздардын ажатканасынын жанынан өтүп баратып, ал жакта бекинип алып ыйлап жаткан кыздын үнүн угуп калганын айтып келди.

– Сен ишенбешиң мүмкүн, – деп шыбырады кыз ага, – эшиктин ылдый жагынан көрүнгөн бутка караганда ал Женис Эйвери.

– Койчу тамашаңды! – деди Жесс ишенбей, ал Женис Эйверинин унитазда отуруп алып ыйлап жатканын элестете албай жатты.

– Андан башка биздин мектепте Уиллиард Хугестин атын бут кийимине жазып алган эч ким жок да. Анын үстүнө ал жактан чыгып жаткан түтүндөн газга каршы бет кап кийбесең думугуп калчудайсың.

– Ал чын эле ыйлап жатыптырбы?

– Жесс Эронс, мен ыйлап жатабы же жокпу айырмалай алам го.

Эмне эле болуп жатат буга? Женис Эйвери буга жалаң гана жамандык кылып келди го, эми болсо бул Берктин токой карышкырларына, киттерине боору ооругандан бетер тиги жинди кызга боору ооруп турганы кандай?

– Ал баягы Уиллиарддын катынан кийинки катуу шылдыңдарга деле чыдап ыйлаган эмес эле го?

– Ошону айтсаң.

– Эми эмне кылабыз? – ал кызга суроолуу тигилди.

– Эмне кылабыз дейсиңби? – кыз түшүнбөй кайра суроо берди.

«Муну эми кантип түшүндүрсө болот?»

– Лесли, эгер ал жырткыч жаныбар болсо, биз баары бир аны сактоого аракет кылмакпыз да, туурабы?

Лесли ага таң кала карады.

– Сен дайыма мага боорукер болуу керек деп айтасың го...

– Женис Эйвериге дагыбы?

– Эгер ал чындап ыйлап жатса, жаман бир нерсе болсо керек.

– Болуптур, эмне кылалы деп турасың?

– Мен кыздардын ажатканасына кире албайм да. – Ал кызарып кетти.

– Аа, түшүндүм. Сен мени барып ошол акуланын жеми бол дегени турасыңбы? – Жок. Бара албайм. Рахмат, Мистер Эронс.

– Лесли, чын айтам, эгер мага кирүүгө болчу жер болсо бармакмын. Ал чын эле ошондой кылмак.

– Эмне, сен андан коркуп жатасыңбы Лесли? – ал муну кыздын намысына тиейин деп айткан жок, ал чын эле Леслинин коркуп жатканына таң калып айтты.

Кыз аны жалдырай тиктеп, башын чулгуп алды да:

– Макул, мен барайын. Бирок Жесс Эронс, бул кылганың өмүрүңдөгү кылган эң эле акылсыз жорук экендигин сен билип коюшуң керек.

Ал кыздын аркасынан акырын ээрчип барып, кыздардын ажатканасынын бери жагындагы кичинекей бөлмөгө жашынып калды. Кокус, Женис Леслини түртүп жиберсе, аны жыгылтпай кармап калуу үчүн ошол жерде даяр турушу керек эле. Лесли кирип аркасынан эшик жабылгандан бир мүнөттөй убакыт өттү. Лесли Жениске бир нерсе деди. Сөгүнгөн катуу үн эшиктин ар жагынан даана угулду. Андан кийин бышактап ыйлай баштады. Кудай жалгап, бул үн Лесликики эмес. Ый аралаш сүйлөп жаткан үндөрдү шыңгыраган коңгуроонун үнү басып кетти.

Кечке эле кыздар ажатканасынын эшигин аңдып тура берип кармалып калбаса болду, кантип кетип калат эми? Эки оттун ортосунда калгансып жатты. Сырттан кирип келген балдардын тобу бул маселени чечип кетти. Байкатпай алардын арасына сүңгүдү да, кулагына сөгүнгөн, ыйлаган үндөр жаңырган боюнча классты көздөй жөнөдү.

Класста отуруп алып да, ал Леслинин келишин күтүп эшикти карай берди. «Күлүк куш» мультфильминдеги запкы көргөн бөрүдөй болуп, сүйрөлүп араң басып кирет го? – деп элестетип жатты. Тескерисинче, кыз капкара көздөрүн жайнатып, күлүп кирип келсе болобу. Кечиккени үчүн кечирим сурап, бийлей басып Миссис Миерстин жанынан өтө бергенде, ал: «Өзгөчө кыз, Лесли Берк» – деп жылмайып кала берди.

Эмне болгондугун кантип билет эми? Эгер Леслиге кат жазса, башкалар окуп калышат. Эч болбогондо ал таштанды кагаз салган идиштин же карандаш учтагычтын жанында отурганда, шылтоо таап жанынан өтүмүш болуп сүйлөшүүгө мүмкүн болмок. Тилекке каршы, ал баарынан алыс бурчта отурат да. Же кыз аркасына бир кылчайып койсочу. Эч мүмкүндүк жок. Ал жаңы эле он төрт тоскоолдуктан кыйналбай өтүп кеткен мотоциклдин айдоочусунан бетер, өзүнө өзү ыраазы болуп, алды жакты карап түптүз отурат.

Түштөн кийин автобуска кирип келатканда, арткы орундукта отурган Женис Эйвери Леслиге жылмайымыш этти эле, «Көрдүңбү?» дегенсип ал сыймыктана Жессти карады. Анын эмне болгонун билгиси келип чыдамы кетти. Автобус

жүрүп кеткенден кийин да, кыз Мей Беллге башын жаңсап, «Баланын жанында айтууга болбойт» дегендей ишарат жасап, ого бетер бүйүрүн кызытты.

Акыры, качан гана алар эч ким тоскоол болбогон өздөрүнүн ак сарайына келгенде гана сырын ачты.

– Билесиңби, ал эмне себептен ыйлаганын?

– Кайдан билмек элем, Лесли, бай болгур, айтсаң боло? Деги эмне болуп кетти?

– Женис Эйвери эң эле бактысыз неме турбайбы. Түшүндүңбү?

– Кудай жалгагыр, айтсаң деги ал эмнеге ыйлап жатыптыр?

– Акыбал оор. Мен Женис Эйвери эмне үчүн башка адамдар менен оң мамиле кура албагандыгын эми түшүнбөдүмбү.

– Мени жарылып кетсин деп турасыңбы?

– Атасы аны сабаганын сен билчү белең?

– Көп эле балдарды аталары сабашат. Айтасыңбы же жокпу?

– Аны катуу уруптур. Тим эле Арлингтондогу түрмөгө түшкөн кылмышкерди сабагандай кылыптыр, – ал ишенбей башын чайкап коюп улантты. - Кантип...?

– Ошол себептен ыйлап жатыптырбы? Атасы урган үчүн элеби?

– Жок. Ал таяк жегенге көнүп деле калыптыр. Жалгыз эле ал себеп үчүн анча ыйламак эмес.

– Анан эмнеге анча ыйлаптыр?

– Мм. Кандай айтсам...– Лесли ушинтип маалкатканды жакшы көрөт эмеспи. – Бүгүн ал атасына катуу ызаланып дос сөрөйлөрү Вильма менен Бобби Сьюга даттаныптыр.

– Анан?

– Анан тигил экөө... – деп Женис Эйверинин досторун сүрөттөгөнгө сөз таппай жатты. – Тигил эки кыз аны бүт жетинчи класстарга жайып жиберишет.

Анын Женис Эйвериге чындап боору ооруп кетти.

– Ал тургай, мугалими да угуптур.

– Ий, байкуш... – сөзү үшкүргөнсүп чыкты. Ларк Крикте Мистер Тёрнер өзү баштап катуу карманган эреже бар эле. Үйдөгү маселелерди мектеп турмушу менен аралаштырууга тыюу салынган. Ата-энеси кедей же сабатсыз болсо да, же жөн эле телевизор алып берүүдөн баш тартса да, балдары аларды

жамандабашы керек болчу. Эми эртең Ларк Криктеги ар бир окуучу жана мугалим Женис Эйверинин атасын мыскылдап талкуулашат тура. Көпчүлүк балдардын аталары ооруканада аракечтиктен дарыланып, кээ бирлериники түрмөдө отурушса да, алардыкы билинбей Женистин атасыныкы билинип калбадыбы.

– Дагы эмне дебейсиңби?

– Ии, дагы эмне?

– Мен Жениске үйдө телевизор жок десем баары мени шылдыңдашкан деп айттым. Элдин баары сени башкача караган жаман экендигин жакшы түшүнөм дедим.

– Ал эмне деди?

– Ал мен чындыкты айтып жатканыма ишенди. Анан ал мен тимеле «Кымбаттуу Эбби» (Кеңеш берүү бурчу – А.Т.) болуп кеткенсип, менден кеңеш сурады.

– Сен эмне дедиң анан?

– «Вильма менен Сью оюнан кандай окуяны чыгарып жайып жүргөндөрүн кайдан билем» – деп, эч кимге шек алдырбай жүрө берсең, бир жумадан кийин баары ал жөнүндө унутуп калышат деп айттым. Туура эле айтыптырмынбы? – деп баланын оюн билгиси келип, ага карады.

– Туура, – деп ойлойм. – Ал бир топ эле жеңилденип калгандай көрүндү.

– Анда мен эң сонун кеңеш айткан экенмин да.

Кыз оор жүктөн жеңилдегенсип, кубанып артка кыйшайды:

– Билесиңби, Жесс?

– Эмнени?

– Сенин жардамың менен, менин эми Ларк Крикте бир жана дагы жарты досум бар.

Эмнеге Лесли үчүн дос күтүү ушундай маанилүү экендигин түшүнө албай турду. Мындай достор анын баркын билбей тургандыгын бул кыз качан түшүнөт деги?

– Сенин андан да көп досторуң бар го.

– Жок. Бир, анан жарты эле. Жалаяк ооз Миерс эсепке кирбейт.

Экөөнө гана тиешелүү жашыруун ордодо отуруп, анын кызга болгон сезимдери казанда кайнагандай кайнап жатты. Бирде кыздын жан дүйнөсүнүн

жалгызсырай бергенине кайгырса, бир туруп кубанат. Ушул кенен дүйнөдө ал Леслинин жана Лесли анын жападан жалгыз досу экендигине бактылуу эле.

Ал түнү кичинекей кыздарды ойготуп алуудан чочулап, жарыкты күйгүзбөй туруп төшөккө кирип бараткан.

– Жесс, – деген Мей Беллдин үнүн угуп, таң кала токтоп калды.

– Сен дагы эле уктай элексиңби?

– Жесс, мен Лесли экөөңөр жашырынып барып жүргөн жерди билем.

– Эмнени айтып жатасың?

– Мен силерди аңдып, артыңардан баргам.

Жесс кыздын жанына кантип жеткенин сезбей калды:

– Мени аңдыганды ким койду сага!?

– Эмнеге болбойт экен? – кыздын үнү кекээр чыкты.

Ал кызды ийинден алып, башын өзүнүн маңдайына тартты. Караңгыда ал жүрөгү түшкөн жөжөдөй болуп аянычтуу көрүндү.

– Угуп алгын, Мей Белл Эронс, – жини кайнап шыбырады. – Дагы бир жолу аңдыганыңды кармасам, өлдүң дей бер.

– Уктум, уктум...

Ал төшөгүнө жаңы эле киргенде:

– Сен жаман баласың. Апама айтам, – деп калды кыз.

Ал кайра кызды ийинден алды:

– Бери кара, Мей Белл, сен аны айта албайсың. Лесли экөөбүздүн барчу жерибизди апама айта албайсың деп жатам!..

– Эмнеге?

Анын айласы кетти. Мей Беллди кайра ийинден алып жулкулдатты:

– Ошого, Мей Белл аны эч кимге айтууга болбойт! Экинчи мени аңдыганыңды жана апама чыйылдап жетип барганыңды көрбөйүн, уктуңбу?

– Эмнеге болбойт?

– Эгерде сен андай кыла турган болсоң, анда мен Билли Жан Эдвордско сенин кээде төшөккө коё берип саларыңды айтып коём.

– Айта албайсың!

– Болду эми, жетишет! Мындан ары менин ишиме киришпей жүргүнүң.

Кызды Библия менен каргантып убадасын алса да, көпкө чейин уктай албай жатты.

Ушундай маанилүү нерсени алты жашар текебер кыз айтпайт деп ишенүүгө болор бекен? Жашоосу кээде бир эле тараптан кичине жел үйлөсө, эч нерсеси калбай чачырап кетчү каакымдын үлбүрөгүнө окшоп кеткенсийт.

## Сегизинчи бөлүм

## Пасха

Пасха майрамы жакындап калса да, бир топ убакыт түнкүсүн жылуу болгондуктан, Мисс Бесси эшикте эле түнөп жатты. Андан кийин жаанчыл болду. Март айы бою көнөктөп төктү. Канча жылдан бери тамчы суу акпай кургап калган өзөндүн нугуна суу толуп агып жатты. Болгондо да жылжып аккан бөксө суу эмес, арканга жармашып өтүп баратканда, алдыңдан аркырап аккан сууну кароо коркунучтуу эле болуп калды. Жесс аркы өйүзгө ханзаада Терриенди койнуна салып алып өтүп жатты, күчүк ушундай бат чоңоюп жаткандыктан, кайсы маалда сыдырманы ачып алып, сууга кулап чөгүп кетер экен деп чочулайт.

Элли менен Бренда майрамда чиркөөгө эмне кийип барышарын талашышып убара. Үч жыл мурун апасы чиркөө кызматкери менен уруша кеткендиктен, булар чиркөөгө жылына бир гана жолу – ушул Пасхада гана барып калышкандыктан, буга абдан маани беришер эле. Апасы кедейбиз деп ыйлактаганы менен эл алдында үй-бүлөсү уят болуп калбоосу үчүн аракет кылып, акчасын аячу эмес. Майрамдан мурунку күнү апасы балдардын баарын Милсбург Плазага алып барып, жаңы кийим алып берүүнү пландаштырып жаткан. Эмнегедир атасы Вашингтондон эрте келди. Ал жумуштан кыскарып калыптыр. Эми кайдагы жаңы кийим?

Элли менен Бренда өрт өчүрүүгө бараткан машинелерден бетер чурулдашып жатышты.

– Мен чиркөөгө барбайм. Кийип барчу кийимим жок, кантип бармак элем...– деди Бренда.

– Семирип кеткениң үчүн чак көйнөгүң калбай калды да...– деп күңкүлдөдү Мей Белл.

– Апа, мунун эмне дегенин уктуңбу? Өпкөсүн үзөм азыр!

– Жаагыңды басчы, Бренда! – апасы кесе айтты да, аркасынан кейип-кепчип, – кийимден башка да ойлоно турган көп нерсе бар, – деди.

Атасы калдыратып-шалдыратып ордунан туруп барып, мештин үстүндөгү чайнектен өзүнө кофе куюп келди.

– Насыяга алып турсак болбойбу? – деп Элли кууланып сурады. Бренда ушуну эле күтүп тургансып:

– Билесиңерби, элдер кандай кылат? Кээ бирөөлөр кийимдерди насыяга алышат да, бир аз кийгенден кийин, «батпай калды» деп же дагы башка шылтоолорду айтышып, кайра өткөрүп салышат. Дүкөндөгүлөр деле аларды кыйнабайт.

– Өмүрү мындай кеңкелестикти уккан эмесмин. Апаң айткандан кийин жаагыңды жаап калсаң боло, кызым! – деп атасы да айкырып жиберди.

Бренда унчукпай калганы менен, эрегишкенсип оозундагы сагызын шар кыла үйлөп, катуу тарсылдата берди.

Жесс ызы-чуудан арылганына кубанып, Мисс Бессинин жылуу демин сезип, сарайда аны саап отурду.

*– Жесс?– эшик кагылды.*

– Лесли, кире бер.

Кыз эки жагын каранып, анан отургучтун жанына отура кетти.

– Эмне жаңылык?

– Сурабай эле койчу…

Ал бир калыпта желиндерди чойгулап, чаканын түбүндөгү чулпулдаган үндөрдү тыңшап жатты.

– Эмне болуп кетти?

– Атам жумушунан чыгып калыптыр. Бренда менен Элли Пасхада жаңы көйнөксүз калгандарына ичтери күйүп тытынып жатышат.

– Иий, жаман болгон экен. Атаңа дейм да…

– Ооба. Тиги кыздар үчүн кейиген деле жерим жок. Керек болсо алар бирөөнүн кийимин деле алдап кийип алып зымырайып, элге билгизбей чиркөөгө баргандан деле уялышпайт.

– Силердин чиркөөгө бара тургандыгыңарды билбептирмин.

– Пасхада гана барабыз, – ал жылуу желинди тиктеп калды. – А сен муну туура эмес деп эсептейсиңби?

Ал бир азга унчукпай турду да:

– Барсамбы деп ойлоп жаткам, – деди.

– Кээде сени түшүнбөй кетем, Лесли, – деди ал сааганды токтотуп.

– Мен дегеле чиркөөгө барып көргөн эмесмин да. Кызык болот болуш керек.

Ал кайра уйду саай баштады.

– Сага жага деле койбойт ко.

– Эмне үчүн?

– Тажап кетесиң.

– Өзүм көрөйүн деп жатам да.Силер менен чогуу барсам ата-энең каршы болбойбу?

– Ал жакка шымчан барганга болбойт.

– Менин көйнөктөрүм деле бар, Жесс Эронс.

Мына кызык.

– Кел, оозуңду ач.

– Эмнеге?

– Жөн эле ачып койсоң.

Кыз айтканын кылды. Ал сүттү түз эле анын оозуна саап жиберди.

– Жесс Эронс! – ээгинен ылдый аккан сүттөн улам булдуруктап сүйлөй албай калды.

– Оозуңду ачпашың керек эле да. Сонун сүт ысырап болуп жатпайбы.

Лесли шылкылдап күлөм деп, чакап кетти.

– Бейсбол тобун ушундай түз мээлеп ыргытсам ээ? Кел дагы бир жолу?

Лесли күлкүсүн тыйып, көзүн жумуп оозун ачып туруп берди.

Эми Жесстин күлкүсү токтобой, түз мээлей албай жатты.

– Иий, жинди десе, кулагыма саап салдың, – Лесли ийнин көтөрүп, свитеринин жеңи менен кулагын жаап алды. Дагы эле токтоно албай катыра берди.

– Уйду саап бүтүп үйгө кирсең, ыракмат айтмакмын, – атасы эшиктин алдында туруптур.

– Мен кете берейин, – деп шыбырап Лесли ордунан туруп эшикти көздөй жөнөдү.

– Кечиресиз, – деди жол бошоткон Жесстин атасынын жанынан өтүп баратып. Атасы дагы бир нерсе дейт го деп, Жесс күтүп жатты. Бирок ал унчукпастан бир аз турду да, басып кетти.

Элли эгерде апасы ичинен баары көрүнгөн кофтасын кийүүгө уруксат берсе, ал эми Бренда болсо жок дегенде бир жаңы юбка болсо чиркөөгө барарын айтып жатышты.

Акыры, Жесс менен атасынан башкаларынын баары жаңы кийим алышты. Экөө ага кейишкен деле жок, бирок Жесстин апасы менен бир аз соодалашканга мүмкүнчүлүгү болду.

– Жаңы кийим албаган соң, Лесли биз менен чиркөөгө барышын сурансам болобу?

– Ошол кызбы? – апасы жок деп айтууга оозун эптеп барып, – ал туура эмес кийинет да… – дей койду.

– Апа!– анын үнү Эллиникиндей кекээрленип кетти. – Леслинин көйнөктөрү бар. Толтура.

Апасынын өңү кубарып кетти. Жойс Эннче алдыңкы ээрдин кесе тиштеди да, угулар-угулбас үн менен:

– Менин үй-бүлөмдүн жанында башкалар бой көтөрүп турушун каалабаймын, – деди.

Мей Беллди кучактап сооротҡондой апасын да кучактап жооткоткусу келип турду.

– Ал бой көтөрбөйт, апа. Чын айтам.

Апасы үшкүрүп алды:

– Болуптур. Кебетесин ондоп алып келсин…

Лесли тыпырайып кийинип келди. Чачы жакшынакай таралып, майда гүлдүү кофтасынын үстүнөн көгүлтүр жемпер, кызыл гольфа жана жалтырак күрөң түстөгү булгаары туфли кийип алыптыр. Ларк Криктеги башка балдардай эле Лесли да дайыма кеда кийип жүргөндүктөн, Жесс бул туфлисин мурда көргөн эмес. Демейдеги шарактаган ачык мүнөзүн ичине катып, ал өзүн токтоо кармады. Миссис Эронстун бой көтөргөндөрдөн алыс болуусуну каалаганын билип койгонсуп: «Ооба, айым», «Жок, айым» – деп гана сылык жооп берип жатты. «Айым» деген сөздү колдонбогон Леслиге бир топ эле кыйын болуп жаткандыгын Жесс сезип турду.

Леслиге салыштырмалуу Бренда менен Элли жасалма куйрук тагынып алган тоостой эле көрүнүп калышты. «Батпайбыз» деген шылтоо менен экөө машинанын алдына отурушту. Жесс, Лесли жана эки кичине кыз машинанын жүк сала турган жагындагы атасы төшөп койгон эски каптардын үстүнө чыгып алып кубанычтуу жөнөп кетишти. Күн кыйратып тийбесе да, көптөн бери жаап жаткан жаан бүгүн эле токтогонуна сүйүнүшүп ырдап баратышты.

Мисс Эдмундс үйрөткөн «Кандай керемет таң», «Укмуштуу шибер», «Ырда, ырдай бер» деген ырларды, ал эмес Жойс Эннге арнап «Шыңгыра, коңгуроону» да ырдашты.

Шамал алардын ырын алда-кайда алып кетип жатты. Ансайын обондун сырдуу ыргагы Жесске дем берип, өзүн дөңгөлөктүн артында калып жаткан бөксө тоолордон да күчтүү сезип баратты.

Бат эле жетип калгандары, айрыкча Жойс Эннге жакпай калып ал ыйлай баштады. Анткени анын «Шыңгыра, коңгуроодон» кийинки эле жакшы көргөн ыры «Санта Клаус шаарга келататты» жаңы эле ырдап башташкан болчу. Жесс аны күлдүрмөккө кытыгылап жиберди эле, кайра каткырыктары жаңырып, беттери албырган төртөө арткы эшиктен жылмышып түшө баштаушты.

Алар бир аз кечигип келишти. Бренда менен Эллиге жакшы болду, анткени алар алдыңкы катарга өтүп бара жатканда бардык көздөр аларга кадалары белгилүү да. Эх, ушул кыздар! Апасы болсо Лесли туура эмес бир нерсе айтып жибербесе экен деп тынчсызданып жатты. Жесс аялдардын аркасынан ээрчиген бойдон жылып барып, кайсы бир катардагы отургучтарга атасынан озуп барып отуруп калды.

Чиркөө баягыдай эле. Жесс башкалардын шары менен отуруп, кайра туруп жатканы менен, мектептегидей эле бул жерден да өзүнүн таттуу кыялдарына сүңгүп кетти.

Бир-эки жолу жанындагылар тегиз эмес чар-жайыт ырдап жаткандарын байкады. Лесли да эл менен чогуу ырдап жатканын угуп, эмнеге мынча аракеттенип жатканына таң калып койду.

Чиркөөнүн кызматкеринин үнү да жагымсыз эле. Бир нече мүнөт созолонуп барып, анан эле бакырып жиберсе, чоочуп кетесиң. Ал анткен сайын Жесс секирип кетет да, жыйрыла түшкөн денесин бошоткуча бир топ убакыт өтүп кетет. Ал сөздөрдү деле уккан жери жок, тигинин тери куюлган кыпкызыл бетин бул ыйык жайга ылайык көрбөй жатты. Бул көрүнүш ооз боёгучуна тийишип жиберген Жойс Эннге Бренданын бакырганын элестетти.

Элли менен Бренда чоюлуп, алдыңкы катардан бери эшикке жеткиче бир топко күтүп калышты. Жесс менен Лесли сыртка биринчилерден болуп чыгышып, кичинекей кыздарды орундарына жайгаштырып коюшуп күтүп отурушту.

– Келгениме кубанып жатам.

Жесс кызга ишенбегендей карады.

– Кинотеатрга караганда кызыктуу турбайбы.

– Тамашалап жатасыңбы?

– Жок. Чын эле.

Кыздын чын эле айтып жатканы жүзүнөн билинип турду.

– Иисус жөнүндөгү окуялар аябай кызыктуу го.

– Эмнеси кызыктуу?

– Ал адамдарга эч жамандык кылбаса деле, алар аны өлтүргүсү келген жери… – анын үнү дирилдеп кетти. – Ушул жери кызыктуу, бул Абраам Линкольндун, Сократтын жана Аслондун окуяларына окшоп кетет.

– Кайдан кызыктуу болсун?.. – деп Мей Белл кепке аралашты. – Коркунучтуу. Колун мык менен кадашат да…

– Мей Белл туура айтат, – Жесс терең ойго батып кеткенсиди. – Иисус биздин күнөөлөрүбүз үчүн өлгөн.

– Сен ошого ишенесиңби?

– Библияда ушундай жазылган, Лесли, – ал таң калып турду.

Кыз ага бир нерсе дейин деп барып, кайра токтоп калды.

– Баары бир, ишениш кыйын… – деп башын чайкап койду. – Сага жакпаса да ишенесиң, а мен ишенбейм, бирок мен үчүн окуя кызыктуу. – Кайрадан башын чайкады. – Түшүнүксүз…

Мей Белл зоопарктан бир тааныш эмес жаныбарды көргөнсүп, Леслини көзүн жүлжүйтүп карап койду.

– Сен Библияга ишенишиң керек, Лесли.

– Эмнеге? – Лесли чын ниетинен билгиси келди.

– Эгерде Библияга ишенбесең, сен өлгөндө Кудай тозокко айдап жиберет, – Мей Белл көзүн акырайтты.

– Буга мындай нерселерди ким айткан? – Лесли Жессти кудум кылмышкерди күнөөлөгөнсүп жекире карады. Кыздын үнүнөн жана сөздөрүнөн улам Жесс такалып сүйлөй албай, кызарып чыкты.

Ал кызды тике карай албай, каптын самсаалап чыгып калган бурчун чойгулап отуруп калды.

– Бул чындык, айтып койчу, Жесс, – деп Мей Белл да такып туруп алды – Библияга ишенбегендерди Кудай тозокко айдап жиберет да?

Жесс чачын кайрыды:

– Чын...– ал ооз учунан айтты.

– Мен ишенбейм. Сенин ошол Библияны окуп чыккандыгыңа да ишенбейм.

– Бир топ эле жерин окугам, – деп Жесс дагы эле капты чукулап жатты.– Бизде болгону бирөө гана бар – ал Леслини карап жылмайымыш болду.

– Болуптур, – деди кыз да жылмайып, – бирок дагы эле Кудай адамдарды тозокко кубаларына ишене албай турам.

Алар Мей Беллдин чаркылдаган үнүнө көңүл бурбоого аракет кылышып, бири-бирине жылмайып коюшту.

– Уксаң, Лесли, – деп ал дагы эле чыркылдап жатты. – Эгер сен өлүп калсаңчы? Сен өлүп калсаң эмне болот?...

## Тогузунчу бөлүм

## Белгисиз кара күчтөр

Пасхадан кийинки дүйшөмбүдө жаан кайра күчөдү. Жаратылыштын кубулуштары булардын эң кыска эс алуу күндөрүн көрө албай эрегишип жаткандай. Жесс менен Лесли буттарын кайчылаштырып, Берктердин үйүнүн тепкичинде баткакты чачыратып өтүп бараткан жүк ташыган машиненин дөңгөлөктөрүн карап отурушту.

– Булар саатына элүү беш милди деле басып өтө албайт, – деп кобуранды Жесс. Машиненин терезесинен бир нерсе түшүп калгандай болду. Лесли ордунан тура калып:

– Таштанды ыргытып кетишти! – деп алыстап кеткен жарыктардын аркасынан кыйкырып калды.

Жесс да өйдө болду:

– Эмне кылганы жатасың?

– «Терабитияга» баргым келип жатат, – деди ал төгүп аткан жаанды аянычтуу карап.

– Анда эмесе, кеттик.

– Кеттик. Эмнеге болбосун? – кыз сүйүнүп кетти.

Кыз плащ , ботинкаларын кийип, кол чатырын алды:

– Кол чатырды кармаган бойдон аркы өйүзгө каалгып өтө алабызбы?

– Албетте, – деп башын ийкеди ал.

– Сен да үйүңө кирип кийинип чык.

– Менин ылайыктуу кийимим деле жок. Ушундай эле кете берем...– деп ал ийнин куушурду.

– Анда, мен сага Биллдин эски чапанын алып келе коёюн, – деп жогору көтөрүлүп баратса, кире бериштен Жуди чыга калды:

– Эмне кылып жатасыңар, балдар? – Жесстин апасы да ушул эле суроону бир аз башкача кылып сурамак. Сүйлөп жатканда Жудинин көздөрү тунаргансып, үнү алыстан чыгып жаткансып жаңырып кетти.

– Жуди, биз сага тоскоол бололу деген эмеспиз.

– Эч нерсе эмес. Оюма эч нерсе келбей атат. Бир азга токтотпосом болбойт. Тамактандыңар беле?

– Кам санаба, Жуди. Биз өзүбүз эле бир нерсе жеп алабыз.

Жуди аларды баштан аяк карады да:

– Сен өтүкчөнсүң го?

– Ооба, – деп Лесли буттарын карады аларды өзү да эми байкагансып. – Бир аз сейилдеп келсекпи деп жатканбыз.

– Жаан кайра башталгандабы?

– Ооба.

– Бир кезде жаанда сейилдегенди жакшы көрчү элем, – Жудинин жылмайганын Жесс Мей Беллдин уктап жаткандагы жылмаюусуна окшотуп койду.

– Мүмкүн, экөөңөр мени да кошуп аларсыңар?...

– Албетте.

– Билл келе элекпи?

– Жок. Ал кеч келерин айтып кеткен.

– Андай болсо, жакшы экен.

– Ох! – деп жиберди ал капыстан көздөрүн алайтып. – Ох!– ал бөлмөсүн көздөй жүгүрдү, аңгыча эле жазуучу машинканын тыкылдаганы угулуп калды.

– Келбей жаткан ойлору эми келип калды окшойт...– деди Лесли жылмайып. Жесс «күнү кечке телевизордун маңдайында ары-бери басып жүргөн апанын ордуна ушундай оюнан кызыктуу окуялар чубуруп турган апалуу болуу кандай болду экен»? – деп ойлонуп кетти.

Ал Леслини ээрчип залга кирди. Кыз шкафтан агыш түстөгү плащты жана койдун жүнүнөн токулган тегерек капкара топуну алып чыгып, ага карматты.

– Өтүк таппай жатам, – кыздын үнү шкафтын түпкүрүнөн, кийимдердин арасынан думукkансып чыкты.

– Шиш таман киесиңби?

– Эмне таман?

– Бутс, – деп ал кийимдердин арасынан башын чыгарды. – Мына мындай – таманында шиштери бар спорттук бут кийимди сууруп чыкты. Өлчөмү эң эле чоң, он экинчи окшойт.

– Болбойт го... Баткакка батып калса, жоголуп кетет. Андан көрө жыңайлак барам.

– Эй, анда мен да ошентем, –деп бутүм чыгара салды кыз.

Жер муздак болчу. Буттары тоңуп, тызылдап жатканына карабай алар баткакты шалпылдатып чачырата кечип чуркап баратышты. Ханзаада Терриен да бир деңизден экинчисине секирип жаткан балыктай болуп, бир алдыга жүгүрүп кетип, кайра артка келип, алардын баткак болгон багелектерине илээшип жүдөтүп баратты.

Өзөндүн жээгине жетип токтоп калышты. Эмне деген керемет! Кадимки теледен көргөн «Он осуятта» Моисей деңизди жарып жол жасап, өз адамдарын алып өткөндөн кийин, кайрадан сууну коё бергенде египеттиктерди агызып бараткандагыдай эле көрүнүш. Баягы соолуп калган суу кайрадан ошол деңиздей болуп ашып-ташып, бактардын бутактарын, дөңгөчтөрдү, таштандыларды египеттик аскерлерди арабалары менен кошо агызгансып, жээктегилердин баарын жалмап агызып кетип баратты.

– Вау!– деди Лесли суктанып.

– Укмуш!– деп Жесс арканды карады. Аркан баягыдай эле алманын бутагына байланган бойдон турат. Чыйрыккансып кетти.

– Бүгүн барбай эле койсокчу?

– Коркпочу, Жесс. Барабыз. – Анын плащынын копюшону чечилип, чачы суу болуп маңдайына жабышып калыптыр. Ал суу болгон бетин алаканы менен аарчып койду да, арканга жармашты. Сол колу менен көкүрөгүндөгү топчуларын чечип:

– Ханзаада Терриенди бул жакка салалы, – деп койнун ачты.

– Аны мен эле алып өтөйүнчү, Лесли.

– Алдагы чапандан бул байкуш жылмышып түшүп, түз эле сууга кетпейби... – Ал шаштырып туруп алды эле, Жесс шумүрөйүп суу болгон кучукту анын койнуна салып берүүгө аргасыз болду.

– Күчүктү сол колуң менен кучактап, арканды оң колун менен кармасаң.

– Билем. Билем, – деп ал күүлөнүп алыш үчүн артка кетенчиктеди.

– Бекемирээк карма!

– Болдучу, Жесс...

Жесс унчукпай калды. Көзүн да жумуп алгысы келди, бирок кыз каалгып суунун үстүнөн өтүп барып, аркы жээкке жетип, бутун жерге койгончокту санаасы тынбай карап турду.

– Карма!

Ал колун сунганы менен эки көзү Лесли менен күчүктө болгондуктан, арканды тосуп калалбай, өткөрүп жиберди. Секирип барып, арканды кармады да, суунун дабышы менен сүрүн тоготпостон, күүлөнүп барып каалгып жөнөдү. Жылаңач согончогу муздак сууга тиер-тиймексен болуп барып, жогору көтөрүлдү. Абада каалгып келип, аркы жээкке жеткенде өзүн олдоксон сезип, коном деп жерге жамбашы менен кулап түштү. Ханзаада Терриен дарoo эле ага жармаша калып, баткак тамандары менен агыш чапанын булгаганы аз келгенсип, суу болгон бетин жалап жатты. Леслинин көздөрү күлүңдөп, күлкүсүн ичине катып жатты.

– Туруңуз. Туруңуз өйдө, «Терабитиянын» падышасы. Падышачылыгыбызга баралы.

«Терабитиянын» падышасы мурдун тартып, бетин колу менен аарчыды.

– Турамын, – деп жооп берди ал салабаттуу. – Сиз мобул маскарапоз күчүктү менин үстүмөн аларыңыз менен турамын.

Алар «Терабитияга» шейшемби, шаршемби күндөрү да келишти. Жаан токтобой жаап жаткандыктан, шаршембиде суу аябай эле көтөрүлүп, краб сымал тартайган алманын тулкусуна чейин чыгып кетиптир. Алар күүлөнгөндө буттары кызыл ашыкка чейин сууга малынып кетип жатты. Аркы жээкке Жесс абайлап конду. Падышачылык канча сыйкырдуу болсо да, муздак, ным тактайдын үстүндө бир саат отуруу кыйын эле болуп калды.

Суу көбөйгөн сайын Жесс аркы өйүзгө өтүүдөн коркчу болду. Жээкке келген сайын Жойс Энн апасынын этегине жабышкандай, тиги тарбайган алма

бакка жашынып барбай койгусу келет. Леслинин токтой турчу түрү жок, Жесс айласыз аны ээрчип келип-кетип жатты.

Шаршемби күнү алар сепилде отурганда, капыстан жаан өтө катуулап, тосмонун төбөсүнөн шаркырап ага баштады. Суудан качып, ары-бери жылып жатышты, бирок кургак жер калбай калды.

– Билесизби, мен эмнени ойлонуп жатам, падышам? – деди Лесли кофенин калайын алып агып жаткан суугa тосуп жатып.

– Эмне ой?

– Кандайдыр бир кара күчтөр биздин падышачылыгыбызды ээлеп алышканбы деп чочулап жатам.

– Аба ырайын алдын-ала айтуучу бөлүм эмеспи? – дей салып, Леслинин жүзү ханышаныкындай кыймылынан жазбай турганын байкап калды.

Кыздын тамашалаганы билинбейт. Ал падышача жооп бере албай калганына өкүнүп кетти.

Лесли аны байкамаксан болуп койду.

– Жүрү, ыйык токойго барып, ал жактын ээлеринен бул эмне болгон кара күч жана биз аны кантип жеңээрибизди сурап келели. Чынын айтканда, биздин падышачылыкта жаап жаткан бул жаан жөнөкөй жаан эмес.

– Туура, ханышам, – деп кобуранды да, сепилдин жапыз эшигинен эңкейип сыртка чыкты.

Калың өскөн кызыл карагайлардын арасына жаан өтө албаптыр. Күн да тийбегендиктен бул жерди дээрлик караңгылык каптаптыр. Жаандын тамчылары кызыл карагайлардын жогорку бутактарына тийип, жагымсыз бир ыргагы жок обон чыгаргансыйт. Жесстин денесин коркунуч ээлеп алды.

Лесли жогору жакты карап, колдорун өйдө көтөрүп:

– Оо, Ыйык токойдун ээлери! – деди салтанаттуу кайрылып, – биз сиздерге белгисиз күчтөрдүн сыйкыры алдында калган падышачылыгыбыздын атынан келип отурабыз. Бизге ошол сыйкыр күчтөрдү табууга акылмандык, жеңүүгө күч берүүңүздөрдү суранабыз! – кыз Жессти чыканагы менен нукуду.

Ал колдорун жогору созуп, эмне дээрин билбей мукактанып токтоп калды. Кыз кайра нукуду.

– Суранычыбызды кабыл кылып койгула, оо Ыйыктар!

Кыз ыраазы болду окшойт, кайра нукуган жок. Лесли ошол калыбынан жазбай бирөөнүн айткандарын угуп жатканга окшоп бир топ турду. Жесс чый-

рыгып чыкты, же сууктан же корккондуктан экендигин өзү деле билген жок. Кыз кетүүгө камынып бурулганда, сүйүнүп кетти. Анын оюна кургак кийимдер жана ысык кофе түшүп, телевизордун маңдайында бир-эки саат оонап жаткысы келип кетти. Ал өзүн «Терабитиянын» падышасы болууга татыксыз сезип жатты. Бийик дарактар менен бир аз суудан корккон падышаны ким угуп, ким көрүптүр?

Ал корккоктугу үчүн өзүнө өзү наараазы болгон боюнча берки өйүзгө өттү. Орто жолдон ал төмөн жакта аркыраган сууну карап, тилин чыгарып туруп калды. Бирок ушундай чоң, кара ниет карышкырдан ким корксун? Тра-ла-ла-ла! – деди ал өзүнө өзү маашырланып, анан кайра алма бак тарапты карады.

Суунун агымынан улам жыгылып калган чөптөрдөн жана баткактан тайгаланган анын жыңайлак буттары дөңгө таканчыктап араң чыгып баратты. «Сол, сол! Сол бутту ташта! Алдыга башта! Оң, оң…» – деп айтып баратты ичинен.

– Кийимдерибизди которгондон кийин, силердикинен телевизор көрсөк кантет?

Жесс кубанганынан кызды кучактап жибере жаздады.

– Мен экөөбүзгө кофе даярдап коём.

– Сүйлөштүк, – кыз жылмайды да, Перкинстин үйүн көздөй баткак да, суу да буза албаган өзүнө гана жарашыктуу, сүйкүмдүү ыргак менен чуркап баратты.

Жесс ошол шаршембиде: «Түнкүсүн жакшы эс алам, бардыгы жакшы болот» – деп ойлогон. Бирок түн ортосунда ал дагы эле жаап жаткан жаандын дабышынан чочуп ойгонуп кетти. Ал «Терабитияга» барбай тургандыгын Леслиге айтышы керек. Ал деле Биллге жардам берип жүргөн кезинде Жесске бара албай тургандыгын айтпады беле. А бул болсо ага эч нерсе деген эмес. Кеп Леслиге ал жакка баргандан коркуп атканын айталбай жатканында эмес, кеп мунун коркуп жаткандыгында болуп жатат. Ал өзүн Мей Белл тизип чогулткан баш катырма оюнундагы бет, жаак, анан ээк бөлүктөрү жок кишиге окшоштуруп алды. О, кудай сактай көр! Ал жаандын дабышын угуп, уктабай, суу канчалык көтөрүлсө да, Лесли, баары бир, аркы өйүзгө барганын токтотпостугун ойлонуп жатып таң атырды.

## Онунчу бөлүм

### Ажайып күн

Атасы унаасын от алдырды. Барчу жумушу болбосо да, ал күндө эртең менен ушинтип иш издеп кетет. Кээде жөн гана жумушсуздар бөлүмүн тегеренип жүрүп келсе, кээде кудай жалгап, эмеректерди ташый турган же жууп-тазалоочу жумуштар чыгып калат.

Жесс ойгоо болчу. Туруш керек. Мисс Бессини саап, тамактандырыш анын мойнунда эмеспи. Ал ич кийиминин сыртынан эле футболкасы менен пулловерин кийди.

– Кайда баратасың?

– Уктай бербейсиңби, Мей Белл.

– Жаандын дабышынан уктай албай жатам.

– Уктагың келбесе тура бер да.

– Эмне, жиниң келип кеттиби?

– Акырын сүйлөсөң боло… Алдагы жалаяктай оозуң менен элдин баарын ойготмой болдуң го…

Жойс Энн кыйкырайын деди эле, Мей Белл бетин тырыштырып, аны токтотуп койду.

– Болду эми, – деди ал, – мен уй саап келейин, анан үнүн катуулатпай мультфильм көрөбүз.

Бренда семиз болсо, Мей Белл аябай арык болчу. Ал ич көйнөкчөн боюнча бөлмөнүн ортосунда тыртайып, чыйрыгып кеткиче турду. Көздөрү дагы эле уйкудан ачылбай, бозомук чачтары саксайып тыйын чычкандын кыштын күнкү уясын элестетип жатты. «Ушул кыз дүйнөдөгү эң эле түрү суук кыз болсо керек» – деп ойлоду Жесс ичи элжиреп кызды карап.

– Апама айтам…– деп кыз шымын аны көздөй ыргытып жиберди.

– Апама эмнени айтасың? – шымды кайра артка ыргытты.

– Менин жылаңач турганымды карады, – деп.

Чунак кыз десе. Ойлогонун кара.

– Эми… сендей татынакай кызды кантип карабай коюуга болот? – деп дагы бир нерсени ыргытып жибербесин дегенсип, эшикти көздөй басты.

Ашкана жакка жеткенде кыздын кыткылыктап күлүп жатканын укту.

Сарай толо Мисс Бессинин тааныш жыты. Ал үйдү жоошутуп, отургучуна жайгашты да, чакасын желинге тууралап койду. Жаандын чатырга тийген тамчысынын дабышы менен чакага саалып жаткан сүттүн дабышы жарышып чыгып жатты. Жаан токтосо болот эле. Ал чекесин Мисс Бессинин жылуу денесине такады. «Уйлар коркот болду бекен?» – деп ойлонуп кетти. Ханзаада Терриенден чочуганын эстеди. Таман алдында күчүк үрүп турса, коркунуч эмей эмне? Ханзаада Терриен келе электе Мисс Бесси жопжоош болуп, уйкусурап, кепшеп тура берчү эмес беле. Азыркыдай тынчсызданып, ордуна тынч турбай тыбырчылап, Перкинстер жакты да карачу эмес.

Ал чекесин уйдун капталына сүрткүлөп, үшкүрүп койду. Эмки жайда да өзөнгө суу келсе, ал Леслиден сууда сүзгөндү үйрөтүүсүн суранбаса элеби... «Кандай болот болду экен?» – деп койду өзүнчө. Жанагы, ичиндеги коркунучун ийинден алып, силкип-силкип таштамак. Мүмкүн, суунун алдында сүзгөндү үйрөнсөчү. Өз оюнан өзү чочуп кетти. Жүрөксүз коркок болуп төрөлсө төрөлгөндүр, эми жүрөксүз бойдон өлмөк беле?

«Эй, жигит, медициналык колледжге барып, жүрөк салдырып алсаңчы?»

«Жок, доктор, менин жүрөгүм жакшы эле, мага эр жүрөктүүлүк гана жетишпей жатат!..»

«Кандай угулат болду экен?» – деп өзүнө өзү жылмайып койду. Жүрөк салдыруу жөнүндөгү оюн Леслиге айтса, ага абдан жакмак. Ал чачын артка кайрыйм деп сааганын токтото калды. Чынында, мен мээ салдырышым керек. Леслини билем, эгер мен суунун үстүнөн каалгып өткөндөн коркуп жатканымды айтсам, ал тиштеп албайт же шылдыңдап күлбөйт.

«Лесли, мен ал жакка бүгүн бара албайм» – деп айтса эле болду да. Эмне кыйынчылыгы бар? «Кандайча бара албайсың? Эмне болду?» десечи. Себеби... Тиги...

– Сени бир эмес, үч жолу чакырдым. – Мей Белл Эллини туурады.

– Эмнеге чакырдың?

– Сага бир аял телефон чалып жатат. Кийинип, сени чакырганы келдим.

Ага эч ким деле телефон чалчу эмес. Бир жолу Лесли чалган болчу, Бренда: «Жесстин сүйгөнү чалып жатат» – деп кыйшаңдап ырдап-бийлеп айласын кетирген. Андан кийин Лесли сүйлөшкүсү келсе, түз эле үйгө келип сүйлөшчү болгон.

– Мисс Эдмундс болуп жүрбөсүн?

Чынында эле Мисс Эдмундс чалган болчу.

– Жесс, аба ырайы жүдөтүп жиберди го...– деди тааныш үн трубкадан.

– Ооба, айым, – дагы бир нерсе дейин деп анын калтырап жатканын угуп калчудай унчукпай калды.

– Мен Вашингтонго Смитсониан музейине же Улуттук галереяга барып келсемби деп жаттым эле. Чогуу барып келгенге кандайсың?

Аны муздак тер басып кетти.

– Жесс?

Ал эрдин жаланып, чачын кайрып алды.

– Жесс, угуп жатасыңбы?

– Ооба, айым, – ал терең дем алып албаса, андан ары сүйлөй алмак эмес.

– Бара аласыңбы?

– Ооба, айым.

– Үйдөгүлөргө айтып, суранып чыгышың керек да?

– Ооба, ооба айым.

«Ооба, айымдан» башка сөз айта албай, трубканы араң кармап турду.

– Ооба, айым. Азыр.

Эптеп эсин жыйып, трубканы акырын коюп, ата-энесинин уктоочу бөлмөсүнө бутунун учу менен басып кирди. Апасы кебез жууркандын астында кырынан жаткан экен. Аны акырын ийинден тартты:

– Апа, –деди шыбырап, ал апасын чындап ойготпой эле акырын сурангысы келди. Эгер ойгонуп кетсе, жибербей коюшу толук мүмкүн эле. Апасы үндөн чочуп кетти, бирок толук ойгонбостон, кайра уйкусурап кетти.

– Эжейим мени Вашингтонго Смитсониан музейине алып барып келейин дейт.

– Вашин...гтон...го? – муундап булдуруктады апасы.

– Ооба, мектеп үчүн керек дейт, – апасын ийинден сылагылады.

– Эртерээк кел, макулбу?

– Кам санаба, уйду саап койдум.

– Ммм, – апасы кайра жуурканын чүмкөнүп, көмкөрөсүнөн оодарылды.

Жесс кайрадан учуп телефонго жетти:

– Баары жайында, Мисс Эдмундс. Мен бармай болдум.

– Эң сонун. Үйүңө кантип барыш керек экендигин айтып койсоң эле, жыйырма мүнөттөн кийин барып калам.

Машинанын булар тарапка бурулганын көрөр замат, ашканадан атып чыкты да, жаанга карабай утурлай чуркады. Ал кеткенден кийин апасы Мей Беллден майда-чүйдасынан бери сурамак. Кудай жалгап, Мей Белл телевизорго алаксып отурган. Ал кете электе эле Мей Белл апасын ойготушун каалаган жок. Чоң жолго чыгып кеткичекти апасы аркасынан кыйкырып чуркап чыкчудан бетер, коркконунан аркасын карабай отурду.

Милсбург дүкөнүнөн өтө бергенде гана анын эсине Лесли түштү. Аны да алып алалыбы – деп, Мисс Эдмундстан сураса болот эле го. Анын бул оюн Мисс Эдмундс экөөнүн жакшынакай чакан машинанын ичинде чогуу бараткандагы купуя кубанычы жеңип кетти.

Ал болсо алды жакты тикирейип карап, эки колу рулда баратты. Дөңгөлөктөр зымырап, айнек сүртчү щёткалар бир калыпта иштеп жатты. Машинанын ичи жыпжылуу, жагымдуу жыттанат. Жесс колдорун эки тизесинин ортосуна кыпчып, курду катуу тартынып отурду.

– Жаан тажатты го. Жинди болоюн деп калдым.

– Ооба, айым.

– Сен да тажагансың го? – ал аны карап жылмайып койду.

Мындай жакындыктан анын башы деңгиреп чыкты. Ал башын ийкеди.

– Улуттук галереяда болдуң беле?

– Жок, айым. – Ал атүгүл Вашингтонго да келген эмес, аны сурай койбос деп ойлоду.

– Сүрөт галереясына биринчи жолу келатам дечи? – ал кайра жылмайды.

– Ооба, айым...

– Эң жакшы, – деди ал.

«Демек, өмүрүм бекер өтүп жатпаптыр да...»

Ал мунун маанисин түшүнгөн жок, көңүл да бурган жок. Аны менен бирге болуу эжейине жагып жатканын билүү гана ага жетиштүү болчу.

Жаан жаап жатса дагы ал китептен сүрөттөрүн көргөн жерлерди айырмалап таанып жатты. Тиги дөбөдөгү Арлингтон, көпүрө айлампаны эки жолу айланганда ал шаарды карап турган Абраам Линкольнду жакшылап карап алды, Ак Үй, Вашингтондун эстелиги, ары жактагысы Капитолий. Лесли болсо бул

жерлерди миллион жолу көргөн. Ал тургай, конгрессмендин кызы менен мектепте чогуу окуган. Ал Мисс Эдмундска Леслинин чыныгы конгрессмен менен дос болгонун айткысы келди. Мисс Эдмундс да Лeслини жакшы көрчү.

Галереянын ичине киргенде эле чоң-чоң чегилген мармар таштар, фонтандын салкын илеби жана жашыл өсүмдүктөрдү көрүп, кызыл карагайлар токоюн элестетти. Эки кичине бала апаларынын колунан суурулуп чыгып, кыйкырышып кубалашып ойноп жатышты. Жесс аларды кармап алып, мындай ыйык жерде өзүн минтип алып жүрүү болбой тургандыгын айткысы келип кетти.

Бөлмөдөн бөлмөгө кирип, кабаттан-кабатка көтөрүлгөн сайын биринен бири өткөн сүрөттөр... Ал ар түрдүү түстөргө, формаларга, боёкторго жана жанындагы Мисс Эдмундстун үнү менен атырынын жытына мас болгон немедей эле жүрдү. Капкара чачын ийнинен куюлтуп, ал ага бир нерсе түшүндүрүү үчүн же суроо үчүн улам эңкейип башын анын бетине жакындатып жатты. Эркектер сүрөттөрдү карабай эле аны карап калып жатышты. Жесс өзүнүн ушундай татынакай айым менен жүргөнүнө сыймыктанды.

Алар кафетериядан тамактанышты. Эжейи тамак жөнүндө кеп кылганда, ал акча керек болорун билбегенин жана акчасы жок экендигин кантип айтарын билбей турду. Ал антип ойлонгончо эле эжейи:

– Ким төлөй тургандыгын талкуулоонун кажети жок. Мен эркин аялмын, Жесс Эронс. Жигитти сейилдөөгө чакыргандан кийин мен төлөймүн, – дей салбаспы.

Ал каршылык көрсөтүүнүн жолдорун ойлоду, бирок эч нерсе дей албады. Ошентип, ал өзү күтпөгөн жерден үч долларлык тамак ичти.

Эртең кандай кылса туура болмоктугу жөнүндө Леслиден сурайт да.

Тамактанып алып, алар көз ачырбаган жаанды жиреп, динозаврлар менен индеецтерди көргөнү Смитсониан музейине бет алышты. Ал жактан алар буффало (жапайы уй) терисин жамынган индеецтерден качкан буффалолордун үйүрү жардан кулап өлүү коркунучунда калгандыгын жана аларды ылдый жакта дагы бир топ индеецтер жардан кулаары менен өлтүрүп, терисин сыйрыш үчүн күтүп турганы тартылган чоң сүрөткө бет келишти. Бул анын кайсы бир сүрөтүнүн өтө эле күчөтүлгөн түрү эле.

Окшоштукту байкап коркуп кетти.

– Укмуш экен, туурабы? – Мисс Эдмундс сүрөттү көздөй эңкее бергенде анын чачы Жесстин бетин сылап кетти.

– Ооба, айым дегени менен өзүнчө: «Мага жаккан деле жок» – деп ойлонуп жатты, бирок эмнегедир ал сүрөттөн көзүн көпкө чейин алалбай турду.

Алар имараттан чыкканда, күн жаркырап тийип турган экен. Жесс күндү карай албай көзү уялып кетти.

– Вау! – деди Мисс Эдмундс. – Керемет! Мынакей Күн деген! Япондордун мифиндегидей мен муну бир үңкүргө жашынып алып чыккысы келбей жатат го десе!

Кайрадан ал өзүн жакшы сезе баштады. Жолду катар Мисс Эдмундс ага бир жыл Японияда колледжде окуган учурундагы кызыктуу окуяларды, ал жакта эркек балдардын баарынын андан бою кыска экендигин жана ажатканаы кантип пайдаланарын билбей кыйналгандыгын күлдүрүп айтып берип жатты.

Ал керилип алды. Анын Леслиге айта турган жана сурай турган нерселери көбөйүп кетти. Апасынын ачууланганы да ага эми бир тыйынчалык болуп калды. Эмне болсо ошо болсун. Бүгүнкү күн анын турмушундагы эч нерсеге алмашкыс ажайып күн болду.

Перкинстер жакка жете бербей, ал эжейинен суранды:

– Мени ушул эле жерден түшүрүп коюңуз, Мисс Эдмундс. Бурулбай эле коюңуз. Баткактан жүралбай тыгылып калышыңыз ыктымал.

– Макул, Жесс, – деди да жолдун жээгине токтотту. – Бүгүнкү жагымдуу күн үчүн рахмат!

Батыштан тийген күн чагылышып, көздү уялтып жиберди. Ал бурулуп, Мисс Эдмундсту тике карады:

– Жок, айым, – үнү калтаарып чыкты, тамагын кырды да: – Айым, сизге рахмат! Мм... – ал ыраазычылык билдирбей кетип калган туура эмес экендигин билсе да, эмне деп ыраазычылык айтарын билбей турду. Мүмкүн, ал сөздөр оюна кийинчерээк төшөктө жатканда же сепилде отурганда келип калар.

– Макул, – деп ал эшикти ачып, жерге түштү. – Жума күнү көрүшөбүз.

– Көрүшкөнчө! – деп эжейи да башын ийкеп жылмайды.

Ал машина көрүнбөй калганча карап турду да, бурулуп бүгүнкү күндүн жагымдуу таасирин ичине батыра албай, буту-бутуна тийбей учуп келе атканстды. Кээде ал түшүндө ушинтип учуп, чатырга деле чыгып кетер эле.

Ал ашканага жакындаганда, бир жамандык болгонун сезди. Атасынын машинасы эшиктин алдында турган, бирок бөлмөгө жеткичекти ал эмне болгонун түшүнгөн жок. Ал бөлмөгө киргенде баары ал жакта экен: ата-энеси менен кичине кыздар тамак ичкен үстөлдү тегеректеп, Бренда менен Элли диванда отурушуптур. Тамак жеп жатканга окшобойт. Үстөлдө деле тамак-аш көрүнбөйт. Телевизор деле көрүшкөн түрү жок, анткени ал иштебей эле турат. Баары аны жалдырап карап калышканда, ал да кыймылсыз туруп калды.

Бир маалда апасы бакырып ыйлап жиберди:

– О, кудай, о кудайым! – башын мыкчыган бойдон кайра-кайра ошентип жатты. Атасы акырын келип, аялын олдоксон кучактаган менен Жесстен көзүн алган жок.

– Мен аны бир жакка кетти деп айтпадым беле...– деп Мей Белл кечке кай-таласа да, эч ким сөзүнө ишенбей койгонун далилдегенсип жатты.

Дат баскан узун караңгы түтүктү караганы жаткансып, ал көзүн ачып-жумуп алды. Эмне суроо сураарын да билбей турду.

– Эмне..? – деп ал сурамыш этти.

Бренда жарылып кетти:

– Сенин сүйгөн кызың өлүп калыптыр, апам сени да кошо өлүп калды деп ойлоп жаткан!..

## Он биринчи бөлүм
## Ишенбейм!

Бирөө башка чапкандай эле болду, ал оозун ачты, бирок оозу кургап, эч бир сөз айта албай деңгиреп турду. Бирөөдөн жардам болобу дегенсип ал улам бирөөнү алмак-салмак карап жатты. Акыры атасына тил бүттү. Ал аялынын ча-чын туурулган колдору менен сылагылап, башын көтөрбөй айтып жатты:

– Берктердин кызынын сөөгүн бүгүн эртең менен өзөндүн ылдый жагынан табышты.

– Жок... – деди ал, күбүрөнүп. – Лесли чөкмөк эмес. Ал сууда абдан жакшы сүзчү.

– Силер аркы өйүзгө өтүп жүргөн эски аркан үзүлүп кетиптир, – атасы жай уланта берди. – Ал кулаганда башы менен бир нерсеге катуу тийген окшойт деп жатышат.

– Жок...– деп башын чайкады ал, – андай болушу мүмкүн эмес!

Атасы өйдө карады:

– Чынында эле өкүнүчтүү иш болду, балам...

– Жок! Эми ал кыйкыра баштады. – Ишенбейм! Силер калп айтып жатасы-ңар! Кимдир бирөө: «Ооба, калп» – деп жибереби деп айланасындагыларды

карап жатты. Алайып коркуп алган Мей Беллден башкасынын баары баштарын шылкыйтып турушту.

– Бирок ал чын эле өлүп калбадыбы...

– Жо-ок..! – деп кыйкырды ал Мей Беллге.– Бул калп! Лесли тирү-ү...

Ал артына бурулуп эшикке чуркап чыгып, каалганы катуу жаап чуркап жөнөдү. Шагылдуу ичке жол менен барып, чоң жолго чыкты да, батышты карай– Вашингтон, Милсбург жана Перкинстердин үйү тарапты беттеп чуркап жөнөдү.

Жакындап келген машиненин кайра-кайра «пипилдегенин» да байкаган жок.

«Лесли өлдү... сүйгөн кызың... аркан үзүлүп... кулап кетип... сен-сен...» деген сөздөр кулагына жаңырып жатты. «Кудай... өлдү... сен... Лесли... өлдү... сен...» Мүдүрүлгөнүнө да карабай, токтобостон чуркай берди. Чуркаса эле Лесли өлбөй калчудай болуп чуркап баратты. Чуркаш керек!..

Аркасынан атасынын машинасынын үнү чыкты, бирок ал бурулуп караган жок. Андан да катуу чуркады эле, атасы андан алдыга озуп барып токтоп, секирип түшүп Жесске чуркап келди. Ал Жессти кичине баладай кылып боoруна көтөрүп алды. Адегенде, ал бошонууга аракет кылып, тепкиленип каршылык көрсөттү. Бир аздан кийин ал жан дүйнөсүндө болуп жаткан башаламандыкка моюн сунуп, шалдырап калды. Ал машинанын эшигине салмагын салып, терезеге шалактаган башын жөлөп келатты. Атасы да унчукпай келе берди, бир жолу сүйлөйүн деп тамагын кырып, Жессти карады да кайра ойлонуп кетти окшойт, унчукпай калды. Үйгө жеткенде, атасы тынч отуруп калды, Жесс анын эмне кыларын билбей турганын түйдү да эшикти ачып, жерге түшүп, денесин ээлеген алсыздыктан сүйрөлө басып үйгө кирип, төшөгүнө кулап түштү...

Ал капкараңгы, жымжырт үйдөн эсине келип ойгонду. Жука курткасын, бут кийимин чечпей жатса да денеси катып, чыйрыгып калыптыр. Кошуна керебеттеги кыздардын бышылдап уктап жатканы жымжырттыкты бузуп жатты. Түшүнөн чочуп ойгонгонсуду, бирок түшүн эстей албады. Жалгыз эсинде калганы – түшүндө бир нерседен коркуп жаткан. Пардасы жок терезеден жантыгынан турган айды жана аны тегеректеп жымыңдаган жылдыздарды көрдү. Ага Лесли өлүп калганын айтышканы эсине түштү. Ошол чындык – анын коркунучтуу түшү эмес беле. Лесли кантип эле өлүп калсын? Муздак шамалга сапырылган жалбырактар сымал, башында бая уккан сөздөрү башаламан түшүп жатты. Эгер ал азыр туруп алып, Перкинстин үйүнө барып эшигин какса, Лесли келип аччудай, ал эми ханзаада Терриен айдын жанындагы жылдыздай болуп кыздын бутуна чалынып чыга калчудай эле сезилип жатты. Андай болсо, алар дөңдөн ары талааны кесип өтүшүп, аккан суунун үстүнөн каалгып учуп «Терабитияга» барышмак...

Алар ал жакка караңгыда барып көрүшкөн эмес да. Ошентсе да, айдын жарыгында оңой эле жолду табышмак, анан ал Вашингтондо өткөргөн күнү жөнүндө айтып бермек. Лeслини да ала кетели деп айтканга акылы жетпеген акмакчылыгы үчүн кыздан кечирим сурамак. Эгер Лесли, Мисс Эдмундс үчөө чогуу барганда кандай сонун болот эле! Албетте, Мисс Эдмундс экөө өткөргөн убакыттан башкача болмок дечи, бирок баары бир эсте каларлык кызык болмок. Мисс Эдмундс менен Лесли да жакшы мамиледе болушчу. Лесли барса абдан кызыктуу болмок. Ушунчалык өкүнүчтүү, Лесли. Ал чапаны менен бут кийимин чечти да жууркандын астына кирди. Сурап койбогонуна өкүнүп, ичи ачышып жатты.

– Эч нерсе эмес, – демек Лесли, – мен Вашингтондо миң жолу болгом.

– Сен буффалолорго болгон аңчылыкты көрдүң беле?

Эмнегедир Лесли аны көрбөгөн болуп чыкмак да, ал жаныбарларды жок кылууну каалаган кичинекей жырткычтарды майда-чүйдасына чейин сүрөттөп айтып бермек.

Ичи муздап чыкты. Мүмкүн, бүгүнкү болуп кеткен буффалолор, кулап кетүү, өлүм...тууралуу окуялардан улам болуп жүрбөсүн? Эгер бүгүн Лeслини да Вашингтонго ала кетүүнү сурангaнды унутпаганда...

– Сен бир нерсени билесиңби?

– Эмнени? – деп сурады Лесли.

– Бүгүн эртең менен мен «Терабитияга» баргандан корккон болчумун.

Ичинин муздаганы күчөп бараткандай болду, ал оодарылып көмкөрөсүнөн жатты.

Мүмкүн, азыр Лeслини ойлобой эле коюу туура болор. Эртең менен тура калып эле ага барып, баарын түшүндүрүп берсечи? Түндөгү коркунучтуу түш унутулгандан кийин, күндүз айтыш керек.

Ал Вашингтондо жүргөнүн элестете баштады: ар бир сүрөттү, айкелди ийне-жибине чейин, Мисс Эдмундстун жагымдуу үнүн, өзүнүн жана эжейинин сүйлөшкөн сөзүн эстеп, көз алдынан өткөрүп жатты. Баары бир, анда-санда анын оюна «кулап кетти» деген сөз келип жатты, андай учурда ал ойлорду кубалап, башка элестерди же үндөрдү чакырууга туура келип жатты. Эртең мунун бардыгын Леслиге айтып бериши керек.

Ал терезеден тийген күндүн нурунан улам ойгонуп кетти. Кичине кыздардын жууркандары тоголоктошкон бойдон калыптыр. Ашканада бирөөлөр акырын кыймылдап, сүйлөшүп жатышкансыйт.

Шайтан алгырдыкы десе! Байкуш Мисс Бесси кантти экен? Кечээ кечинде аны унутуп калганы аз келгенсип, азыр да уктап калганын кара. Ал шаша-буша бут кийимине бутун сойлотуп жиберип, боосун да байлабай тура жөнөдү. Меш тарапта жүргөн апасы анын дабышын угуп, өйдө карады. Жүзүнөн суроо бергиси келгени көрүнүп турса да, ал жөн гана башын ийкеп койду.

Ортолорун кайрадан муздактык аралады.

– Мисс Бессини саaганды унутуп калыптырмын.

– Атаң сааганы кетти.

– Кечинде да саалбай калыптыр.

– Ордуңа атаң саап койгон, – апасы башын ийкей берди. Бирок бул күнөөлөө иретинде эмес эле.

– Тамак ичесиңби?

Ашказаны эмнеге эле куушурулат десе. Кайтып келатканда Мисс Эдмундс Милсбургдан алып берген балмуздакты жегенден бери оозуна наар албаганын азыр эстеди.

Бренда менен Элли үстөлдүн ары жагынан аны жалдырап тиктеп турушту. Мультфильм көрүп жаткан эки кыз да оозун ачып муну караштыда, кайра мультфильмин көрүүгө киришишти.

Ал отургучка отурду. Апасы анын алдына табак толтура куймактарды койду. Акыркы жолу апасынын куймакты качан жасагандыгы эсинде жок. Куймактарды кыямга малып жей баштады. Укмуш даамдуу болуптур.

– Деле кайгырганың билинбейт го? – үстөлдүн аркы башынан Бренда какшык ыргытты.

Оозундагысын жута албай, ал эжесин суроолуу тиктеди.

– Эгер Жимми Декс өлүп калган болсо, мен тамак жемек турсун, ооз ачканга да шайманым жетпей калмак...

Анын денеси бутунан башына чейин муздап кетти.

– Жаагыңды жап, Бренда Эронс! – апасы колундагы көмөч казанды шилтемекке колун эптеди.

– Деги айтам да, апа, эч нерсе болбогонсуп куймак жеп отурганына таң калып жатам. Мен көзүм аккыча ыйламакмын.

Элли Миссис Эронсту, анан Брендани карады:

– Эркектер мындай учурда ыйлабаш керек, туурабы апа?

– Баары бир, отуруп алып торопойчо тамак жегени туура эмес.

– Айттым го, Бренда, оозуңа ээ боло албасаң...

Ал булардын сөздөрүн угуп жатканы менен, түшүндө уккан үндөрдөй болуп алыстан чыгып жатты. Ал чайнап да, жутуп да жатты, апасы табакка дагы үчтү салды эле, аны да жеди.

Атасы сүт көтөрүп кирди. Кылдаттык менен бош банкаларга сүттү куюп, муздаткычка салды. Колун жууп келип, үстөлгө отурду. Жесстин жанынан өтүп баратып ал колун анын ийнине койду. Уй саабагандыгы үчүн ачууланбаптыр деле. Жесс ата-энеси бири-бирин, анан аны карашканын байкаган деле жок.

Миссис Эронс Бренданы жекире карады да, Мистер Эронско «кызыңдын оозун тый» дегендей белги берди. Жесс эч нерсе байкабай, куймактардын даамдуу болгондугун жана апасы дагы бир аз табагына салып берсе деп ойлонуп отурду. Дагы сураганга болбосун билип турса да апасына таарынды. Ордунан туруп кетейин деп ойлоду, бирок кайда барышы же эмне кылышы керектигин билбей жатты.

– Апаң экөөбүз кошунаныкына барып, көз көрсөтүп коёлу деп жатабыз...– атасы тамагын кырынды. – Сен да биз менен барсаң туура болот го дейм,– ал токтоп калып, кайра мындай деди. – Ал кичинекей кызды сен баарынан жакшы билчүсүң да.

Жесс атасынын айткандарын түшүнүүгө аракет кылып жатты, бирок толук түшүнө бербеди.

– Кайсы кичинекей кыз? –деп күбүрөндү ал туура эмес суроо бергенин билип туруп. Элли менен Бренда үшкүрүп жиберишти. Ал аялына: «Эмне кылабыз?» дегендей тынчсыздана карады, апасы болсо муңайым карап, эч нерсе дей албай турду. Атасы ылдый эңкейип, Жесстин колдорунун үстүнө өзүнүн шадылуу колун койду:

– Сенин курбуң Лесли өлүп калды, Жесс... Ушуну түшүнүшүң керек.

Жесс атасынын колунун алдынан колдорун сууруп алып, үстөлдөн туруп кетти.

– Жеңил эмес болуп жатканын түшүнүп турам – деген атасынын сөздөрүн ал уктоочу бөлмөгө кирип баратып угуп калды. Ал жука курткасын кийип чыкты.

– Кеттикпи анда? – деп атасы тездик менен ордунан тура калды. Апасы этек тарткычын чече салып, чачы-башын оңдонду.

Мей Белл отурган жеринен тура калды:

– Мен да барайынчы. Өлгөн кишини такыр көрө элекмин да.

– Болбойт! – деген бетке чапкандай болгон апасынын үнүнөн сестенип отуруп калды.

– Анын кайда жатканын биз деле билбейбиз, кызым, – деп акырын айтты атасы.

## Он экинчи бөлүм

### Кайгыга чөгүү

Алар талааны кесип, дөңдөн ылдый Перкинстер жакка жай басып келатышты. Сыртта беш-алты машина токтоп турат. Атасы эшикти каккылады. Жесс ханзаада Терриендин эшикти көздөй үрүп чуркаганын укту.

– Акырын, ханзаада Терриен, – деди бейтааныш үн. – Жат!

Эшикти күчүктү сыртка чыгарып жибербес үчүн аракеттенип, эңкейип алган адам ачты. Жессти көргөндө ханзаада Терриен секирип келип балага жабыша калды. Жесс аны көтөрө калып, жонунан жана мойнунан кичинекей күчүк кезиндегидей сылагылап жатты.

– Сени тааныйт тура, – деди тиги киши жылмайымыш болуп.– Кириңиздер.

Жесс акыркы болуп кирди.

Алар алтын түстүү бөлмөгө киришти. Баягыдай эле, балким, андан да кооз болуп кеткендей сезилди, анткени бул жолу күн түштүк тараптагы терезелерден тийип турган. Жесс мурда көрбөгөн төрт-беш киши бир аз шыбырашып, көбүнчө үн катпай отурушкан. Отурганга орун жок болгондуктан тиги бейтааныш киши ашканадан отургучтарды алып келип жатты. Үчөө орун алышып, эмнени күтүп жаткандыктарын билбей отуруп калышты.

Диванда отурган улгайыңкы аял ордунан туруп, Жесстин апасына келди. Анын чачтары куудай аппак, көздөрү болсо кызарып чыгыптыр.

– Мен Леслинин чоң энесимин...– деди колун сунуп. Апасы оңтойсузданып анын колун кармады:

– Миссис Эронс...– деди пас үн менен, – биз тиги жогору жакта турабыз.

Леслинин чоң энеси апасынын, андан кийин атасынын колдорун кысты.

– Келгениңерге рахмат...– деди да, Жесске кайрылды:



– Сен Жесс болсоӊ керек?

Жесс башын ийкеди.

– Лесли... – көздөрү жашка толуп чыкты, – сен жөнүндө мага айтып берген болчу.

Жесс аны дагы бир нерсе айтат го деп күтүп калды. Аны тике карай албай, бутуна жармашып жаткан ханзаада Терриенди сылагылап жатты.

– Кандай гана өкүнүчтүү... – ал ыйлап жиберди. – Байкушум ай! Ушунчалык оор кайгы болобу?!

Эшикти ачкан бейтааныш киши келип аны кучактап, бөлмөдөн жетелеп чыгып кетти. Жесс анын ыйлап баратканын угуп жатты.

Аялдын чыгып кеткени жакшы болду. Эмнегедир аялдардын ыйлаганы жаман көрүнөт. Телевизордо Полидент пастасы жөнүндө айтып жаткан аял да ушинтип ыйлап жиберет го? Эч бир жарашпайт. Ал айланасындагы көздөрү кызарып ыйлап отурган улууларды карады. «Мени карагылачы» дегиси келди ал, «мен ыйлабай эле турам го». Ал өзүнүн азыркы акыбалы тууралуу ойлонуп көрдү. Ушундай жаш туруп эӊ жакын досунан ажыраган жалгыз гана өзү болчу. Ал өзүн салабаттуу адамдай сезди.

Дүйшөмбү күнү мектептегилердин бардыгы өзү жөнүндө шыбырашып, сый көз караштары менен карашар. Анткени былтыр Билли Жоу Уимстин атасы жол кырсыгынан каза тапканда бардыгы ага ошондой мамиле кылышкан эле. Эгер каалабаса эч ким менен сүйлөшпөй койсо деле болот, бардык мугалимдер да ага аяр мамиле кылып калышат. Апасы үйдөгү кыздарды да аяр мамиле кылууга үйрөтөт.

Ал капыстан Леслини көргүсү келип кетти. Ал китепканада болду бекен же Миллсбургдагы атайын аза күтүү бөлмөсүндө болду бекен? Алар аны көк джинсычан коюшат болду бекен же Пасхада кийген көк жемпери менен гүлдүү кофтачанбы? Эгер ошолору менен болсо жакшы болмок. Көк джинсыга элдердин күлкүсү келет, а Жесс болсо Леслини ал өлүк болсо да, башкалардын шылдыӊдап күлүп туруусун каалабайт.

Бөлмөгө Билл кирди. Ханзаада Терриен Жесстин алдынан жылмышып түшүп ага барды. Ал ылдый болуп, күчүктү жонунан сылады. Жесс ордунан турду.

– Жесс, – ал ага жакындап келип, бул Жесс эмей эле Леслиден бетер аны кучактап калды. Билл аны ушунчалык катуу кучактагандыктан, анын свитериндеги топчусу Жесстин чекесине өтүп кетти, Жесс чыдап кыймылдабай тура берди. Ал Биллдин денеси титиреп жатканын сезди, Биллдин ыйлаганын көрүүдөн чочулап, өйдө караган жок. Биллдин ыйын көргүсү келген жок. Бул үйдөн кеткиси келип, кысылып чыдабай кетти. Мындай учурда ага Лесли жар-

дамга келчү эле го? Кайда ал?! Эмнеге ал чуркап келе калып, баарын күлдүрүп жибербейт? «Өлүп калып, элдин баарын ыйлаткан жакшы дейсиңби? Эч андай эмес!»

– Билесиңби, ал сени аябай жакшы көрчү...– Биллдин үнүнөн анын ыйлап атканы билинип турду. – Бир жолу ал мага эгерде сен болбогондо... – ал андан ары сүйлөй албай жашка муунуп кетти.– Рахмат, сага, – деди бир аздан кийин. – Сен ага чыныгы жакшы дос болгондугуң үчүн рахмат!

Биллдин үнү да өзүнүкүнө окшобой турду. Лесли экөө туурап алып каткырган бир эски фильмдеги алсыз адамга окшоп калыптыр.

– Буу-хуу, кандай сонун достор элеңер...

Ал бир аз артка кетенчиктебесе, тиги топчу чекесин тешип салмай болду. Кудай жалгап, Билл аны бошотту. Атасынын Биллден акырын «жерге берүү» жөнүндө сурап жатканын укту. Билл сөөктү өрттөп, күлүн эртең өздөрүнүн мекени Пенсильванияга алып кетишээрин айтты.

Өрттөшөт.... Жесстин оюна бир нерсе «кылт» этти. Бул Лесли эми жок дегенди билдирет да. Күлгө айланат. Эми аны эч качан көрө албайт. Ал тургай, өлүгүн да көрбөйт... Эч качан... Кантип ушуга барып жатышат? Лесли мунуку эмес беле. Өзүнөн башка эч кимге тиешелүү эмес эле го? Эмнеге эч ким мындан сурап да койгон жок? Бир нерсе деп айтып да коюшпайт. Эми минтип аны эч качан көрө албай калабы? Колдорунан ыйдан башка эч нерсе келбей калабы?

Алар Лесли үчүн ыйлап жатышабы? Жок! Өздөрү үчүн ыйлап жатышат! Өздөрү үчүн гана!.. Эгер алар Лесли жөнүндө кам көрүп, аны ойлогон болушса, аны бул куураган жерге алып келишпейт эле го? Ал Биллди жаакка чаап жибербеш үчүн өзүн өзү күчтөп кармап жатты. Чындап Лесли жөнүндө ойлогон жалгыз гана Жесс болчу. Бирок Лесли анын ишеничин актабай кетип калбадыбы... Анын Жесске эң керек учурунда, өзү жалгыз каргашалуу суу жээгине барып өлүп калбадыбы. Аны таштап кетип калбадыбы... Жалгыз барып тигил арканга жабышып, Жесске эр жүрөктүүлүгүн далилдейин дегенби? Мына эми, Жесс Эронс!.. Мүмкүн, ал азыр Миссис Миерске күлгөндөй, Жессти карап каткырып күлүп жаткандыр? Аны мурдагы кызыксыз жашоодон алып чыгып, өзүнүн кыялдарынын дүйнөсүнө жетелеп келген ушул Лесли эмес беле. Эми ушинтип бул өз дүйнөсүн таап, артка кайта албай турган болуп калганда, Айда кайда барарын билбей каңгырап басып жүргөн космонавттай кылып, карайлатып таштап кеткени кандай? Ушинтип жапжалгыз калабы?..

Ошол учурда ал Перкинстердикинен чыгып, дөңдөн ылдый карай үйүнө чуркап келатып, көзүнүн жашын он талаа кылып ыйлаарын кайдан билсин. Эшиктен учуп кирип келгенде, Мей Белл көздөрүн алайтып ошол жакта туруптур:

– Сен аны көрдүңбү? Анын жатканын көрдүңбү?

Ал карындашын жаакка чаап жиберди. Эч качан мындай катуу чаап көргөн эмес. Кыз кетенчиктеп барып, ыйлап жиберди. Ал өз бөлмөсүнө кирип, матрацтын алдынан Рождестводо Лесли белек кылган кагаздары менен боёкторун алып чыкты. Эшиктин оозунда аны Элли карап туруптур. Ал аны ары кубалап жиберди. Ары жактан Бренда да наалып жаткан, бирок анын кулагына Мей Беллдин бышактаганынан башка эч нерсе угулган жок.

Ал ашкананын эшиги аркылуу сыртка чыкты да, талааны көздөй чымынкуюн болуп аркасын карабай чуркап жөнөдү. Суунун агымы акыркы көргөндөгүгө караганда азайып калыптыр. Тартайган алма багынын жогору жагынан үзүлгөн аркандын бакка байланган учу салаңдап турат.

«Мына эми, мен бешинчи класстагы эң күлүк окуучумун».

Ал кыйкырынып, колундагы кагаздар менен боёкторду бозоргон баткак сууга ыргытып жатты. Боёктор кайык сымал суунун агымы менен сүзүп, ал эми кагаздары болсо, бир аз калкып барып, анан билинбей чөгүп кетип жатты. Алардын баары көрүнбөй калгыча карап турду. Акырындап анын деми басылып, жүрөгүнүн элеп-желеп болгону токтоду. Жаандан кийинки жер дагы эле эзилип, баткак экенине карабай отура кетти. Эми кайда барат? Эч кайда барбайт. Эч качан. Ал башын тизесине койду.

– Аларды жөн эле койсоң болмок да, – атасы келип жанына отурду.

– Мага эми баары бир. Эмне болсо ошо болсун! – Ал эми ыйлап жатты, өпкөсү көөп кеткенче ыйлады. Атасы аны Жойс Эннди отургузгансып, алдына алып алды.

– Болду… Болду эми…– деп ал баласынын башынан сылап жатып. – Чшш… Чшш…

– Жек көрөм. Мен аны жек көрөм!..– деди Жесс ыйын токтото албай. – Өмүрүмдө ага жолукпай эле койсом болмок…

Атасы унчукпай анын чачын сылай берди, акыры ал басылгансып калды. Экөө сууну тиктеп отурушту.

Акыры атасы кобуранып жиберди:

– Тозокунуку десе! Жаман эле болду, э?! – атасы кээде өзү курдуу адамдар менен сүйлөшкөндө ушинтип айтып калар эле. Бул соороткона окшобосо да, көңүл жубаткансыды.

– Адамдар өлгөндөн кийин тозокко барат дегенге ишенесизби? Тозок бар экенине ишенесизби?

– Лесли Берк үчүн тынчсызданып атасыңбы?

Атасынын сөзүндө чындык бар эле.

– Мей Белл ошентип жатпайбы...

– Мей Белл дейсиңби? Мей Белл Кудай эмес да!..

– Туура деңизчи, бирок Кудай эмне кыларын адамдар кайдан билишет?

– Болду тантыраба, балам. Кудай эч качан кичине кыздарды тозокко айдабайт.

Жесс дегеле Леслини кичине кыз деп ойлогон эмес, бирок Кудай үчүн ал чын эле кичине кыздыр. Ал ноябрда араң он бирге толмок. Алар ордуларынан туруп, дөңдү көздөй басышты.

– Мен аны жек көрөм деп айтайын деген эмесмин, оозуман андай сөз кантип чыгып кеткенин билбей калдым...– деди атасына кобурап.

Атасы: «Түшүнөм» – деп башын ийкегиледи.

Баары, атүгүл, Бренда да ага аяр мамиле кылып жатышты. Коркуп турса да, шалпаңдап аркасынан калбаган Мей Белл да жанына жологон жок. Жесс андан кечирим сурагысы келип турду, бирок сурай алган жок. Абдан чарчаптыр. Сөз сүйлөгөнгө дарманы жок. Баары бир, кечирим сурашы керек, бирок кантип сураш керектигине акылы жетпей турду.

Ал күнү түштөн кийин алардыкына Билл келди. Алар Пенсильванияга кетип жаткандыктарын айтып, Жэсс алар кайра кайтып келгенче күчүктү багып тура алар бекен, – деп келгендигин түшүндүрдү.

– Албетте, – деп сүйүнүп кетти ал, Биллдин жардам сурап келгенине. Ал эртең менен үйдөн чуркап чыгып кеткендиги үчүн тигил таарынып калды го деп ойлоп жаткан эле. Жэсс Биллдин аны эч нерсеге күнөөлөбөгөндүгүнө ыйнангысы келип турду. Бирок бул ачык сурай турган суроо эмес эле.

Ал ханзаада Терриенди колуна көтөргөн бойдон, кичинекей чаң баскан италиялык автоунаа чоң жолго бурулуп кеткенче кол булгалап кала берди. Автоунаадагылар анын кол булгаганын көрдү го деп ойлоп жатты, бирок ал өтө эле алыстап кеткен болчу.

Демейде ит бакканга каршы болчу апасы, бул жолу ханзаада Терриендин үйгө жашоосуна уруксат берди. Ханзаада Терриен Жесс жаткан керебетине чыгып алып, анын төш жагына түйүлүп жатып алып уктады.

## Он үчүнчү бөлүм

## Көпүрө куруу

Ишемби күнү ал башы ооруп ойгонду. Абдан эле эрте болсо да чыдап турду. Уй саашы керек эле. Бейшемби күнкү кечтен бери атасы саап жаткан, бирок ал кайрадан баштагыдай өз иштерин өзү кылууну туура көрдү.

Ханзаада Терриенди сарайга камап койгон эле, анын кыңшылаганы Мей Беллдин ыйлаганына окшоп, башын ого бетер оорутуп жиберди. Камабаса да болбойт эле, ханзаада Терриен уй саадырбай жүдөтмөк.

Ал сүттү алып үйгө кирсе, эч ким ойгоно элек экен. Бир стакан жылуу сүт менен эки кесим нан жеп алды. Боёкторун эстеп, аларды барып карап көргүсү келди. Мүмкүн, табылып калгысы бардыр… Ханзаада Терриенди сарайдан чыгарып, жарым кесим нан берди.

Жаздын жагымдуу таңы эле. Эрте жазда чыкчу гүлдөр жерден кылтыйып калыптыр. Асман да апачык. Өзөндөгү суу да тартылып, баягыдай коркунучтуу эмес. Суу агызып келген чоң бутакты сүйрөп ичкерээк жерге алып барып, эки жээктин ортосуна туурасынан койду. Үстүнө чыгып көрсө бекем эле өңдөндү, ал аны менен тапандап басып жыгылып кетпеш үчүн тегерегиндеги бактардын бутактарын кармап аркы өйүзгө өттү.

Боёктордон дайын жок.

«Терабитиядан» бир аз өйдөрөөк барып ылдый түштү. Ал жер дагы эле «Терабития» бойдон турду бекен десең? Аркан менен каалгып учкандын ордуна, ошондо азыркыдай устун болгондо эмне?

Ханзаада Терриен аянычтуу кыңшылаган бойдон берки жээкте калган. Бир маалда ал агын суудан сүзүп өтүүнү чечип, сууга кирип кетти. Агым аны алып жөнөдү, күчүк Жесс турган жерден өтүп барып жээкке сүзүп чыгып кетти. Ал Жесстин жанына чуркап келип, жонунун суусун ага чачырата силкинди.

Алар сепилди көздөй жөнөштү. Ал жак ным жана караңгы болуп турганы болбосо, ханышанын өлүмү жөнүндө эч белги жок. Ал бир нерсе кылууну ойлоду. Мындайда эмне кылуу керектигин айтып турчу Лесли жок. Кечээги күйүтү кайрадан жанданды.

«Лесли, мен ушундай келесоо экенимди билесиң го, айтчы, эмне кылышым керек?»

Ичинин муздаганы көтөрүлүп отуруп, тамагына жетти окшойт, ал мууна баштады. Бир нече жолу шилекейин жутту. Мүмкүн, тамагынан рак болуп калган жокпу деген ой кетти. Эч нерсе жута албай калуу бул өлүмдүн белгиси

деп койчу беле? Ал тердеп чыкты, өлгүсү келбей жатты. Болгону он эле жашта эмеспи. Он гүлүнүн бир гүлү да ачыла элек да.

«Лесли, сен да ушинтип корктуң бекен? Өлүп баратканыңды сездиң бекен? Сен да мага окшоп корктуң беле?»

Көз алдына Леслинин суугa чөгүп бараткан элеси келди.

– Жүрү, ханзаада Терриен. Ханышага аза күтүү гүлчамбарын жасайлык...

Ал жээк менен токойдун ортосундагы ачык жерде кызыл карагайдын бутагын ийип, сепилден алып келген жип менен байлап жатты. Гүлчамбары жапжашыл жана кунарсыз көрүнгөндүктөн ал жазгы гүлдөрдөн үзүп, ийне жалбырактардын арасына кошуп койду.

Гүлчамбарды маңдайына койду. Кардинал деп коюшчу чымчык суу ылдый учуп келип, үрпөйгөн башын кыйшаңдатып гүлчамбарды карап калды. Ханзаада Терриен тап берип койду эле, пырпырап учуп кетти. Жесс күчүктү жонунан сылап тынчтандырып калды.

Чымчык серендеп кайра көрүндү да, шашпай учуп кетти.

– Бул арбактардын белгиси болуш керек...– деп сүйлөндү Жесс акырын. – Биз туура кылдык окшойт.

Ал колуна ханышага арналган гүлчамбарды абайлай көтөрүп, башын өйдө кылып, аза күтүү жүрүшү сыяктантып жай басып, ыйык токойго баратты. Ал өзүн күчкө салып, ыйык токойдун чок ортосуна келди да, тизелеп отуруп гүлчамбарды алтын түстүү ийне жалбырактардан пайда болгон килемчеге аяр койду.

– Оо, Жараткан! Ханышамдын жанын сенин колуңа тапшырдым...

Мындай сөздөр Леслиге сөзсүз жакмак. Анын үстүнө, ыйык токой аларды бири-бирине гана тиешелүү кылып койбоду беле.

Салтанаттуу аза жүрүшү эми токойдон чыгып, сепилди көздөй баратты. Шамал чачыратып жиберген булуттардын арасында бириндеп учкан чымчыктай болуп, жан дүйнөсү тынчтык таба албай далбастап жатты.

– Жардам! Жесси, жардамга! – тынчтыкты кыздын чаңырган үнү бузду. Мей Беллдин үнү чыккан тарапка жүгүрдү. Ал жанагы бутак көпүрөнүн үстүндө, так орто жолдо же ары, же бери бурула албай, майда бутакчаларды кармап алып кыйкырып жатыптыр.

– Коркпо, Мей Белл! – кызды чочутуп албайын деп ишенимдүү айтты.

– Кыймылдабай туруп тур! Азыр жетем!

Бутак экөөнү тең көтөрөрүнө көзү жетпей турду. Ылдыйдагы сууну карады. Кечип өтөйүн десе суу аз болгону менен шар агып жатат. Тайгаланып жыгылып кетчү болсо.... Тобокелге салып, бутак менен эле басып өтүүнү чечти. Ал кызга жакындаганча жай жылып отурду. Аны эми артка жиберсе болчудай.

– Артка бурул эми.

– Бурула албайм!

– Мен жаныңдамын го, Мей Белл. Сени кулатып иет деп турасыңбы? Кел, – деп оң колун сунду. – Мени карма да капталдап ары жыл.

Ал сол колун коё берип, Жесске сунду да, кайра бутакты кармай калды.

– Коркуп атам, Жесс!.. Аябай коркуп атам...

– Албетте, коркосуң. Баары эле коркот. Мага ишен, макулбу? Мен сени кулатпайм, Мей Белл. Убада берем!

Кыз корконунан көздөрүн алайтып, башын ийкеди да бутакты коё берип, Жесстин колун кармады. Тең салмактуулук таппай бир түздөнүп, бир калчылдап жатты.

– Мына эми, жакшы болду. Алыс деле эмес, адегенде, оң бутуңду бир аз жылдыр, анан сол бутуңду жылдырасың...

– Оң бутум кайсы эле, унутуп калдым?

– Алдыңкысы, үй тараптагысы, – деди ал шашкалактап.

Кыз башын ийкеп, ага макул болду да, оң бутун жылдырды.

– Ии, эми берки колуңду коё берип, мени бек карма.

Кыз бутакты коё берип, колун созду.

– Азаматсың! Эми дагы бир аз жыл.

Ал калчылдап кетти, бирок кыйкырган жок, анын кичинекей тырмактары агасынын алаканына батып кетти.

– Эң жакшы. Азаматсың. Баары жайында, – кудум эле өзгөчө кырдаал учурунда жардам көрсөтүүчүлөргө окшоп сүйлөп жубатып жатканы менен, өзүнүн жүрөгү оозуна кептелип турду.

– Ии. Эми дагы бир аз... Аз эле калды.

Кыздын буту бутактын учуна жеткенде Жессти сүйрөгөн боюнча жээкке кулап түштү.

– Абайла, Мей Белл! – ал кармана албай калды. Ырас, сууга эмес, эки бутун асмандаткан боюнча Мей Беллдин бутунун үстүнө чалкасынан кулады.

– Уу-х! – ал жеңилденип каткырып жатты. – Мени өлтүргөнгө аз калдың го, кызыке!

Кыз «жок» дегендей башын чайкады.

– Библия менен карганып, сени ээрчибейм дегеним эсимде. Бирок эртең менен ойгонсом, сен кетип калыптырсың.

– Кыла турган иштерим бар болчу.

Кыз жыңайлак бутуна жабышкан баткактарды чукулап жатты:

– Мен сени жалгызсырабасын деп издеп келаткам. Бирок аябай корктум, – ал башын шылкыйтты.

Жесс ордунан туруп келип, кыздын жанына отурду. Алар эч бир коркуп да койбой, шар аккан сууда агымга моюн бербей сүзүп келаткан ханзаада Терриенди карап турушту.Күчүк тартайган алманын тушуна жеткенде суудан чыгып, булардын жанына чуркап келди.

– Адамдардын баары эле коркот, Мей Белл. Сен уялбай эле кой.

Ал бул кыздын көзүнөн баягы кыздардын ажатканасына бекинип алып ыйлап жаткан Женис Эйвериге бараткандагы Леслинин көз карашын көрдү.

– Ар бир адам коркот.

– Ханзаада Терриен корккон жок го. Ал тургай, Леслинин жатканын деле көрдү да...

– Иттер адам эмес да. Адам канчалык акылдуу болсо, ошончолук коркок болот.

Кыз ишенбегенсип аны карап калды.

– Сен корккон жоксуң го.

– Кайдан, тим эле калчылдап титиребедимби.

– Жөн эле айтып жатасың.

Ал каткырып жиберди. Кыз ага ишенбегенине бир чети сүйүнүп жатты. Ал секирип туруп, кызды колунан тартып тургузду.

– Жүрү, тамактаналы.

Кыз жолдо катар шоктонуп, соккулап ойноп келди.

Ал классына кирери менен, Миссис Миерс Леслинин партасын эчак эле класстан чыгартып таштаганын көрдү.

Дүйшөмбүгө чейин, албетте, ал Леслини жоготконуна ишенип эле калган, бирок баары бир, баары бир ал аялдамага келгенде көпөлөктөй учуп, талаа жактан чуркап келип калчудай болуп артын карай берген.

«Мүмкүн, ал мектепке эрте кетип калгандыр? Кээде кеч болуп бараткканда жеткире койчу Билл бүгүн да жеткирип койгондур?»

Ушуларды ойлонуп, класска кирип келгенде кыз отурган парта жок экенин көргөндө, денеси оорлошуп, муздап кетти.

Аркасынан шыбырашкан үндөрдү угат, бирок сөздөрү даана эмес. Уккусу деле келген жери жок. Башка балдар сый көз менен карашат деп ойлогон ою үчүн уялып жатты. Леслинин өлүмүнөн пайдаланып, ал сый-урматка жетейин деди беле? Бир кезде мектептеги эң күлүк бала болгусу келди эле го, мына эми ал оюна жетти го. Өзүнө өзү жиндендип чыкты. Башкалар ал жөнүндө эмне деп ойлосо, эмне деп айтса да ага баары бир, жайына эле коюшсунчу. Алар менен сүйлөшкүсү да келбейт, аны жалдырап тиктегендерин көргүсү да келбейт! Бардыгы Леслини жаман көрүшчү эмес беле. (Кийинчерээк Женис оюн өзгөрткөнү болбосо). Шылдыңдагандарын токтотушса да, ошол Леслинин бутунун тырмагына тең келбеген немелер бой көтөрүп кыйын болгондорун кантесиң! Жада калса, өзү да мектептин эң күлүгү болом дегеничи!

Миссис Миерстин: «Тургула!» – деп бакырганын укса да укмаксан болуп, тоготпой отура берди. Эмне кылса ошо кылсын...

– Жесси Эронс. Сыртка чыгып турасыңбы?

Ал ордунан араң козголуп, бөлмөдөн чыкты. Гарри Фулчердин күлкүсү угулгандай болду, бирок ал ага деле көңүл бурган жок. Дубалга башын жөлөп, тиги жалаяк ооз Миерстин «Көрүп жатасыңбы?» деген ырды ырдап бүтүп, сыртка чыгышын күтүп турду. Анын балдарга арифметикадан тапшырма берип жатканын укту. Ал сыртка чыгып, артынан эшикти жапты.

«Мейли. Кыйкырмактан кыйкырсын. Мага баары бир...»

Ал балага жакын келгенде, анын арзан баалуу упасынын жыты урду.

– Жесси... – деди ал демейдегиге окшобогон жумшак үн менен. Бала жооп бербеди. Кыйкыра берсин, көнүп деле калган андайга. – Жесси... – ал сөзүн кайталады. – Мен сага чын ниетимден көңүл айткым келет...

Сөздөрү го тааныш сөздөр, бирок үнү башкача болуп калыптыр го. Ал башын көтөрүп эжейин карады. Көз айнегинин ары жагындагы жүлжүйгөн көздөрү жашка толуп чыгыптыр. Ал өзү да ыйлап жибере жаздап зорго карманды.

Миссис Миерс экөө коридордо туруп алып, Леслини жоктоп ыйлап жатышканын элестет... Күлкүлүү көрүнсө керек.

– Менин күйөөм каза болгондо, – деп баштады ал, Жесс анын күйөөсү болгонун элестете албай турду. – Мага бардыгы ыйлабаш керек экенин, унутууга аракет кылышымды айтышкан...

Миссис Миерс да бирөөнү сүйүп, кайгырат экен да. Мына кызык!..

– Бирок мен аны унута албай койдум ... – ал жеңинин ичинен жүз аарчысын алып чыгып, бышкырынып алды.– Кечирип кой.– Бүгүн эртең менен класска кирсем, кимдир бирөө анын партасын чыгарып салган экен... – ал токтоп, кайра да бышкырынды.– Мен ...канча жыл сабак берип келатам... менде мурда мындай окуучу болгон эмес. Ага ыраазымын...

Жесс аны сооротосу келди. Мурда аны шылдыңдап айткан сөздөрүн, а түгүл Леслинин айткандарын да кайра алгысы келди. Аларды билбей эле койсун...

– Мен түшүнүп турам. Мага деле абдан оор болуп жатат. Сага андан да оор болуп жатат болуш керек. Бири-бирибизди колдойлук, макулбу?

– Макул, айым.

Оюна башка сөз келбеди. Балким, кийин чоңойгондо ал бул эжейине: «Лесли Берк сизди эң жакшы мугалим деп дайыма урматтачу» – деп кат жазса, Лесли каршы деле болмок эмес.

Кээде адамдарга өзүңө гана жаккан нерсени эмес, аларга жаккан нерсени берип туруу керек. Анткени Миссис Миерс азыр ага Леслини эч качан унутпоо керектиги жөнүндө түшүндүрүп койбодубу. Ал күнү бою Лесли келгичекти өзүнүн кандай экендигин ойлоду – мээси иштебеген, акылсыз, түшүнүксүз сүрөттөрдү тартып, үй кайтарган талаада өзүнүн ичиндеги коркунучун жеңе албай, жанын кыйнап жүгүрүп жүргөн бир бала болчу. А Лесли болсо үй кайтарган талаадан «Терабитияга» алып барып, аны «падышага» айландырбадыбы! Мына ушундай. Падыша болуу жаманбы? «Терабитияны» башкаруу бактысы ага туш болгону бекеринен болбосо керек. Эми улам күчтөнүп, анан алга жылуу керек. Ошол Терабитиядан Лесли анын эски дубалдай болгон түшүнүктөрүн кулатып, ага жаркыраган, кенен, ары коркунучтуу, бирок укмуштуудай керемет дүйнөнүн эшигин ачып көрсөтпөдүбү. Бардыгына, жада калса, жырткычтарга да аяр мамиле кылууну үйрөттү. Эми анын кезеги келди. Лесли экөөнүн бүтүрө албай калган иштерин ал өзү бүтүрүүсү керек. Лесли көрөгөчтүк кылып ага тапшырган сулуулук менен боорукерликти ал эми дүйнөгө таркатуусу керек!

А алдыдагы коркунучтарды ал жеңип салдым деп өзүн өзү алдоого болбойт, тек гана андай сезимдерге туруштук берип, жеңдирип жибербөөгө аракет кылуу керек. Туурабы Лесли? Албетте, туура!



Билл менен Жуди Пенсильваниядан шаршемби күнү чоң жүк ташуучу унаа менен келишти. Перкинстердин үйүндө эч ким көпкө турчу эмес.

– Бул жакка биз ошол кызыбыз үчүн келгенбиз. Эми минтип андан ажырап калдык...

Алар Жесске Леслинин бардык китептерин жана сүрөт тартчу жакшы сапаттагы альбомдору менен боёкторунун бардыгын беришти.

– Өзү болгондо деле буларды сага бермек... – деди Билл.

Жесс атасы экөө алардын буюмдарын машинага жүктөөгө жардам беришти. Түштө апасы эттүү сендвичтерин жана кофесин көтөрүп келиптир. Ал Беркктер булардын тамактарын жебей коюшабы деп чочулаганы бекер эле болуптур, алар баарын жешти. Жүк жүктөлүп бүткөндөн кийин Эронстор да, Берктер да топтошуп, кантип коштошорун билбей турушту.

– Болуптур, – деди Билл, – эгер биз унутуп калган буюмдарыбыз силерге керек болсо, алып пайдалана бергиле.

– Тепкичтин аркасындагы тактайлардан алсам болобу? – деп сурады Жесс.

– Албетте. Калып калган эмне көзүңө көрүнсө ала бер. – Билл бир аз токтоп калып, кайра улантты,– сага ханзаада Терриенди да берсемби дедим эле, бирок... – ал Жессти кичинекей баланыкындай жалооруган көздөрү менен карады, бирок андан ажырагым келбей турат.

– Эч нерсе эмес. Лесли анын силер менен болушун каалamak.

Эртеси күнү мектептен келип, Жесс Перкинстердикинен тактайларды алып, өзөндүн жээгине барды. Тартайган алма бактын тушундагы кууш жерге эки узун тактайды өйүз-бүйүз сундурду. Ал анын бекем орногонуна ынанган соң, үстүнө кыска тактайлардан жаткырып, мыктар менен кадай баштады.

– Эмне кылып жатасың, Жесс? – ойлогонундай эле Мей Белл артынан ээрчип келиптир.

– Бул жашыруун сыр, Мей Белл.

– Айтсаң эми...

– Бүткөндө айтам, макулбу?

– Библия менен карганам, эч кимге айтпаймын. Билли Жинге да, Жойс Эннге да, апама да...– ал башын жогору көтөрүп, салтанаттуу айтып жатты.

– Жойс Энн жөнүндө билбептирмин. Ага да айтат белең?



– Экөөбүздүн сыр жөнүндөбү? – ал өзү да чочуп кетти.

– Ооба, ошону айтып жатам.

– Жойс Энн эч нерсе түшүнбөгөн кичинекей кыз да, – ал бетин тырыштырды.

– Ооба, ал ханыша боло албайт. Адегенде сен аны үйрөтүшүң керек.

– Ханыша? А ким ханыша болгону жатат?

– Мен бүткөндөн кийин сага баарын түшүндүрүп берем, макулбу?

Ал бүткөндөн кийин кыздын чачына гүлдөрдөн такты да, аны көпүрө менен жетелеп жөнөдү. Мүмкүн, кыялданууну билбеген адамга жөн гана кургап калган өзөндүн үстүнө туурасынан коюлган бир нече тактай болуп көрүнүшү толук ыктымал. А Жесс үчүн бул Терабитияга кеткен укмуштуу сыйкыр көпүрө болчу.

– Чишш, – деди ал, – карачы…

– Эмнени?

– Сен көрбөй жатасыңбы? – деп шыбырады ал. «Терабитиялыктардын» баары сени көргүлөрү келип, буттарынын учуна туруп алышыптыр.

– Мениби?..

– Чишш, ооба! Алар өздөрүнчө: «Тиги келаткан кичинекей кыз биз күтүп жаткан ханышабыз болуп жүрбөсүн?» – деп сүйлөшүп жатышат.

Аягы

# МАЗМУНУ

*Биринчи бөлүм.*
Жесси Оливер Кенже Эронс . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3

*Экинчи бөлүм.*
Лесли Берк . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 9

*Үчүнчү бөлүм.*
Бешинчи класстын эң күлүк окуучусу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 16

*Төртүнчү бөлүм.*
«Терабитиянын башкаруучулары» . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 26

*Бешинчи бөлүм.*
Дөөлөр кол салганда . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 42

*Алтынчы бөлүм.*
Ханзаада Терриендин келиши . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 49

*Жетинчи бөлүм.*
Алтын түстүү бөлмө . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 55

*Сегизинчи бөлүм.*
Пасха . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 67

*Тогузунчу бөлүм.*
Белгисиз кара күчтөр . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 73

*Онунчу бөлүм.*
Ажайып күн . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 79

*Он биринчи бөлүм.*
Ишенбейм! . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 85

*Он экинчи бөлүм.*
Кайгыга чөгүү . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 90

*Он үчүнчү бөлүм.*
Көпүрө куруу . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 96

*Көркөм-адабий басылма*

**Катерин Патерсон**

# ТЕРАБИТИЯГА КЕТКЕН КӨПҮРӨ

*(Повесть)*

**Долбоор Чүй облусунун китепканасы тарабынан аткарылды.**

Которгон ***Асылгүл Токторбаева***

Сүрөттөрүн тарткан ***Злата Көксал***

Бишкек, «Турар» басмасы

*Кыргыз тилинде*

Редактору *Сулайман Рысбаев*

Басманын редактору *Жакин Теңирбергенова*

Компьютерде калыпка салган

жана мукабаны көркөмдөгөн *Рахим Төлөбеков*

Басууга 07.12.2016-ж. кол коюлду.

Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60х84 $^{1}/_{8}$.

Көлөмү 13,5 б.т. Заказ № 1552. Нускасы 4000.

---

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.

720031, Бишкек ш., Горький к., 1.







АКШ элчилигинин Китеп которуу программасынын
колдоосу менен чыгарылган